**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

# НЕГИЗГИ ЖАНА ОРТО ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫН ЖАНА ПРОГРАММАЛАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО БОЮНЧА КОЛДОНМО



**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

# НЕГИЗГИ ЖАНА ОРТО ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫН ЖАНА ПРОГРАММАЛАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО БОЮНЧА КОЛДОНМО

**Бишкек - 2019**

УДК 37.0
ББК 74.04(2)
Н41

**Авторлор:** Джусупбекова Н.С., Сарбагышева Г.Э., Акулова Б.Т., Хамзина С.А., Таштобаева Б.Э., Дуйшебаева Г.Р., Шамшидинова Б.С., Григуле Л.

Н41 Негизги жана орто жалпы билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо боюнча колдонмо/ Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги: Авторлор: Джусупбекова Н.С., Сарбагышева Г.Э., Акулова Б.Т., Хамзина С.А., Таштобаева Б.Э., Дуйшебаева Г.Р., Шамшидинова Б.С., Григуле Л. – Бишкек: Басмакана, 2019. – 150 б.
ISBN 978-9967-9180-3-0

Бул колдонмо билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу орган тарабынан негизги жана орто жалпы билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоодон өткөрүүнүн этаптарын жана жол-жобосун камтыйт. Колдонмо аккредитациялоо процессинин катышуучулары: билим берүү уюмдарынын жетекчилери, эксперттер, ыйгарым укуктуу органдын кызматкерлерине жана башка кызыкдар тараптар  үчүн арналды.

**Которгон:** М.Абдыжапар уулу

Колдонмо Азия өнүктүрүү банкынын «Секторду өнүктүрүү программасы: Билим берүү системасын чыңдоо» долбоорунун каржылык колдоосу менен басылып чыкты.

Колдонмону даярдоодо К.Аденауэр атындагы Фонд жана “БИОМ” Экологиялык кыймылы тарабынан КР БИМ менен өнөктөштүктө, Европа Бирлигинин финансылык колдоосу менен ишке ашырылуучу "Кыргыз Республикасындагы мектептик билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун каржылоо механизмдерин өнүктүрүү” долбоорунун материалдары жана экспертизасы колдонулду.

Н 4304000000-19 УДК 37.0
ISBN 978-9967-9180-3-0 ББК 74.04(2)

## МАЗМУНУ

**Глоссарий ........................................................................................ 5**

**Киришүү ........................................................................................ 8**

**Аккредитация өткөрүүнүн этаптары ........................................ 10**

**I Глава. Аккредитацияланууучу билим берүү уюмунун өзүн-өзү баалоосун өткөрүү ........................................................................................ 11**

**Өзүн-өзү баалоону жүргүзүү боюнча комиссиянын иштөө тартиби жөнүндө типтүү жобо ........................................................................................ 11**

1.1. Жалпы жоболор ........................................................................................ 11

1.2. Өзүн-өзү баалоо боюнча комиссиянын ишин пландоо жана даярдоо .......... 11

1.3. Өзүн-өзү баалоонун мазмуну ........................................................................ 12

1.4. Жыйынтыктарды жалпылоо жана отчет түзүү ........................................ 17

1.5. Отчетко жалпы талаптар ........................................................................ 17

**II Глава. Ыйгарым укуктуу органга аккредитациялоодон өтүү үчүн берилүүчү документтер ........................................................................................ 19**

**III Глава. Ыйгарым укуктуу орган тарабынан тышкы баалоону жүргүзүү ........................................................................................ 20**

3.1. Документтерди каттоо жана текшерүү ........................................ 20

3.2. Тышкы баалоону жүргүзүү боюнча комиссия түзүү ........................ 20

3.3. Тышкы баалоону жүргүзүү ........................................................................ 21

3.4. Тышкы баалоонун жыйынтыктары боюнча корутунду даярдоо ................ 21

3.5. Ыйгарым укуктуу орган тарабынан чечим кабыл алуу ........................ 23

**IV Глава. Аккредитациялоодон кийинки иш-чаралар ........................ 25**

4.1. Билим берүү уюму тарабынан кемчиликтерди жоюу боюнча план иштеп чыгуу ........................................................................................ 25

4.2. Аккредитациялоонун жыйынтыктарын талдоо жана билим берүү органдары тарабынан билим берүү уюмун колдоо боюнча пландарды иштеп чыгуу 25

4.3. Ыйгарым укуктуу орган тарабынан аккредитациялоонун жыйынтыктарын комплекстүү талдоо методологиясы ........................................ 25

**V Глава. Аккредитациянын жарактуулугун токтото туруу, калыбына келтирүү жана токтотуу ........................................................................ 28**

**VI Глава. Аккредитация жол-жобосун каржылоо механизмдери .................. 29**

**1-тиркеме:** Өзүн-өзү баалоо боюнча отчёттун типтүү формасы ........................ 30

**2-тиркеме:** Аккредитациялоодон өтүү тууралуу арыз ........................................ 52

**3-тиркеме:** Билим берүү уюмдарынын портфолиосу .......................................... 53

**4-тиркеме:** Аккредитация боюнча эксперттик комиссиянын курамы, иштөө тартиби жана мөөнөтү, эксперттерге коюлуучу квалификациялык талаптар, ошондой эле эксперттерди сертификациялоо жана аларды тышкы баалоого тартуунун тартиби ........................................................................................ 71

**5-тиркеме:** Негизги жана/же орто жалпы билим берүү уюмдарынын жана билим берүү программаларынын окуучуларынын билим деңгээлин стандарт-талган тесттер формасында баалоонун эрежелери жөнүндөгү жобо .................. 82

**6-тиркеме:** Тышкы баалоонун жыйынтыгы боюнча корутунду.......................... 88

**7-тиркеме:** Тышкы баалоонун критерийлери .................................................... 105

**8-тиркеме:** Аккредитациядан өткөндүгүн тастыктоочу сертификат ................ 128

**9-тиркеме:** Билим берүү уюмун аккредитациялоодон өткөрүү жөнүндө сер-тификатты кайра тариздөө жөнүндө арыз ........................................................... 130

**10-тиркеме:** Аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын дубликатын берүү жөнүндө арыз ........................................................................................................ 131

**11-тиркеме:** Билим берүү уюмунун ишмердигинин ар кандай аспектилери боюнча маалыматтарды чогултуунун куралдары (сунушталгандар) ................ 132

**12-тиркеме:** Аккредитацияланган билим берүү уюмдарынын жана негизги жана орто жалпы билим берүү программалар боюнча аккредитацияланган билим берүү уюмдарынын реестри.................................................................... 150

## ГЛОССАРИЙ

**Аккредитация** – Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган талаптардан жана критерийлерден төмөн эмес белгиленген талаптарга жана критерийлерге билим берүү уюмунун же билим берүү программаларынын ылайыктуулугун таануу максатында билим берүү уюмунун сапатынын деңгээлин бүтүндөй же анын айрым бир билим берүү программаларын баалоонун жол-жобосу.

**Баа** – окуучуларды баалоонун жыйынтыктарын сандык жана сапаттык чагылдыруу.

**Баа берүү** – окуучулардын этикалык жана интеллектуалдык өнүгүүсүнө жана алар тарабынан турмуштук зарыл болгон компетенцияларга ээ болуусуна, ошондой эле бул иштин билим берүүнүн сапатын жакшыртуу максатында билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарынын талаптарына ылайык келүүсүн аныктоо үчүн окуучулар, мугалимдер, ата-энелер менен кайтарым байланышты жүзөгө ашырууга багытталган ишин өлчөө, интерпретациялоо жана талдоо процесси.

**Баа берүү системасы** – жетишкендиктерди өлчөөнүн жана окутуу маселелерин диагноздоонун, кайтарым байланышты түзүүнүн, окуучуларга, мугалимдерге, ата-энелерге, мамлекеттик жана коомдук түзүмдөргө илим берүүнүн абалы, маселелери жана жетишкендиктери жөнүндө маалымат берүүнүн негизги каражаты.

**Базалык жалпы билим берүү предметтери** – мектептик билим берүүнүн бардык баскычтарында жана профилдеринде бардык окуучулар үчүн милдеттүү болуп саналган предметтер.

**Базистик окуу планы** – милдеттүү предметтердин тизмесин, аларды окутуунун ырааттуулугун, окуу жүктөмүнүн көлөмүн жана формасын белгилеген документ.

**Билим берүүнүн максаттары** – билим берүү уюму өзүндө окугандардын (бүтүрүүчүлөрдүн) билим алуудагы, кесиптик ишиндеги жана социалдык-экономикалык турмуштагы потенциалдарын ийгиликтүү ишке ашырышы үчүн керектүү компетенцияны калыптандырууга тийиш болгон максаттар.

**Билим берүү процессине катышуучулар** – окуучулар (тарбиялануучулар), педагогикалык кызматкерлер, билим берүү уюмдарынын окутуучу-көмөкчү жана башкаруучу кызматкерлери, окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү).

**Билим берүүнүн сапаты** – билим берүүнүн натыйжалары менен билим берүүнүн ар кандай субъекттеринин (окуучулардын, педагогдордун, ата-энелердин, иш берүүчүлөрдүн, бүтүндөй эле коомдун) күткөндөрүнө же алар алдыга койгон максаттары менен милдеттерине ылайык келүү даражасы.

**Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты** – билим берүү уюмунун педагогикалык кеңеши тарабынан бекитилген документтердин жана аларды ишке ашыруу билим берүүнүн сапатын жогорулатууга жеткире турган пландалуучу мезгилдүү жол-жоболордун (иш-аракеттердин) жыйындысы.

**Билим берүүнүн сапатынын менеджментинин документтештирилген системасы** - билим берүү уюмундагы билим берүүнүн сапатын камсыздоо

саясатын ишке ашырууга тиешелүү пландарды, процесстерди, иш-аракеттерди жана натыйжаларды документтештирүүгө мүмкүндүк берүүчү система.

**Билим берүү уюмунун миссиясы** – кызыкдар тараптардын муктаждыктарынан жана уюмдун өз потенциалын объективдүү баалоосунан келип чыккан стратегиялык негизги максаттардын жыйындысы.

**Орто жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандарты** – мектеп билим берүүсүнүн бардык баскычтарында бардык билим берүү тармактарында белгиленген максаттарды ишке ашырууну камсыздаган ченемдик укуктук документ.

**Институционалдык аккредитация** – Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган талаптардан жана критерийлерден төмөн эмес белгиленген талаптарга жана критерийлерге анын ылайыктуулугун таануу максатында билим берүү уюмунун сапатынын деңгээлин баалоонун жол-жобосу.

**Кайтарым байланыш** – көрсөтүлүп жаткан билим берүү кызматтары жана муктаждыктар канчалык деңгээлде жакшы канааттандырып жатканы жөнүндө кызыкдар тараптардын оозеки жана жазуу жүзүндөгү баалары жана комментарийлери.

**Келечекти көрө алуу** – уюм узак мөөнөттүү перспективада жетише турган келечектеги каалаган оптималдуу абал.

**Компетенттүүлүк** – адамдын белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык жана кесиптик) билиминин жана жөндөмдөрүнүн ар кандай элементтерин өз алдынча колдонуудагы интеграцияланган жөндөмдүүлүгү.

**Компетенция** – окуучуну (үйрөнүүчүнү) билим алууга даярдоого карата мурдатан коюлган, анын белгилүү бир чөйрөдөгү натыйжалуу, үзүрлүү иши үчүн зарыл болгон социалдык талап (ченем).

**Коопсуз билим берүү чөйрөсү** – окуучуларга зыяндуу же кооптуу факторлордун таасири жок же алардын таасири белгиленген ченемдерден ашпаган окуу шартын камсыздаган чөйрө.

**Кызыкдар тараптар** – билим берүүнүн жогору сапатына кызыкдар: мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, окуучулар, алардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү), билим берүү уюму, социалдык өнөктөр, коммерциялык эмес уюмдар.

**Маалыматтык коопсуздук** – окуучулардын ден соолугуна жана (же) физикалык, психикалык, адеп-ахлактык өнүгүүсүнө зыян келтирүүгө байланышкан коркунучтан корголгон, ошондой эле инсандын жана коомдун мыйзамдуу укуктарынын маалыматтык ресурстарын жана корголушунун сакталган абалы.

**Мамлекеттик компонент** – менчигинин түрүнө карабастан бардык типтеги мектептер үчүн милдеттүү болгон жана мамлекеттик стандарттардын талаптарын жүзөгө ашырган мектептик билим берүүнүн окуу планынын бөлүгү.

**Мектептик билим берүү** – тарбиялоо жана билим берүү системасы, ал коомдогу активдүү иши үчүн жетиштүү болгон, анын баскычтарына тиешелүү билимди, ыктарды, тажрыйбалык көндүмдөрдү камсыз кылат.

**Мониторинг** – потенциалдуу көйгөйлөрдү аныктоо үчүн кызыкдар тараптар менен башкарууну жана туруктуу кайтарым байланышты камсыздоо үчүн

конкреттүү көрсөткүчтөр жана аларды талдоо боюнча маалыматтарды системалуу түрдө топтоонун үзгүлтүксүз процесси.

**Муктаждыктардын анализи** – максаттуу топко керектүүлөрдү аныктоо жана баалоо процесси (окуучулар, ата-энелер, жергиликтүү жамаат ж.б.).

**Натыйжалар (билим берүүчү)** – негизги жана предметтик компетенттүүлүккө ээ болуу деңгээлинде билдирилген билим берүү процессинин белгилүү этабында окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктеринин топтому.

**Окутуу технологиясы** – билим берүүнүн максаттарына жана натыйжаларына жетишүүгө жана өлчөөгө багытталган окуу процессин уюштуруунун ыкмаларынын жана методдорунун системасы.

**Окутуунун максаты** – күн мурунтан берилген жана сыпатталган шарттар, окуучунун келечектеги ишинин ыкмалары; билим алуунун натыйжасында ээ болгон иштин мүмкүн болгон түрлөрүнө карата анын жөндөмү.

**Программалык аккредитация** – тиешелүү мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынан төмөн эмес белгиленген талаптарга жана критерийлерге алардын ылайыктуулугун таануу максатында билим берүү программаларынын сапатынын деңгээлин баалоонун жол-жобосу.

**Ресурстар** – системада же процессте каалаган натыйжага жетүү үчүн ошол системада же процессте көмөк көрсөтүүчү ресурстар (мисалы, адамдык, материалдык-техникалык, окуу-методикалык, маалыматтык).

**Саламаттыкты сактоочу чөйрө** – бул окутуу процессинде окуучулардын ден соолугун сактоого жана чыңдоого багытталган мектеп ичиндеги жана тышындагы комплексти эске алган профилактикалык иш-чаралардын жана ден соолукту чыңдоочу технологиялардын системасы.

**Сапатты башкаруу** – сапат жаатындагы саясат жана мониторинг менен сапатты жакшыртуунун пландуу системасы ишке ашырыла турган сапатты башкаруу боюнча жол-жоболордун жана иш-чаралардын топтому.

**Сапатты камсыздоо** – берилген стандарттарга ылайык көрсөтүлүүчү кызматтарды баалоо жана жакшыртуу үчүн арналган пландалган жана системалуу процесстер.

**Стратегиялык максат** – уюмдун стратегиялык маселелерди чечүү үчүн пландалган иш-чаралары аркылуу узак мөөнөттүү перспективада жетүүгө умтулган натыйжасы.

**Сунуштама** – окутуу жана окуу сапатын же натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган натыйжаларга жана корутундуларга негизделген сунуштар.

# КИРИШҮҮ

Бул Колдонмо негизги жана орто жалпы билим берүү уюмдарын жана программаларын ыйгарым укуктуу орган тарабынан аккредитациялоодон өткөрүү тартибин камтыйт.

Колдонмо Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 16-июнундагы №381 «Негизги жана/же орто жалпы, башталгыч жана орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдарын аккредитациялоонун тартибин жана Негизги жана/же орто жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруучу, аккредитацияланууучу билим берүү уюмдарына коюлуучу минималдуу талаптарды бекитүү жөнүндө" токтомуна ылайык иштелип чыкты.

Аккредитациялоонун негизги максаттары болуп төмөнкүлөр эсептелет:

– билим берүүнүн сапатын камсыздоо;
– билим берүү уюмдарын жана билим берүү программаларын бекитилген критерийлерге жана жол-жоболорго шайкеш келүүсүн көз карандысыз баалоо (Кыргыз Республикасынын жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандартынын, предметтик билим берүү стандарттарынын талаптарынан төмөн эмес);
– билим берүү уюмдарынын ишинин жана билим берүү программаларынын сапатына көз карандысыз баа берүүнүн жыйынтыктары, ошондой эле билим берүү уюмдарында сапаттуу билим алуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө коомчулукка маалымдоо;
– Кыргыз Республикасынын билим берүү жана квалификациялар жөнүндө документтерин дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинде таанытууга көмөктөшүү;
– өзүн-өзү үзгүлтүксүз баалоо жана өркүндөө жолу менен билим берүү уюмдарын өнүктүрүүгө өбөлгө түзүү жана билим берүү программаларын өркүндөтүү;
– билим берүү уюмунун статусун ырастоо.

Кыргыз Республикасында аккредитациялоону өткөрүү үчүн ченемдик база болуп мектепке чейинки жана кошумча билим берүүдөн тышкаркы, лицензиялоодон жана андан кийин аккредитациялоодон өткөн билим берүү уюмдары жалпы негизги билим берүү жана (же) кесиптик негизги билим берүү программаларын толук өздөштүргөн жана мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан өткөн бүтүрүүчүлөргө (ар бир билим берүү уюмуна бирден ашпаган) билими (жана) же квалификациясы жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү тийиштүү документ берилерин белгилеген Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы эсептелет (25-берене).

Көрсөтүлүүчү билим берүү кызматтарынын сапатын тастыктоо максатында билим берүү уюму/билим берүү программасында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген тартипте билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынан аккредитациялоодон өтө алат. Менчигинин формасына жана ведомстволук таандыктуулугуна карабастан, билим берүү уюмдарын

аккредитациялоо 5 жылдык мөөнөткө алардын жазуу жүзүндөгү арыздарынын негизинде жүзөгө ашырылат. Аккредитациялоодон өткөн билим берүү уюмдары мамлекеттик үлгүдөгү документтерди же билим берүү уюмдарынын өздөрүнүн чечими менен жеке үлгүдөгү документтерин бүтүрүүчүлөргө бере алат (40-берене).

Аккредитациянын жол-жоболорун өткөрүүнүн тартиби, аккредитациялануучу уюмга карата коюлуучу эң төмөнкү талаптар, ошондой эле аккредитациялоо же аккредитациялоодон баш тартуу үчүн негиздер Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет (40-берене).

Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамынын талаптарын аткаруу үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан төмөнкү документтер бекитилген:

– Негизги жана/же орто жалпы, башталгыч жана орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдарын аккредитациялоонун тартиби (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-ж. 16-июнундагы №381 токтому);
– Негизги жана/же орто жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруучу, аккредитациялануучу билим берүү уюмдарына коюлуучу минималдуу талаптар (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-ж. 16-июнундагы №381 токтому);
– Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандарты (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-ж. 21-июлундагы № 403 токтому).

Билим берүү уюму/билим берүү программасын, негизги жана орто жалпы билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо үч этапта өткөрүлөт:

– Аккредитациялануучу билим берүү уюму/билим берүү программасынын өзүн-өзү баалоосун өткөрүү;
– Аккредитациялануучу билим берүү уюмун/билим берүү программасын ыйгарым укуктуу органы тарабынан тышкы баалоону жүргүзүү;
– Аккредитациялоо жөнүндө же аккредитациялоодон баш тартуу жөнүндө ыйгарым укуктуу орган тарабынан чечим кабыл алуу.

Бул колдонмо аккредитациялоодон өткөрүү үчүн керектүү ченемдик жана методикалык документтерди камтыйт.

Колдонмо аккредитациялоо процесси үчүн арналган (негизги жана жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилери, эксперттер, ыйгарым укуктуу орган кызматкерлери жана башка кызыкдар тараптар).

Колдонмо Азия өнүктүрүү банкынын «Секторду өнүктүрүү программасы: Билим берүү системасын чыңдоо» долбоорунун каржылык колдоосу менен иштелип чыкты. Колдонмодо БИОМ/KAS ишке ашыруучу Европа Бирлигинин «Кыргыз Республикасында мектеп билим берүүсүнүн коопсуздугун каржылоо механизмдерин өнүктүрүү» долбоорунун алкагында иштелип чыккан коопсуздук чөйрөсү боюнча материалдар пайдаланылды.

Жалпысынан, Колдонмонун авторлору аккредитациялоодон өткөрүүнүн эл аралык жана улуттук тажрыйбаларына таянышты.

## АККРЕДИТАЦИЯ ӨТКӨРҮҮНҮН ЭТАПТАРЫ

Аккредитациялоо жол-жобосу төмөнкү этаптардан турат:

– аккредитацияланууучу билим берүү уюмунун өзүн-өзү баалоосу;
– аккредитацияланууучу билим берүү уюмун жана программаларын ыйгарым укуктуу орган тарабынан тышкы баалоо;
– ыйгарым укуктуу органдын аккредитациялоо жана аккредитациялоодон баш тартуу жөнүндө чечимди чыгаруусу.

Аккредитациялоону өткөрүүнүн толук жол-жобосу жана ага талап Колдонмонун кийинки главаларында келтирилди.

Аккредитациялоо схемасы 1-сүрөттө келтирилген.

**1-Сүрөт**

**Аккредитация өткөрүүнүн схемасы**



## I ГЛАВА.
## АККРЕДИТАЦИЯЛАНУУЧУ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМУНУН ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛООСУН ӨТКӨРҮҮ

Негизги жана/же орто жалпы билим берүү уюмун жана билим берүү программасын аккредитациялоо максатында өзүн-өзү баалоо өткөрүлөт жана ал төмөнкү этаптардан турат:

– өзүн-өзү баалоо боюнча комиссия түзүү;
– өзүн-өзү баалоону жүргүзүү;
– керектүү документтерди тиркөө менен өзүн-өзү баалоо боюнча отчётту даярдоо;
– ыйгарым укуктуу органда аккредитациялоодон өтүү жөнүндө педагогикалык кеңеш тарабынан чечим кабыл алуу.

## ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛООНУ ЖҮРГҮЗҮҮ БОЮНЧА КОМИССИЯНЫН ИШТӨӨ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ТИПТҮҮ ЖОБО

### 1.1. Жалпы жоболор

Бул Типтүү жобо комиссия тарабынан аккредитацияланууч билим берүү уюмун өзүн-өзү баалоо эрежелерин жана тартибин белгилейт.

Өзүн-өзү баалоонун максаты болуп төмөнкүлөр эсептелет:

– Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген аккредитацияланууч билим берүү уюмдарына карата коюлган минималдуу талаптарга (мындан ары – минималдуу талаптар) билим берүү уюмунун/билим берүү программасынын шайкеш келүүсүн баалоо;
– Аныкталган кемчиликтерди четтетүү боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу жана билим берүү уюмунун ишин жакшыртуу боюнча иш-чараларды ишке ашыруу.

Билим берүү уюму жетекчинин сунушу боюнча программалык жана/же институционалдык аккредитациялоодон өткөрүү жөнүндө чечимди кабыл алат.

### 1.2. Өзүн-өзү баалоо боюнча комиссиянын ишин пландоо жана даярдоо

1.2.1. Өзүн-өзү баалоо билим берүү уюмунун педагогикалык кеңешинин чечиминин негизиндеги билим берүү уюмунун жетекчисинин буйругу менен түзүлгөн комиссия (мындан ары – Комиссия) тарабынан аткарылат.

1.2.2. Педагогикалык кеңештин чечими менен Комиссиянын курамына төмөнкүлөр кирет:

– билим берүү уюмунун жетекчиси – комиссиянын төрагасы/төрайымы;
– билим берүү уюмунун жетекчисинин орун басарлары;
– билим берүү уюмунун түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилери;
– билим берүү уюмунун методикалык бирикмелеринин жетекчилери;
– камкордук кеңештин окуучулардын, бүтүрүүчүлөрдүн, ата-энелердин жана башка кызыкдар тараптардын өкүлдөрү.

Комиссиянын сапаттык курамы аккредитациянын түрүнө жараша болот:
- институционалдык аккредитацияда курамга билим берүү уюмунун башкаруу тажрыйбасы бар адамдарды кошуу сунушталат;
- программалык аккредитацияда курамда аккредитацияланууучу билим берүү программасы боюнча жооптуу адамдар болушу керек.

1.2.3. Өзүн-өзү баалоо жөнүндө буйрукта төмөнкүлөр көрсөтүлөт:
- ар бир мүчөнүн фамилиясы, аты, атасынын аты жана ээлеген кызмат орду (Комиссиянын төрагасын/төрайымын аныктоо менен);
- өзүн-өзү баалоону жүргүзүүнү баштоо жана аяктоо датасы (өзүн-өзү баалоону жүргүзүү 3 айдан кем болбошу керек);
- педагогикалык кеңештин кароосуна өзүн-өзү баалоо боюнча отчётту берүү датасы.

1.2.4. Өзүн-өзү баалоого даярдоодо Комиссиянын төрагасы/төрайымы анын мүчөлөрү менен уюштуруучулук даярдоо кеңешмесин өткөрөт, анда:
- өзүн-өзү баалоону жүргүзүү планы, иштин белгилүү багыты боюнча комиссия мүчөлөрүнүн ролу жана жоопкерчилиги каралат жана бекитилет;
- мамлекеттик билим берүү стандартынын (мындан ары – Мамлекеттик стандарт) жана минималдуу талаптардын негизинде окутууга жана баалоого тиешелүү суроолор жана документтер такталат;
- өзүн-өзү баалоонун натыйжаларын жалпылаштыруу жана отчётту даярдоо үчүн жооптуу адам даярдалат;
- өзүн-өзү баалоонун натыйжаларын алдын ала жана акыркы кароо мөөнөттөрү аныкталат.

**1.3. Өзүн-өзү баалоонун мазмуну**

Өзүн-өзү баалоо – билим берүү уюмунун ишин минималдуу талаптарга жана Мамлекеттик стандартка шайкеш келүүсүн объективдүү, ар тараптуу караган комплекстүү баалоо. Талдоодо жана баалоодо билим берүү уюмунун ишинин акыркы 5 жылдагы ишинин натыйжасы каралат. Комплекстүү баалоо жыл сайын өткөрүлүүчү билим берүү уюмунун өзүн-өзү баалоосунун натыйжаларына негизделиши керек.

Билим берүү уюмунун ишинин натыйжаларынын сапаты жөнүндө ырастоо негиздүү болуп, документтер менен тастыкталышы зарыл.

Ар бир минималдуу талаптар боюнча өзүн-өзү баалоону жүргүзүүдө төмөнкүлөрдү талдоо керек:
- билим берүү уюмунун ишин жана ресурстарын жөнгө салган, процесстерди, натыйжаларды чагылдырган документтердин болушу;
- ишке ашыруу жана аларды практикага жайылтуу жол-жоболору (иштелип чыккан жана бекитилген);
- ошол учурга ишмердиктин натыйжалары;
- билим берүү уюмунун ишинин бул аспектисин жакшыртуу жана билим берүү программасын өнүктүрүү боюнча пландар.

Билим берүү уюмунун ишин минималдуу талаптарга шайкеш келүүсүнө карата өзүн-өзү баалоодо пайдаланылуучу документтердин жана маалыматтардын сунушталган тизмеси төмөндө келтирилген. Бул тизме толук болуп эсептелбейт, анткени билим берүү уюму өзүнүн ишмердигин талдоо үчүн маалыматтардын башка булактарында пайдалана алат. Билим берүү уюмунун өзүн-өзү баалоодо пайдаланылуучу документтердин бөлүгү далилдөөчү негиз катары өзүн-өзү баалоо боюнча отчетко тиркелиши керек (1-тиркемени караңыз).

*1. Билим берүү уюмундагы билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатынын жана башкаруунун натыйжалуулугу:*

– Устав;
– бекитилген локалдык актылар (мониторинг жөнүндө жобо, баалоо, анализ жана ишмердикти жакшыртуу, ички тартип эрежелери, этикалык кодекс, ички контролдоо жөнүндө жобо, камкордук кеңеш жөнүндө жобо, ата-энелер комитети жөнүндө жобо, социалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө жобо, билим берүү программасынын катышуучуларынын укук бузуусуна чара көрүү боюнча документ, билим берүү (автордук, модификацияланган жана башка) программаларды иштеп чыгуу жана бекитүү тартиби, окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин ачык-айкын жана объективдүү камсыздаган эрежелер жана жол-жоболор, баалоонун натыйжаларына апелляция жол-жоболору ж.б.);
– билим берүү уюмунун стратегиялык планы (билим берүү уюмун 5 жылга өнүктүрүү программасы);
– билим берүү уюмунун күндөлүк (ыкчам) планы;
– билим берүү уюмунун уюштуруучулук структурасы (башкаруу схемасы);
– билим берүүнүн сапатын камсыздоо системасы жөнүндө колдонмо жана сапатты камсыздаган системаны жайылтуу үчүн жооптуу адамдардын тизмеси;
– жыйындардын протоколдору (педагогикалык кеңеш, ата-энелердин чогулуштары, камкордук кеңеши, методикалык кеңеш, бирикмелер, циклдик комиссиялар, окуучулардын өз алдынча башкаруу органдары, тегерек столдор, жолугушуулар ж.б.);
– сурамжылоо жүргүзүүнүн регламенти (интервью, анкеттөө, иликтөө ж.б.)
– отчёттор (билим берүү уюмунун ишинин багыты боюнча), анын ичинде өткөн жыл(дар) үчүн билим берүү уюмунун өзүн-баалоосу.

*2. Билим берүү уюмунун билим берүү программаларын иштеп чыгуу, бекитүү, мониторинг жүргүзүү жана мезгили менен баалоо:*

– локалдык актылар (билим берүү уюмунун билим берүү процессин окуу-методикалык камсыздоону уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө жобо/нускама; билим берүү программаларын ишке ашырууну мониторингдөө жана мезгилдүү баалоо; окутуунун натыйжаларын баалоонун эрежелери (жол-жоболору) жөнүндө; методикалык кеңеш жөнүндө, мугалимдердин методикалык бирикмелери жөнүндө, мугалимдерди үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүүнү

мониторингдөө жөнүндө; кызматкерлердин ишмердигин баалоо критерийлери жөнүндө, мугалимдерди жана администраторлорду кесиптик өнүктүрүүгө муктаждыктарды баалоо жөнүндө; ошондой эле ишмердигин башка аспектилери боюнча);
- белгиленген талаптарга ылайык билим берүү уюмунун окуу планы, окуучуга мүмкүн болгон чектүү окуу жүктөмүнүн аткарылышын талдоо;
- билим берүү уюмунун пландалган жана талдоо, корутунду, сунуштама жана чечимдер менен өткөрүлгөн мониторингдердин отчёттору жана натыйжалары;
- методикалык кеңештердин, бирикмелердин жыйындарынын протоколдору;
- билим берүү уюмунун локалдык актыларын иштеп чыгуу, мониторингдерди, талдоолорду жана отчёттордуиштеп чыгуу үчүн жооптуу адамдарынын тизмеси;
- кызыкдар тараптарды сурамжылоонун натыйжалары (анкета, интервью, отчеттор ж.б. боюнча өткөрүлгөн талдоо).

*3. Компетенттүү окутуу жана окуучулардын жетишкендиктерин баалоо:*
- локалдык актылар (окуучуларды кабыл алуу жана чыгаруу эрежелери жөнүндө жобо/нускама; окутуунун натыйжаларын баалоонун эрежелери (жол-жоболору) жөнүндө; сабактагы жана сабактан тышкары процесстерди байкоолорду жана талдоолорду өткөрүүнүн эрежелери жөнүндө; тарбиялоо иштерин уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө);
- бул жол-жобо боюнча иш-чаралардын тизмеси (даярдоочу курстарын, секцияларды, ийримдерди ж.б. уюштуруу);
- билим берүү процессин, окуучулардын жетишкендиктерин жана билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрүн мониторингдөө, талдоо, баалоо натыйжалары боюнча отчёт;
- окуучуларды жана ата-энелерди сурамжылоонун натыйжалары боюнча отчёт (анкеталар, интервью ж.б.);
- окуучулардын ийгиликтүүлүк деңгээлинин, окуудан чыгаруулар жана билим берүүнүн кийинки деңгээлинде окуусун уланткан бүтүрүүчүлөрдүн көрсөткүчтөрүн талдоо менен мониторингдик отчёттор;
- сабактагы жана сабактан тышкары процесстердин жүрүшү үчүн байкоолордун натыйжалары боюнча, календардык-тематикалык, ар бир сабактын планы (мисалдар);
- тарбиялоо иштеринин натыйжаларын мониторингдөө, талдоо жана баалоо жөнүндө отчёт.

*4. Окуучуларды кабыл алуу, билимин берүүнүн натыйжаларын таануу жана окуучуларды бүтүрүү:*
- локалдык актылар (окуучуларды кабыл алуу жана чыгаруу эрежелери жөнүндө жобо/нускама; окуучуларды алган билимин таануу жана чыгаруу тартиби жөнүндө);

– жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация жана которулуу экзамендери, ошондой эле номенклатуралык документтер (окуучуларды экзаменге, которууга, мамлекеттик үлгүдөгү документтерди берүүгө уруксат берүү жөнүндө педагогикалык кеңештердин протоколдору, экзамендердин жыйынтыктары тууралуу мектеп комиссиясынын протоколдору, киргизүү жана чыгаруу (бүтүрүү) жөнүндө буйруктар ж.б.) жөнүндө ыйгарым укуктуу органдын ченемдик укуктук актылары;
– алфавиттик китеп, билими жөнүндө документтерди берүү китеби (негизги жалпы жана билим жөнүндө күбөлүк жана орто жалпы билим жөнүндө аттестат);
– бүтүрүүчүлөрдү кесиптик багыт берүү боюнча жүргүзүлгөн иштер жөнүндө отчёт, ЖОЖдордо жана кесиптик орто окуу жайларында окуусун уланткан негизги жана/же орто билим берүүчү билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрүнүн саны боюнча статистика;
– жалпы республикалык тестирлөөгө катышуунун, олимпиадаларга, долбоордук конкурстарга катышуунун жыйынтыгы боюнча отчёт.

*5. Кадрдык саясат, педагогикалык жана окутуучу-көмөкчү курам:*
– локалдык актылар (КР ченемдик укуктук актыларынын негизинде бекитилген педагогикалык жана окуу-көмөкчү курамын тандоо, кабыл алуу, адаптация, окутуу, алдыга жылдыруу, шыктандыруу жана бошотуу тартибин уюштуруу жөнүндө, этика комиссиясы жөнүндө; мугалимдерди 5 жылга жекече кесиптик өнүктүрүү жөнүндө жобо/нускама, администрациянын, мугалимдердин жана кызматкерлердин кызматтык (функционалдык) милдеттенмелери жөнүндө нускама);
– билим берүү уюмунун педагогдор топтогон сандык-сапаттык курамы жана окутуучу-көмөкчү курам боюнча отчёт;
– администрациянын, мугалимдердин жана кызматкерлердин кызматтык (функционалдык) милдеттенмелери боюнча талдоо;
– билим берүү уюмунун мугалимдерин үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүү жөнүндө план жана отчёт (билим берүү уюмунун өзүнчө же жалпы пландын бөлүгү катары);
– мугалимдердин жана администраторлордун кесиптик өнүгүүсүндөгү муктаждыктарын мониторингдөө, баалоо, кызматкерлердин ишмердигин талдоо жана баалоо боюнча отчёт;
– 5 жылга мугалимдердин кесиптик өнүгүүсүнүн жекече пландарын аткаруу натыйжалары жөнүндө отчёт (анын ичинде маалымат-коммуникациялык технологияларды пайдалануу боюнча), кесиптик өнүгүү планын ишке ашыруу, мугалимдердин портфолиосу боюнча отчёттор.

*6. Материалдык-техникалык база жана маалымат ресурстары:*
– инвентаризациялоо жөнүндө документтер (китепкана фонду, компьютердик класстар, тармактык ресурстар, окуу жабдуулар жана техника, башка ресурстар);

– техникалык паспорт;
– окуу жылына даярдык жөнүндө актылар;
– билим берүү программаларын ишке ашыруу үчүн өрт коопсуздугу, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасы боюнча нускамалар (белгиленген тартиптеги ченемдик укуктук актылардын талаптарына ылайык);
– билим берүү программаларын ишке ашыруу үчүн санитардык-гигиеналык нормалар жана эрежелеринин, өрт коопсуздугу, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын талаптарына шайкештиги жөнүндө СЭСтин корутундуларынын актылары (белгиленген тартипте ченемдик укуктук актылардын талаптарына ылайык);
– материалдык-техникалык базаны жана билим берүү уюмунун маалыматтык ресурстарын техникалык тейлөө жөнүндө нускамалар (белгиленген тартипте ченемдик укуктук актылардын талаптарына ылайык) (билим берүү уюму өнүгүү планынын бөлүгү катары);
– материалдык-техникалык базаны мониторингдөө, талдоо, баалоо жана жакшыртуу натыйжалары боюнча, анын ичинде коопсуздук чөйрөсү, маалыматтык ресурстар жана аларды тейлөө боюнча отчёттор;
– билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун өзүн-өзү баалоонун негизинде билим берүү уюмунун коопсуздугунун паспорту;
– билим берүү уюмунун техникалык паспорту жана жатаканаларда жашоо шарты (аянты, орундардын саны, бош убакыт ж.б.);
– окуу залындагы жана китепканалардагы шарттар жөнүндө маалыматтар (аянты, электрондук китепкананын, электрондук каталогдун болушу ж.б.);
– тамактануу үчүн шарттар жөнүндө маалыматтар (ашкананын же буфеттин, санитардык абалы ж.б. болушу);
– билим берүү уюмунун кызматкерлери жөнүндө маалымкат (мугалимдердин, класс жетекчилердин, тарбиялоочу, медкызматкер ж.б.).

*7. Маалыматты башкаруу жана аны коомчулукка жеткирүү:*
– локалдык актылар (билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасынын пайдалануунун регламентин уюштуруу жөнүндө жобо/нускама (окуучулардын контингенти жөнүндө маалыматтар; окуучулардын катышуусу жана жетишүүсү, жетишкендиктери жана иргелиши жөнүндө маалыматтар; окуучулардын, алардын ата-энелеринин билим берүү программаларын ишке ашырууга жана анын натыйжаларына канааттангандыгы; материалдык жана маалыматтык ресурстардын жеткиликтүүлүгү; олимпиадаларга, долбоордук конкурстарга, спорттук мелдештерге катышуунун жыйынтыктары);
– ата-энелер, мыйзамдуу өкүлдөр менен маалыматтарды берүү жөнүндө типтүү келишим (жеке маалыматтарды топтоо жана сактоо боюнча талаптарды камсыздоо максатында);
– билим берүү уюмунун коммуникациялык стратегиясы жөнүндө отчёт/коммуникациялык стратегия же план;

– билим берүү программасын ишке ашыруу боюнча ишмердик жөнүндө тиешелүү маалыматтын коопсуздугун камсыздоо максатында билим берүү уюмунун маалыматтык портфолиосу;
– билим берүү уюмунун ишинин миссиясы, билим берүү максаттары, натыйжалуулугунун негизги көрсөткүчтөрү, окутуунун күтүлгөн натыйжалары, окутуунун формалары жана каражаттары, билим берүү уюмундагы баалоо критерийлери жана жол-жоболору, окутуунун натыйжалары, жалпы республикалык тестирлөөнүн жана окуучулардын жетишкендиктериндеги ар кандай изилдөөлөрдүн жыйынтыгы жөнүндө маалыматтарды коомчулукка туруктуу негизде берүүсү үчүн маалыматтык ресурстардын (веб-сайт, электрондук почта, телефондук жана факсимиле байланышы, гезит, стенд ж.б.) болушу жөнүндө маалымат.

**1.4. Жыйынтыктарды жалпылоо жана отчет түзүү**

1.4.1. Комиссия тарабынан билим берүү уюмунун ишмердиги жөнүндө топтолгон маалыматтарды жана материалдарды критерийлерге шайкештигин талдоо жана баалоо өткөрүлөт, талдоонун жыйынтыгы боюнча ар бир минималдуу талаптар боюнча күчтүү жана алсыз тараптары аныкталат, ишмердиктин айрым аспектилерин жакшыртуу боюнча корутундулар жана сунуштамалар иштелип чыгат.

1.4.2. Жыйынтыктарды жалпылоого жооптуу адам өзүн-өзү баалоо боюнча отчет түрүндө алынган материалды (мындан ары – Отчёт) жол-жоболоштурат.

1.4.3. Комиссиянын төрагасы/төрайымы Комиссиянын жыйынын өткөрөт, анда Отчёт алдын ала каралып, кээ бир маселелер такталат, кошумча маалыматты топтоонун зарылдыгы жөнүндө пикир айтылат, өзүн-өзү баалоо боюнча корутундулар жана сунуштамалар талкууланат.

1.4.4. Комиссиянын мүчөлөрүнөн Отчёт боюнча келип түшкөн сунуштарды, сунуштамаларды жана сын-пикирлерди эске алуу менен Комиссиянын төрагасы/төрайымы аны түзөтүү жана акыркы ирет карап чыгуу үчүн мөөнөттү белгилейт.

1.4.5. Өзүн-өзү баалоонун натыйжаларын акыркы ирет карагандан кийин иштелип чыккан Отчёт педагогикалык кеңештин кароосуна жөнөтүлөт. Аталган кеңеште билим берүү уюмунун жетекчиси Отчетту бекитүү жана тышкы баалоо үчүн документтерди ыйгарым укуктуу органга жөнөтүү жөнүндө чечим кабыл алынат.

1.4.6. Аккредитациялоодон өткөрүүгө арыз ыйгарым укуктуу органга акыркы аккредитациянын жарактуулук мөөнөтү бүткөнгө чейин 3 айдан кем эмес убакта берилет.

**1.5. Отчётко жалпы талаптар**

Өзүн-өзү баалоо боюнча отчет белгиленген формага (1-тиркеме) ылайык тариздэлет жана төмөнкү бөлүмдөрдөн турат:

✓ титулдук баракча;

✓ мазмуну;

✓ кыскартуулардын тизмеси;
✓ киришүү;
✓ минималдуу талаптардын аткарылышын талдоо жана далил;
✓ корутунду;
✓ тиркеме.

Минималдуу талаптарды аткарууну талдоо жана далил бөлүмүндө билим берүү уюмунун ишинин натыйжаларынын күчтүү жана алсыз тараптарын аныктоо менен, ушул нускаманын 7-тиркемесине ылайык баалоо критерийлерди эске алуу менен жакшыртуу боюнча корутундулар жана сунуштамалар көрсөтүлөт:

– билим берүү уюмунун ишмердигин тескеген, ишмердик жана ресурстардын натыйжаларынын процессин чагылдырган документтер;
– ишке ашыруу/аларды практикага жайылтуу механизмдери;
– иштин натыйжаларын баалоо;
– жакшыртуу боюнча пландар.

Корутунду ыйгарым укуктуу органда аккредитациялоодон өтүү жөнүндө минималдуу талаптарга билим берүү уюму/билим берүү программасынын шайкеш келүүсү жөнүндө Комиссиянын акыркы жыйынтыктарын камтыйт.

Тексттин ариби 12 Times New Roman, бөлүмдөрдүн аталыштарынын ариби – 14 Times New Roman, аларды карартып бөлүп коюу керек. Тексттеги саптардын ортосундагы аралык – бир кабат болуп, отчеттун бардык барактарына номер коюлушу зарыл.

Беттин талаасы: сол жактан – 2,5 см, оң жактан – 1,5 см, жогору жана төмөн жагы – 2 см. Отчеттун текстиндеги таблица жана графиканын аталышы жана номери болушу керек. Отчеттун текстиндеги шилтемелер документтин аталышы, тастыктаган документтин бети, тиркеменин номери жөнүндө маалыматты камтышы керек.

## II ГЛАВА.
## ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ОРГАНГА АККРЕДИТАЦИЯЛООДОН ӨТҮҮ ҮЧҮН БЕРИЛҮҮЧҮ ДОКУМЕНТТЕР

Аккредитациялоодон өтүү үчүн билим берүү уюмдары ыйгарым укуктуу органга төмөнкү документтерди тиркөө аркылуу аккредитациялоо жөнүндө арыз менен кайрылышат:

– өзүн-өзү баалоо боюнча отчётту тиркеме менен;
– юридикалык жактын мамлекеттик каттоосу (кайра каттоосу) жөнүндө документтин көчүрмөсүн;
– юридикалык жактын уставынын көчүрмөсүн;
– лицензиянын көчүрмөсүн;
– окуу пландарынын көчүрмөсүн;
– ишеним катты же билим берүү уюмунун атынан иш алып барууга ыйгарым укуктуу адамды ырастоочу башка документти;
– уюштуруучусу диний уюмдар болгон билим берүү уюмдары үчүн – диний уюмдун дин иштери боюнча мамлекеттик органдагы каттоосу жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсүн;
– портфолио (3-тиркеме);
– берилген документтердин тизмесин.

Аккредитациялоодон өтүүгө арыз ыйгарым укуктуу орган тарабынан бекитилген графикке ылайык акыркы аккредитациялоонун жарактуу мөөнөтү аяктаганга чейин 3 ай мурда берилет. Арыз жана документтер кыргыз же орус тилинде кагаз жана электрондук түрүндө берилет.

Билим берүү уюмунун жетекчиси берилген документтердин аныктыгы үчүн жеке жоопкерчилик тартат.

Маалыматтык технологиялар аркылуу аккредитациялоодон өтүүгө кайрылганда билим берүү уюму белгиленген формадагы арызды ыйгарым укуктуу органдын сайтынан толтурат жана бир эле учурда ушул главада каралган документтердин электрондук форматтагы сканерленген түпнускаларын тиркейт.

Бул учурда билим берүү уюмунун арызды кабыл алуу датасы жана электрондук форматта берилген документтердин тизмесин кабыл алуу жөнүндө ырастоону алат.

# III ГЛАВА.
# ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ОРГАН ТАРАБЫНАН ТЫШКЫ БААЛООНУ ЖҮРГҮЗҮҮ

Тышкы баалоонун максаты болуп аккредитациялоо, сын-пикирлер менен аккредитациялоо (шарттуу) же аккредитацияланууучу билим берүү уюмунун ишмердигинин шайкештигин аныктоонун негизинде аккредитациялоодон баш тартуу жөнүндө объективдүү чечим кабыл алуу жана окуучулар менен кызыкдар тараптардын кызыкчылыктарын эске алуу менен минималдуу талаптарга жана Мамлекеттик стандарт программасын ишке ашыруу шарты эсептелет.

Тышкы баалоо билим берүү уюму берген документтерди талдоонун негизинде аккредитацияланууучу ишмердикти баалоодон, окуучулардын жетишкендиктерин баалоодон, ошондой эле тышкы баалоону жүргүзүү боюнча корутундуну даярдоодон турат.

Ыйгарым укуктуу орган тарабынан тышкы баалоону жүргүзүү бул этаптардан турат:

– документтерди каттоо жана текшерүү;
– тышкы баалоону жүргүзүү боюнча комиссия түзүү;
– тышкы баалоону жүргүзүү;
– тышкы баалоону жүргүзүүнүн натыйжалары боюнча корутунду даярдоо;
– билим берүү уюму/билим берүү программасын аккредитациялоо жөнүндө ыйгарым укуктуу орган тарабынан чечим кабыл алуу.

### 3.1. Документтерди каттоо жана текшерүү

Ыйгарым укуктуу орган 1 жумушчу күндүн ичинде арыз түшкөн күндөн тартып аны каттоодон өткөрөт.

Арыз катталган күндөн тартып 7 жумушчу күндүн ичинде тиркелген документтердин толуктугу, аларды тариздөөнүн тууралыгы текшерилет.

Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча ыйгарым укуктуу орган чечим кабыл алат:

– документтер II главадагы көрсөтүлгөн тизмеге шайкеш келбеген учурда аларды арыз ээсине кайтаруу жөнүндө;
– документтер II главадагы көрсөтүлгөн тизмеге шайкеш келген учурда аларды кароого кабыл алуу.

Билим берүү уюму документтерди кайтаруу жөнүндө чечим кабыл алынган учурда, ыйгарым укуктуу орган аны жазуу жүзүндө бул чечимди кабыл алгандан кийин 3 жумушчу күндүн ичинде кабарлайт.

Документтерди кароого кабыл алуу жөнүндө чечим кабыл алган учурда аккредитацияланууучу билим берүү уюмуна/билим берүү программасына тышкы баалоону жүргүзүү жөнүндө буйрук 5 жумушчу күндүн ичинде чыгарылат.

### 3.2. Тышкы баалоону жүргүзүү боюнча комиссия түзүү

Аккредитацияланууучу билим берүү уюмун/билим берүү программасын тышкы баалоо ыйгарым укуктуу органдын буйругу менен түзүлгөн эксперттик

комиссия (мындан ары – Комиссия) тарабынан жүргүзүлөт. Комиссиянын курамы аныкталган тышкы баалоону жүргүзүү жөнүндө буйрукта төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

– аккредитацияланууучу билим берүү уюмунун толук аталышы;
– комиссия мүчөлөрүнүн фамилиясы, аты, атасынын аты жана ээлеген кызматы (Комиссиянын төрагасын/төрайымын аныктоо менен);
– тышкы баалоо башталган жана бүткөн даталар (тышкы баалоону жүргүзүүнүн мөөнөтү 14 жумушчу күндөн ашпашы керек);
– ыйгарым укуктуу органга корутунду берүүнүн датасы;
– мыйзамдарга ылайык аккредитациялоону өткөрүүнү каржылоонун тартиби;
– Комиссия мүчөлөрүнүн жоопкерчилиги.

Комиссиянын курамы, иштөө тартиби жана мөөнөтү, билим берүү уюмун жана программаларын аккредитациялоо жаатындагы эксперттерге квалификациялык талаптар, ошондой эле эксперттерди сертификациялоо жана аларды тышкы баалоону жүргүзүүгө тартуу тартиби 4-тиркемеге ылайык аныкталат.

### 3.3. Тышкы баалоону жүргүзүү

Комиссия аккредитацияланууучу билим берүү уюмун ишин минималдуу талаптарга шайкеш келүүсүн баалоону билим берүү уюмуна барбастан, билим берүү уюмун өзүн-өзү баалоонун жана берилген документтердин негизинде өткөрөт.

Өзүн-өзү баалоо боюнча отчёттун маалыматын тууралыгына шек жаралган учурда Комиссия өзүн-өзү баалоо боюнча отчёттун маалыматтарын текшерүү үчүн кошумча материалдарды аккредитацияланууучу билим берүү уюмунан суроого укуктуу.

Аккредитацияланууучу билим берүү уюму тарабынан окуучулардын жетишкендиктерин баалоо Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Билимди баалоо жана маалыматтык технологиялардын улуттук борбору тарабынан 5-тиркемеге ылайык негизги жана/же орто жалпы билим берүү программасы боюнча стандартталган тесттердин формасында мектепке (билим берүү уюмуна) баруу менен жүргүзүлөт.

### 3.4. Тышкы баалоонун жыйынтыктары боюнча корутунду даярдоо

Жүргүзүлгөн тышкы баалоонун жыйынтыктары боюнча Комиссия 5 жумушчу күндүн ичинде ыйгарым укуктуу органга билим берүү уюмун жана программаны аккредитациялоо же аккредитациялоодон баш тартуу жөнүндө сунуштары менен корутундуну 6-тиркемеге ылайык берет. Эксперттик комиссиянын мүчөлөрү тышкы баалоонун жыйынтыктарын корутундуну жазаардын алдында талкуулоосу керек.

Комиссия корутундуда Билим берүү уюмунун/билим берүү программасынын ишине минималдуу талаптардын аткарылышын жана мамлекеттик стандарт, кызыкдар тараптардын талаптарынын аткарылышын, окуучулардын билим

деңгээлин баалоонун натыйжаларын көрсөтүү менен төмөнкүлөрдүн негизинде баа берүүсү керек:

– ишмердикти, процессти чагылдырган жана билим берүү уюмунун ишмердиги менен ресурстарын жөнгө салган документтердин;
– аларды практика жүзүндө ишке ашыруу жана жайылтуунун;
– иштин натыйжаларын баалоонун;
– жакшыртуу боюнча пландардын.

Алардын негизинде Комиссия билим берүү уюмунун/билим берүү программасынын ишин жакшыртуу боюнча корутундуларды жана сунуштамаларды иштеп чыгат.

Минималдуу талаптарды аткарууну баалоо Комиссия тарабынан 7-тиркемеге ылайык баалоо критерийлеринин негизинде жүргүзүлөт.

Эгер ар бир минималдуу талапта критерийлердин 1/3 бөлүгү аткарылган жок деп эсептелсе, төмөнкү таблицага ылайык минималдуу талап “шайкеш келбейт” деп бааланат.

| **№** | **Минималдуу талаптар** | **Критерийлердин жалпы саны** | **Шайкеш келет же толук эмес шайкеш келет** | **Шайкеш келбейт** |
|---|---|---|---|---|
| **1** | Башкаруунун натыйжалуулугу жана билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты | 7 | 5 | 2 |
| **2** | Билим берүү программаларын иштеп чыгуу, бекитүү, мониторинг жүргүзүү жана мезгили менен баалоо | 7 | 5 | 2 |
| **3** | Компетенттүү окутуу жана окуучулардын жетишүүсүн баалоо | 12 | 8 | 4 |
| **4** | Окуучуларды кабыл алуу, билим берүүнүн натыйжаларын таануу жана окуучулардын бүтүрүү | 3 | 2 | 1 |
| **5** | Кадрдык саясат, педагогикалык жана окутуучу-көмөкчү курам | 3 | 2 | 1 |
| **6** | Материалдык-техникалык база жана маалымат ресурстары | 7 | 5 | 2 |
| **7** | Маалыматты башкаруу жана аны коомчулукка жеткирүү | 3 | 2 | 1 |

Комиссиянын корутундусунун негизинде ыйгарым укуктуу органга төмөнкү негиздемелерди көрсөтүү менен кийинки чечимдердин бирин сунуштайт:

– билим берүү уюмун жана/же программаны 5 жылдык мөөнөткө аккредитациялоо жөнүндө – бардык минималдуу талаптарга шайкеш келген шартта;
– минималдуу талаптарга шайкеш келбегендик боюнча 2ге чейин факты болгондо, аныкталган шайкеш келбестиктерди жоюуну талап кылуу менен билим берүү уюмун жана/же программаны 1 жылдык мөөнөткө сын-пикирлер менен аккредитациялоо (шарттуу) жөнүндө;
– минималдуу талаптарга шайкеш келбеген 2ден ашык факты болгон учурда билим берүү уюмун жана/же программаны аккредитациялоодон баш тартуу жөнүндө.

**3.5. Ыйгарым укуктуу орган тарабынан чечим кабыл алуу**

Комиссиянын корутундусу аны ыйгарым укуктуу орган алган күндөн тартып 30 календардык күндөн кечиктирбестен ыйгарым укуктуу органдын коллегиясынын короосуна киргизилет.

Комиссия корутундусунун негизинде ыйгарым укуктуу органдын коллегиясы төмөнкү чечимдердин бирин кабыл алат:

– билим берүү уюмун жана/же программаны 5 жылдык мөөнөткө аккредитациялоо жөнүндө – минималдуу талаптарга шайкеш келген шартта;
– минималдуу талаптарга шайкеш келбегендик боюнча 2ге чейин факты болгондо, аныкталган шайкеш келбестиктерди жоюуну талап кылуу менен билим берүү уюмун жана/же программаны 1 жылдык мөөнөткө сын-пикирлер менен (шарттуу) аккредитациялоо жөнүндө;
– минималдуу талаптарга шайкеш келбеген 2ден ашык факты болгон учурда билим берүү уюмун жана/же программаны аккредитациялоодон баш тартуу жөнүндө.

Сын-пикирлер менен аккредитациялоодогу (шарттуу) шайкеш келбестиктер жоюлганы ырасталган учурда аккредитациялоонун мөөнөтү 5 жылга чейин узартылат (1 жылга аккредитациялоо мөөнөтү менен кошо алганда).

1 жылдык мөөнөткө аккредитациялоо жөнүндө чечим эки жолудан ашык кабыл алынбайт.

1 жылдык мөөнөткө аккредитациялоо жөнүндө чечим эки жолу кабыл алынгандан кийин билим берүү уюмунун уюштуруучусу ыйгарым укуктуу органдын сунушу боюнча билим берүү уюмунун жетекчисинин ээлеген кызматына ылайык келишин мыйзамда белгиленген тартипте карайт.

Коллегиянын аккредитациялоо боюнча чечими ыйгарым укуктуу органдын буйругу түрүндө таризделет.

Аккредитацияланууучу билим берүү уюму аккредитациялоо жөнүндө арызын ыйгарым укуктуу органдын чечими кабыл алынганга чейин аны жүргүзүүнүн бардык этабында кайра сурап алууга укуктуу.

Ыйгарым укуктуу органдын тиешелүү түзүмдүк бөлүмү төмөнкү учурларда өз компетенциясынын чегинде лицензиялык жана башка талаптарды сактоону пландан тышкары текшерүүнү демилгелейт:

– сын-пикирлер менен билим берүү уюму/билим берүү программасын кайрадан шарттуу 1 жылдык мөөнөткө аккредитациялоодо;
– билим берүү уюму/билим берүү программасын аккредитациялоодон баш тартканда.

Билим берүү уюмдарын аккредитациялоонун жыйынтыктары ыйгарым укуктуу органдын расмий веб-сайтында жарыяланат.

Ыйгарым укуктуу орган аккредитацияланган билим берүү уюмдарына аккредитациялоо жөнүндө сертификатын анын жарактуу мөөнөтүн көрсөтүү менен берет (9-тиркемеге ылайык).

Аккредитациялоонун жыйынтыгы боюнча берилген ар бир сертификатка каттоо номери берилет. Каттоо номери тогуз белгилүү катардан турат: YYYY/ XXXX. Номердин биринчи, экинчи, үчүнчү, төртүнчү катарлары (YYYY) сертификаттын берилген жылын көрсөтөт. Бешинчи катар (/) бөлүүчү болуп эсептелет. Алтынчы, жетинчи, сегизинчи, тогузунчу катарлар (XXXX) сертификат чыгаруунун иреттик номерин көрсөтөт.

Аккредитациялоо жөнүндө арыз жана ага тиркелген документтер, ыйгарым укуктуу органдын аккредитациялоо же аккредитациялоодон баш тартуу жөнүндө, аккредитациялоо жөнүндө сертификатты кайра тариздөө жөнүндө чечимдери, аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын тиркемелери менен көчүрмөсү, аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын дубликатын берүү жөнүндө жана ага тиркелген документтер, текшерүү менен байланышкан документтер уюмдун аккредитациялык делосун түзөт.

Билим берүү уюмунун аккредитациялык делосу ыйгарым укуктуу органда электрондук вариантта сакталат, ал эми аккредитацияланууучу билим берүү уюмунда электрондук жана кагаз түрүндө 7 жылдын ичинде сакталат.

Билим берүү уюму аккредитациялык делонун бардык материалдарынын электрондук вариантын аккредитациялагандан кийин 1 айдын ичинде Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасына киргизүүгө милдеттүү.

Билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасына аккредитациялоо боюнча маалыматтарды жаңылоо боюнча иштерди жүргүзүү үчүн билим берүү уюмунун жетекчиси жоопкер болот.

## IV ГЛАВА.
## АККРЕДИТАЦИЯЛООДОН КИЙИНКИ ИШ-ЧАРАЛАР

### 4.1. Билим берүү уюму тарабынан кемчиликтерди жоюу боюнча план иштеп чыгуу

Аккредитациялоо жөнүндө чечим кабыл алгандан кийин билим берүү уюму Комиссиянын сын-пикирлерин четтетүү жана сунуштамаларды иштеп чыгуу боюнча иш план иштеп чыгат.

Иш план төмөнкү иш-чараларды камтыйт:

– комиссиянын сын-пикирлерин жана сунуштамаларын талкуулоо;
– сын-пикирлерди четтетүү үчүн чараларды аныктоо;
– жакшыртууга керектүү ресурстарды аныктоо;
– аткаруу мөөнөттөрүн белгилөө;
– жакшыртуу боюнча ар бир иш-чарага жооптуу адамдарды дайындоо.

Билим берүү уюмунун жетекчилиги иш-аракеттердин планын аткарууну жана педагогикалык кеңешке туруктуу отчёт берип турууну тыкыр контролдошу керек.

Билим берүү уюмунун стратегиялык пландарга жана өнүгүү максаттарына негизделген ишмердикти баалоо (өзүн-өзү баалоо) боюнча билим берүү уюму иштерди жыл сайын системалуу жүргүзүүсү керек. Өзүн-өзү баалоо боюнча жыл сайын отчёттор бардык кызыкдар тараптарга сунушталып, акыркы жылдардагы иш планга түзөтүүлөр киргизилиши керек. Өзүн-өзү баалоо боюнча жыл сайын отчёттор андан кийинки аккредитациялоо үчүн билим берүү уюму беш жылдык мезгилде өзүн-өзү баалоосу үчүн далилдүү негиз болуп калат.

### 4.2. Аккредитациялоонун жыйынтыктарын талдоо жана билим берүү органдары тарабынанан билим берүү уюмун колдоо боюнча пландарды иштеп чыгуу

Билим берүү органына төмөнкүлөр үчүн түз жоопкерчилик жүктөлөт:

– Чектешкен аймактагы менчиктин бардык түрүндөгү жана формасындагы жалпы билим берүү уюмдарын аккредитациялоодон өткөрүүнү системалуу жана өз учурунда көзөмөлдөөгө;
– Райондук (шаардык) деңгээлде аккредитациялоодон кийинки иш-чараларды ишке ашыруу, билим берүү уюмун шарттуу 1 жылдык мөөнөткө аккредитациялоодо кайрадан аккредитациялоодон өтүү үчүн сапаттуу даярдоо.

Билим берүү уюмун аккредитациялоонун жыйынтыктары боюнча билим берүү органы алынган сын-пикирлерге жана сунуштамаларга ылайык билим берүү уюмун колдоо көрсөтүү боюнча иш планга андан ары киргизүү менен талдоону ишке ашырат.

### 4.3. Ыйгарым укуктуу орган тарабынан аккредитациялоонун жыйынтыктарын комплекстүү талдоо методологиясы

Талдоонун максаты – аккредитациялоонун жыйынтыктарын талдоо жана билим берүү жаатындагы саясатты жакшыртуу боюна, билим берүү уюму билим

берүү кызматтарын жакшыртуу боюнча, ошондой эле сапатты камсыздоо боюнча ченемдик жана методологиялык базаны өркүндөтүү боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу.

Милдеттер:

1. Аккредитациялоонун жыйынтыктары боюнча комплекстүү талдоо иш-чараларынын планын иштеп чыгуу;
2. Аккредитациялоонун жыйынтыктарын комплекстүү талдоонун методдорун жана куралдарын иштеп чыгуу;
3. Билим берүү кызматтарын көрсөтүүдө жакшы (жаман) практиканын жалпы көйгөйлөрүн жана жеке учурларды аныктоо;
4. Билим берүү ишмердигиндеги ийгиликтердин жана кемчиликтердин факторлорун аныктоо;
5. Билим берүү жаатындагы саясатты жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;
6. Билим берүү уюмунун ишмердигин (натыйжаларын) жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу (локалдык актылар, ресурстар, процесстер, натыйжалар);
7. Сапатты камсыздоо боюнча, анын ичинде аккредитациялоо боюнча ченемдик жана методологиялык базаны жакшыртуу боюнча сунуштарды даярдоо;
8. Билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасында интеграциялоо үчүн аккредитациялоо жөнүндө маалыматтын түзүмүн жана мазмунун түзүү боюнча жана аккредитациялоонун, ыйгарым укуктуу органдын иштеринин (пландарынын) жыйынтыктары жөнүндө, билим берүү уюмунун билим берүүнүн сапатын жакшыртуу боюнча маалыматты коомчулукка жеткирүү үчүн сунуштамаларды даярдоо:

– ченемдик жана методологиялык база: жобо, нускама, жетекчилик, стандарттар жана сапат критерийлери, отчёттордун формасына жана мазмунуна талаптар (өзүн-өзү баалоо, тышкы баалоо), эксперттерге квалификациялык талаптар;
– өзүн-өзү баалоо жана тышкы баалоо жыйынтыктары боюнча чечим кабыл алуунун критерийлери;
– аккредитациялоонун натыйжалары жана жакшыртуу боюнча сунуштар;
– окутуучу материалдардын топтому.

Аккредитациялоонун жыйынтыктарын комплекстүү талдоо жана билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүн жакшыртуу боюнча (билим берүү жаатындагы саясат, аккредитациялоо жана билим берүү уюмунун ишмердиги боюнча ченемдик жана методологиялык база) конструктивдүү сунуштамаларды иштеп чыгуу үчүн жумушчу топтор түзүлөт, алардын курамына ыйгарым укуктуу органдын өкүлдөрү, билим берүү жаатындагы эксперттер жана кызыкдар тараптардын өкүлдөрү кириши мүмкүн.

Аккредитациялоонун натыйжаларын комплекстүү талдоо үчүн баштапкы материал болуп негизги жана/же орто жалпы билим берүү программаларын ишке

ашыруучу билим берүү уюму жөнүндө, аккредитациялоодон өткөн билим берүү уюмунун саны жөнүндө баштапкы маалымат, алардын статусу жана типтери жөнүндө маалымат, эксперттик комиссиялардын корутундусу, ыйгарым укуктуу органдын коллегиясынын аккредитациялоо же шарттуу аккредитациялоо жөнүндө чечими эсептелет.

Келтирилген маалыматтардын баары аккредитациялоо процессинде Билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасынын электрондук базасында топтолушу керек, ал негизги жана/же орто жалпы билим берүү боюнча аккредитациялоонун натыйжаларын автоматташтырылган талдоону жүргүзүүгө мүмкүндүк берет.

Аккредитациялоонун жыйынтыктарын талдоо сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрдөн турат:

– аккредитацияланган жана шарттуу аккредитацияланган билим берүү уюмунун статистикалык талдоосу (типтер, менчик формасы, билим берүү программаларынын деңгээли, окуучулардын контингенти, облус, район, шаар, айыл ж.б.);
– эксперттик комиссия тарабынан сунушталган билим берүү уюмун жакшыртуу боюнча корутундулардын жана сунуштамалардын сапаты;
– билим берүү уюмунун/билим берүү программасынын жетишкендиктеринин минималдуу талаптарга ылайык келүүсү (минималдуу талаптар боюнча күчтүү жана алсыз жактарды талдоо);
– Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Билимди баалоо жана маалыматтык технологиялардын улуттук борбору эксперттик комиссиялардын корутундулары жана сунуштамалары менен салыштырып окутуунун жыйынтык деңгээлдерин талдоо боюнча натыйжаларды талдоо.

Аккредитациянын жыйынтыктарын талдоонун жүрүшүндө эксперттер билим берүү уюму жөнүндө маалыматты, билим берүүнүн сапаттык көрсөткүчтөрү белгиленген минималдуу талаптарга шайкеш келүүсү жана келбөөсү жөнүндө маалыматты камтыган эксперттик комиссиялардын корутундуларын, программалары жана билим берүү уюмдарынын аспектилерин, натыйжаларын жакшыртуу боюнча эксперттердин сунуштамалары, ошондой эле  Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Билимди баалоо жана маалыматтык технологиялардын улуттук борборунун натыйжалары жөнүндө маалыматтар тыкыр иликтенет.

Комплекстүү талдоонун негизги жыйынтыктары болуп төмөнкүлөр эсептелет:

– аккредитациялоо процессинин жетишкендиктеринин жана кемчиликтеринин туюндурмасы;
– аккредитациялоо процессин жакшыртуу боюнча сунуштамаларды аныктоо;
– аккредитациялоодон өткөн Билим берүү уюмунун жалпы негизги жетишкендиктерин жана көйгөйлөрүн критерийлер боюнча аныктоо;
– билим берүү уюму тарабынан билим берүү кызматтарын жакшыртуу боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу.

## V ГЛАВА.
## АККРЕДИТАЦИЯНЫН ЖАРАКТУУЛУГУН ТОКТОТО ТУРУУ, КАЛЫБЫНА КЕЛТИРҮҮ ЖАНА ТОКТОТУУ

Ыйгарым укуктуу орган минималдуу талаптарга шайкеш келбестиктер аныкталган күндөн тартып 30 жумушчу күндүн ичинде билим берүү уюмунун жана программанын аккредитациясынын жарактуулугун токтото туруу жөнүндө чечимди кабыл алат жана аныкталган шайкеш келбестиктерди жоюу үчүн 3 айга чейинки мөөнөттү белгилейт.

Билим берүү уюму тарабынан аныкталган минималдуу талаптарга шайкеш келбестиктер жоюлгандыгы жөнүндө кабарланган учурда ыйгарым укуктуу орган текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча аныкталган шайкеш келбестиктер жоюлган фактыны белгилеген актыга кол коюлган күндөн кийинки күндөн тартып 30 жумушчу күндүн ичинде аккредитациянын жарактуулугун калыбына келтирүү жөнүндө чечимди кабыл алат.

Эгерде билим берүү уюму белгиленген мөөнөттө аныкталган минималдуу талаптарга шайкеш келбестиктерди жойбосо же аккредитациянын жарактуулук мөөнөтүнүн ичинде Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы мыйзамдарынын талаптарын кайра бузса ыйгарым укуктуу орган билим берүү уюмунун жана программанын аккредитациясынын жарактуулугун токтотуу жөнүндө чечимди кабыл алат.

Билим берүү уюмунун жана программанын аккредитациясынын жарактуулугун токтотуу жөнүндө чечим аныкталган минималдуу талаптарга шайкеш келбестиктер жоюлбаган жана текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы мыйзамдарынын талаптарын кайра бузган фактыны белгилеген актыга кол коюлган күндөн кийинки күндөн тартып 30 жумушчу күндүн ичинде кабыл алынат.

Аккредитациянын жарактуулугун токтото туруу, калыбына келтирүү жана токтотуу жөнүндө чечим ыйгарым укуктуу органдын коллегиясынын чечиминин негизинде ыйгарым укуктуу органдын буйругу менен таризделет.

Ыйгарым укуктуу орган аккредитациянын жарактуулугун токтото туруу, калыбына келтирүү жана токтотуу жөнүндө чечим кабыл алынган күндөн тартып 5 жумушчу күндүн ичинде билим берүү уюмуна жазуу жүзүндө кабарлайт.

Билим берүү уюму ыйгарым укуктуу органдын чечимин мыйзамда белгиленген тартипте даттанууга укуктуу.

## VI ГЛАВА.
## АККРЕДИТАЦИЯЛОО ЖОЛ-ЖОБОСУН КАРЖЫЛООНУН МЕХАНИЗМДЕРИ

Билим берүү уюмдарын аккредитациялоо акы төлөнүүчү негизде жүргүзүлөт. Аккредитациялоого кеткен чыгымдар билим берүү уюмдарынын эсебинен төлөнөт.

Мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдары аккредитациялоо боюнча чыгымдарды республикалык бюджеттин каражаттарынын жана/же алардын атайын эсептерине түшүүчү каражаттардын эсебинен төлөшөт.

Билим берүү уюмун/билим берүү программасын аккредитациялоо боюнча ишке тартылган эксперттин эмгек акысынын саатына төлөнүүчү өлчөмү, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 19-январындагы №18 «Билим берүү системасынын кээ бир категориядагы кызматкерлеринин эмгек акысын төлөөнүн жаңы шарттары жөнүндө» токтомунун 1-тиркемесинде белгиленген жалпы билим берүү уюмдарынын (бардык типтеги жана аталыштагы мектептер жана жатак-мектептер) мугалимдеринин саатына төлөнүүчү эмгек акыларынын деңгээлинде белгиленет.

Иш сапар чыгымдары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 «Иш сапар чыгымдарынын ченемдерин жана аларды толтуруунун тартибин белгилөө жөнүндө» токтомунун талаптарына ылайык белгиленет.

**1-ТИРКЕМЕ**

## ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛОО БОЮНЧА ОТЧЁТТУН ТИПТҮҮ ФОРМАСЫ

Билим берүү уюмдарынын толук аталышы

Педкеңештин №___ чечими
___ ____________201__ ж.

## ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛОО БОЮНЧА ОТЧЕТ

Комиссиянын төрагасы/төрайымы______________________ Ф.А.А., кызматы

Комиссиянын мүчөлөрү:
1. ____________________ Ф.А.А., кызматы
2. ____________________ Ф.А.А., кызматы
3. ____________________ Ф.А.А., кызматы
4. ………

«Комиссиянын курамы жөнүндө» №__буйрук _ ____ __________ж.

Бишкек – 2019

## 1. Киришүү

Киришүүдө төмөнкү маалымат берилиши керек:

– Билим берүү уюмун түзүүнүн жана өнүктүрүүнүн кыскача тарыхы;
– Билим берүү уюмунун жетекчисинин, анын орун басарларынын, аккредитациялоого жооптуу адамдардын аты-жөнү жана алардын байланыш маалыматтары (телефондору жана e-mail);
– Билим берүү программаларына лицензиялар жөнүндө маалыматтар (лицензиялардын көчүрмөсүн тиркөө);
– Билим берүү уюму жана билим берүү программаларын аккредитациялоо (аттестациялоо) жөнүндө маалыматтар (аккредитациялоо (аттестациялоо) жөнүндө сертификаттардын көчүрмөлөрүн тиркөө);
– Билим берүү уюму алган сыйлыктар жөнүндө маалыматтар (тиешелүү документтердин көчүрмөсүн тиркөө);
– Түрдүү уюмдарда билим берүү уюмунун мүчөлүгү жөнүндө маалыматтар (тиешелүү документтердин көчүрмөсүн тиркөө);
– Билим берүү уюмунун почта дареги, телефондору, факсы, e-mail, веб-сайт.

## 2. Минималдуу талаптарды аткаруунун анализи жана далилдөө базасы

| | Өзүн-өзү баалоо критерийлери | Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө) | Далилдөөчү база |
|---|---|---|---|
| **1. БАШКАРУУНУН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ** | | | |
| **Билим берүү уюмунда педагогикалык кеңеш бекиткен миссияны, стратегиялык жана учурдагы пландарды, билим берүүнүн максаттарын, окутуунун натыйжаларын, сапат менеджменти системасын өзүнө камтыган билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты болушу керек** | | | |
| 1.1 | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы № 403 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандартына (мындан ары - Мамлекеттик стандарт) жана кызыкдар тараптардын аныкталган керектөөлөрүнө ылайык билим берүүчү уюмдун ишин жөнгө салуучу бекитилген ички актылардын болушу | Билим берүү уюмунда колдонулган ички актылардын Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагындагы мыйзамдарына, минималдуу талаптарга, Мамлекеттик стандарт талаптарына ылайыктуулуугунун анализи | Көчүрмөлөр:<br>- Билим берүү уюмунунун уставы;<br>- Билим берүү уюмунун түзүмдүк бөлүмдөрү жөнүндө жоболор, Билим берүү уюмунун ишмердигин жөнгө салган башка локалдык актылар Билим берүү уюмунун сайтында алардын шилтемеси көрсөтүлсүн[1] |
| 1.2 | Кызыкдар тараптардын муктаждыктарын жана күткөн натыйжаларын эске алуу менен билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатына ылайык билим берүү уюмунун бекитилген миссиясы, стратегиялык жана учурдагы пландары, | Уюмдун миссиясын көрсөтүңүз, билим берүү уюмунун стратегиялык планы качан иштелип чыкканын жана бекитилгенин (Педкеңеш жыйынынын протоколунун номери) көрсөтүңүз; Кандай билим берүү максаттары коюлган, окутуунун кандай жыйынтыктары пландалган. Кызыкдар | Миссия жана стратегиялык максаттар, жылдар боюнча жетишкендик индикатору жана максаттык көрсөткүчтөр, билим берүү уюмунун билим берүү максаты, окутуунун күтүлгөн жыйынтыктары көрсөтүлгөн билим берүү уюмунун бекитилген |

[1]Бул жерде жана мындан ары ички актылар деп бул документте билим берүү уюмунда кабыл алынган түрдүү ички ченемдик актылар түшүнүлөт: жоболор, нускамалар, буйруктар ж.б. Эгер бир эле ички акт бир нече критерий боюнча далилдөөчү база катары кызмат кылса, андагы тийиштүү аспекттерди белгилөө менен (маркер менен, белги менен) бир гана жолу тиркөө жетиштүү болот. Эгер билим берүү уюмунун сайты болсо, анда сайтка жайгаштырылган отчётко тийиштүү документтин шилтемесин кошуу жетиштүү болуп саналат.

| | Өзүн-өзү баалоо критерийлери | Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө) | Далилдөөчү база |
|---|---|---|---|
| | иштелип чыгып жана кабыл алынган билим берүү максаттарынын болушу | тараптардын талаптары жана күтүүлөрү кантип эске алынарын сүрөттөңүз, билим берүү уюмунун миссиясынын, стратегиялык пландардын, билим берүү максаттарынын жана окутуунун күтүлгөн жыйынтыктарынын макулдашылгандыгы кандай жол менен камсыз кылынат. | учурдагы жана стратегиялык пландары; педкеңештин, камкордук кеңешинин жана башка билим берүү уюмунун башкаруу органдарынын жыйындарынын тийиштүү протоколдору, билим берүү уюмунун буйруктары |
| **1.3** | Кызыкдар тараптарды кошо тартуу менен натыйжалуу башкарууга мүмкүндүк берүүчү туура маалыматтын негизинде туура чечимдерди кабыл алуунун жана аларга оңдоолорду киргизүү механизминин болушу (камкордук кеңеш, ата-энелер комитети, бюджеттик угуулар, тышкы баалоо, инвестициялар, социалдык кызматтар) | Кызыкдар тараптарды чечимдерди кабыл алуу процессине тартуу механизмин көрсөтүңүз: тигил же бул түрдөгү чечимдерди кайсы түзүм же ким кабыл алат, чечим кабыл алуу процесси кандай уюшулган? Маалыматтарды анализдөөнүн же аяктаган окуу жылы боюнча маалыматтын негизинде кабыл алынган чечимдерге жана оңдоолорго мисал келтириңиз. Окуучулардын өзүн-өзү башкаруу боюнча иштери кандай уюшулган жана өзүн-өзү башкаруунун билим берүү уюмунун кабыл алган чечимдерине тийгизген таасири? Объективдик маалыматтарды башкаруу процессин камсыз кылуу механизмдери кандай (мисал келтириңиз)? | Башкаруунун уюштуруу түзүмү (схемасы), камкордук кеңешинин мүчөлөрүн бекитүү жөнүндө буйруктун көчүрмөсү |
| **1.4** | Стратегиялык жана учурдагы пландардын, билим берүүнүн максаттарынын аткарылганын, окутуунун натыйжаларын жана билим берүүчү программаны өркүндөтүүнүн маалыматтарын чогултуу, баалоо жана талдоо боюнча механизмдин болушу | Маалыматты чогултуу жана баалоо механизмин сүрөттөңүз, бир стратегиялык максат боюнча планды аткаруунун анализин мисал келтириңиз (индикаторлорго ылайык).<br>Билим берүү максаттарына жетүү жана окутуу жыйынтыктарынын мониторинги | Мурунку жылдын планынын аткарылуусунун анализи менен отчет (билим берүү уюмунун өзүн-өзү баалоосу); жакшыртуу боюнча пландар/оңдолгон мурунку пландар |

| | Өзүн-өзү баалоо критерийлери | Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө) | Далилдөөчү база |
|---|---|---|---|
| | | кандай жол менен жүргүзүлөт? Анализдеңиз: стратегиялык планды жана мурунку окуу жылынын планын аткаруунун жыйынтыктары кандай? Планга ылайык бардыгына жетүүгө мүмкүнчүлүк болдубу? Кандай өзгөртүүлөр киргизилди жана эмне үчүн? | |
| **1.5** | Педагогикалык жамааттын, окуучулардын жана кызыкдар тараптардын билим берүүнү ишке ашырууга, анын сапатын контролдоого жана кайра кароого катышуу механизминин болушу (кызыкдар тараптар менен аркы-терки байланыш) | Катышуу механизмин сүрөттөңүз. Сапатты камсыз кылууда кызыкдар тараптардын ролу кандай? Сапатты камсыз кылууда кызыкдар тараптардын катышуусу кандай локалдык документтер менен жөнгө салынат? Мурунку же үстүдөгү жыл үчүн катышуу мисалын келтириңиз.<br>Билим берүү уюмунун ишмердигинин жыйынтыктарынын, анын ичинде кызыкдар тараптардын катышуусу менен окутуулардын жыйынтыктарынын анализинин, баалоосунун негизинде жакшыртуу боюнча кабыл алынган чараларды мисал келтириңиз. | Билим берүү сапатын камсыз кылуу системасын жүзөгө ашыруу, көзөмөлдөө жана карап чыгууда кызыкдар тараптардын катышуусун жөнгө салган локалдык актынын көчүрмөсү. Кызыкдар тараптарга сурамжылоо жүргүзүү, анкеттөө, интервью, тегерек столдордун программасы ж.б. |
| **1.6** | Билим берүүнүн сапатын камсыздоо системасын киргизүү жана окутуучу уюмда билим берүүнүн сапатынын киргизилиши үчүн жооптуу адамдардын болушу; | Билим берүү уюмунда сапатты камсыз кылуу системасынын кыскача мүнөздөмөсү. Сапатты камсыз кылуу системасын жүзөгө ашыруу кандай жол менен жүрөт: методикалык структура (методикалык кеңештер, бирикме же кафедра методу), пед.кеңеш жана ж.б. кандай роль ойнойт. Билим берүү уюмунда билим берүү сапатын камсыз кылуу үчүн эмне аткарылат? Сапатты камсыз кылуу | Билим берүү уюмунда билим берүү сапатын камсыз кылуу системасы жөнүндө колдонмо/жобо.<br>Тийиштүү функционалдык милдеттери көрсөтүлгөн жоопкерчиликтүү жактардын тизмеси.<br>Билим берүү уюмунун тийиштүү жоболору, буйруктар, билим берүү уюмунун ишмердигин баалоо критерийлери. |

| | Өзүн-өзү баалоо критерийлери | Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө) | Далилдөөчү база |
|---|---|---|---|
| | | системасын жүзөгө ашыруу кандай локалдык документтер менен жөнгө салынган, сапатты камсыз кылуу системасын жүзөгө ашыруу процессин баалоо үчүн кандай критерийлер колдонулат? | |
| **1.7** | Билим берүүчү уюмда персоналдын, окугандардын, социалдык өнөктөрдүн жүрүм-турумунун бекитилген этикалык ченемдеринин болушу. | Окуучулардын коллективи же педагогикалык коллектив тарабынан талкууланган жана кабыл алынган этикалык ченемдердин жана эрежелердин анализи. Ал кандай жол менен кабыл алынган? Бул ченемдер кандай жол менен аткарылат? Билим берүү уюмунда талаш абалдарды чечүүдө кандай механизмдер колдонулат? | Этикалык кодекс же ченемдерди жана эрежелерди тастыктаган башка локалдык документ |
| **КОРУТУНДУЛАР:** Бул минималдуу талаптар боюнча күчтүү жана алсыз жактарды көрсөтүңүз<br>**Сунуштар:** Тийиштүү аспекттердин кемчиликтерин жоюу жана жакшыртуу боюнча сунуштарды көрсөтүңүз. | | | |
| **2. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ИШТЕП ЧЫГУУ, БЕКИТҮҮ, МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮ ЖАНА МЕЗГИЛИ МЕНЕН БААЛОО** | | | |
| **Билим берүү уюмунда билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана бекитүү үчүн бекитилген тартип болушу керек. Билим берүү программаларынын мазмуну Мамлекеттик стандартка, окуучулардын жана башка кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык болушу зарыл.** | | | |
| **Билим берүү уюму билим берүү программаларынын өз максаттарына жетүүсүн жана окуучулар менен башка кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө жооп берүүсүн кепилдөө жана ырастоо үчүн мониторинг жүргүзүүсү жана мезгили менен баалоосу зарыл.** | | | |
| 2.1 | Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана бекитүү үчүн бекитилген эрежелердин болушу | Бекитүү тартибинин/жол-жоболорунун эрежелерине ылайыктуулугун көрсөтүңүз | Базистин негизинде белгиленген тартипте бекитилген үстүдөгү окуу жылынын окуу планынын көчүрмөсү |

| | Өзүн-өзү баалоо критерийлери | Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө) | Далилдөөчү база |
|---|---|---|---|
| | | негизинде ким тарабынан жана качан бекитилген). Билим берүү уюмунун, билим берүү программаларынын, мамлекеттик стандартка, минималдуу талаптарга ылайыктуулугун камсыз кылган жөнгө салуучу документтердин анализи | Окуу жүктөмү, мониторингдин жыйынтыгы.<br>Предметтик (циклдик) комиссиялардын протоколдору |
| **2.2** | Билим берүү максатынын Мамлекеттик стандартка жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык болушу. | Билим берүү уюмунун билим берүү максатынын Мамлекеттик стандарттын талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайыктуулугунун анализин бериңиз. | |
| **2.3** | Билим берүү программасы боюнча Мамлекеттик стандартка ылайык окуу жүктөмүнүн болушу | Окуу жүктөмүн жана анын Мамлекеттик стандартка ылайыктуулугун көрсөтүңүз. Гимназия жана лицейлер үчүн профилди жана окуу планынын бекитилген профилге ылайыктуулугунун негиздемесин көрсөтүү зарыл. | |
| **2.4. а)** | Төмөнкүлөрдү мезгили менен баалоо (мониторингдөө) механизминин болушу:<br>– билим берүү программасын жакшыртуу үчүн окуучулардын, алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) жана башка кызыкдар тараптардын билим берүүчү программа боюнча окутуудан күткөндөрүн, керектөөлөрүн жана канааттангандыгын; | Керектөөнү жана канааттангандыкты баалоо кандай жол менен жүрө тургандыгын сүрөттөңүз: баалоого кандай максаттуу топтор катышат, кандай методдор колдонулат, жыйынтыктар кантип колдонулат. Акыркы мониторингдин жыйынтыгын, анын негизинде кабыл алынган чечимдер, анализдер, корутундулар, сунуштар менен келтириңиз. Керектөөлөрдү баалоону жүргүзүү канчалык эффективдүү? Эмнени өзгөртүү зарыл? | Бул процедура боюнча документтин көчүрмөсү (мисалы, сурамжылоо жүргүзүү жөнүндө буйрук же жыйынтыктарды талкуулоо протоколу). Кызыкдар тараптар катышкан сурамжылоо, интервью, тегерек стол, жолугушуулардын жыйынтыктары. |

| | Өзүн-өзү баалоо критерийлери | Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө) | Далилдөөчү база |
|---|---|---|---|
| **б)** | – окутуунун күтүлгөн жана жетишилген натыйжаларын; | Окутуунун жыйынтыгын баалоо үчүн кайсы процедуралар жана кандай мезгилдик менен каралганын сүрөттөңүз:<br>– ички баалоо (ички мониторингдер, тестирлөө, сынактар)<br>– тышкы баалоолор (жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация, жалпы республикалык тестирлөө, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Билимди баалоо жана маалыматтык технологиялардын улуттук борбору, Окуучулардын билим алуу жетишкендиктерин улуттук деңгээлде баалоо ж.б. 5 жылдык жыйынтыктын анализин бериңиз:<br>– Билим берүүнүн, предметтердин баскычы боюнча окуучулардын жетишкендиктеринин мониторинги<br>– Жалпы республикалык тестирлөө Олимпиадалар<br>– «Алтын тамга»<br>– Окуучулардын билимин өз эрки менен баалоо (Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Билимди баалоо жана маалыматтык технологиялардын улуттук борбору).<br>– башка тышкы баалоонун жол-жоболору | Локалдык актынын көчүрмөсү, мисалы, окутуунун сапатын баалоо жана мониторинг боюнча мектеп ичиндеги жоболор же баалоо тармагында мектептин ички саясатын сүрөттөгөн башка документтер. Чөйрөгө жүргүзүлгөн баалоонун, окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун жыйынтыктары. |
| **в)** | – окуу жүктөмүн, окугандардын жетишүүсүн жана бүтүрүп чыгышын; | Окуу жүктөмүнүн, жетишүүчүлүктүн жана окуучуларды бүтүрүүнүн мониторингинин жана баалоонун мезгилдүүлүгүн, форматын жана процедурасын сүрөттөңүз | |

| | Өзүн-өзү баалоо критерийлери | Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө) | Далилдөөчү база |
|---|---|---|---|
| **г)** | – баалоо жол-жоболорунун натыйжалуулугун | Колдонулган баалоо жол-жобосунун анализинин эффективдүүлүгү кантип жүзөгө ашаарын сүрөттөңүз | |
| **д)** | – билим берүү чөйрөсүнүн жана колдоо кызматтарынын, алардын билим берүү программасынын максаттарына шайкештигин | Чөйрөнү (физикалык, психологиялык, маалыматтык ж.б.), анын ичинде чөйрөнүн коопсуздугун, психологиялык, социалдык, медициналык кызматты баалоонун механизмин сүрөттөңүз | |
| **2.5** | Билим берүү программасына мониторинг жүргүзүү жана мезгили менен баалоо үчүн жооптуу адамдардын болушу | Мониторингди жана баалоону жүргүзүүгө жоопкерчиликтүү жактардын милдеттерин сүрөттөңүз | Мониторинг жана баалоо үчүн жоопкерчиликтүү жактарды бекитүү жөнүндө буйруктун көчүрмөсү; үстүдөгү жылда мониторинг жана баалоо жүргүзүүнүн бекитилген планынын көчүрмөсү |
| **2.6** | Мониторингдин жана мезгили менен баалоонун натыйжаларын, билим берүү программасын жакшыртуу боюнча планды кызыкдар тараптарды тартуу менен талдоонун, талкуулоонун натыйжаларынын болушу; | Акыркы 5 жылдын билим берүү сапатынын мониторингинин маалыматтарынын анализин окутуу деңгээлинин жана предметтик чөйрөнүн бөлүгүндө корутундулары жана чечимдери менен бериңиз (динамика, жетишкендик, кемчиликтери кандай, кайсы предметтик тармакта, окутуу деңгээлинде). Талкуу кандай жол менен жүргүзүлгөн, бул билим берүү уюмун өнүктүрүү планына кандай таасир эткенин сүрөттөңүз. | Баалоо жыйынтыктарын талкуулоо протоколдору же протоколдон алынган жазуулар (мурунку 5 жыл үчүн 2 протокол). Билим берүү программасын жакшыртуу боюнча пландар. |
| **2.7** | Билим берүү программасын окуу-методикалык камсыздоонун билим берүүнүн максаттарына жана Мамлекеттик стандартка ылайык келүүсү. | Ылайыктуулук анализин бериңиз, кайсы каражаттар жана материалдар жетишсиз, окутуучулар тарабынан кандай материалдар иштелип чыгат, алар сапатка коюлган талаптарга канчалык деңгээлде жооп | Окуу-методикалык материалдардын жана каражаттардын тизмеси |

| | Өзүн-өзү баалоо критерийлери | Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө) | Далилдөөчү база |
|---|---|---|---|
| | | бересин көрсөтүңүз (анын ичинде гендердик аспект, инклюзив, полимаданий жана көп тилдүүлүктү каттоо) | |
| **КОРУТУНДУЛАР:** Бул минималдуу талаптар боюнча күчтүү жана алсыз жактарды көрсөтүңүз<br>**Сунуштар**: тийиштүү аспекттердин кемчиликтерин жоюу жана жакшыртуу боюнча сунуштарды көрсөтүңүз. | | | |
| **3. КОМПЕТЕНТТҮҮ ОКУТУУ ЖАНА ОКУУЧУЛАРДЫН ЖЕТИШҮҮСҮН БААЛОО** | | | |
| **Билим берүү уюму өзүнүн билим берүү программаларына компетенттүү окутуу процесстерин киргизүүсү зарыл. Билим берүү программаларын ишке ашыруучу методдор окуучуларды билим берүү процессин биргелешип ишке ашырууда активдүү иш-аракетке кызыктыруусу зарыл.** | | | |
| **3.1.** | Компетенттүү окутуунун негизинде пландалган максаттарынын болушу | Сабактарда окутуучулар/мугалимдер тарабынан кандай максаттар пландалат, негизги жана предметтик компетенттүүлүктү түзүү кандай жол менен пландалат? Сүрөттөңүз. Окуучулар позициясынан сабактын максатын коюу ыкмаларына канчалык деңгээлде ээ болгонун анализдеңиз, максаттар жана күтүлгөн жыйынтыктар стандарттарга канчалык деңгээлде ылайык келет? | Билим берүү уюмунда колдонулган сабакты анализдөө картасы, сабактын планынын макети (үлгүсү) |
| **3.2.** | Сабактарда жана сабакка даярданууда компетенттүүлүктү даярдоочу информациялык-коммуникациялык технологиялардын жана методдордун болушу | Окутуучулардын/мугалимдердин канча пайызы компьютер колдонууну билет, системалык түрдө колдонушат:<br>– сабакка даярданууда компьютер жана интернет;<br>– проектор (сабакта сунум жасоо үчүн)<br>– интерактивдик тактайлар (тажрыйбаны көрсөтүү, интерактивдик тапшырмаларды, тестирлөөнү өткөрүү ж.б.)<br>– окуучуларга өз алдынча издөө, анализдөө, интернеттеги маалыматтык | Сабак өтүүдө жана окуучулардын билимин баалоодо маалыматтык-коммуникациялык технология (МКТ) жана ал колдонулган предметтердин тизмеси менен таблица (МКТнын түрлөрүн жана методдорун көрсөтүү менен) |

| | Өзүн-өзү баалоо критерийлери | Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө) | Далилдөөчү база |
|---|---|---|---|
| | | иштеп чыгуу, сунум даярдоо ж.б. үчүн тапшырмаларды берет.<br>– Педагогдор жана окуучулар тарабынан маалымат-коммуникациялык технологиялардын колдонулуусуна өбөлгө түзүү үчүн кандай шарттар түзүлгөн? | |
| **3.3** | Окуу жана тарбиялоо процесстерине социалдык долбоорлорду пайдалануу жана коомчулукту тартуу менен инновациялык технологияларды киргизүү | Билим берүү уюму инновациялык технологияларды жүзөгө ашыруу үчүн коомчулук менен кантип иштээрин сүрөттөңүз (социалдык долбоорлорду атаңыз – темасын, жыйынтыктарын, катышуучуларды жана өткөрүү жылдарын; акыркы беш жылдагы инновациялык долбоорлорду каржылоо үчүн коомчулукту тартуу тажрыйбасы) | Үстүдөгү окуу жылында окуу жана тарбиялоо иштериндеги инновациялык технологиялардын тизмеси, тартылган каржылоонун тийиштүү долбоорлорунун жана көлөмдөрүнүн тизмеси. |
| **3.4** | Педагогикалык методдорду, окутуунун формаларын жана технологияларын баалоо жана тууралоо үчүн окугандар менен аркы-терки байланыш механизминин болушу | Кайтарым байланышты алуу процесси кандай жол менен уюшулган, педагогдор ишинин методдорун жана технологиясын кантип анализдешет, эки тараптуу катышуудан, өзүн-өзү анализдөөдөн кийин сабактарды талкуулоо кандай жол менен жүргүзүлөт.<br>Кайсы ички актты жетекчиликке алганыңызды сүрөттөңүз | Уюмда колдонулган сабактарды анализдөө картасы, ар бир сабактын планынын макети (үлгүсү) |
| **3.5.** | Окуучуларга билим берүүнүн жетишилген натыйжаларын туура жана ачык-айкын баалоону камсыздоочу бекитилген эрежелердин жана жол-жоболордун болушу | Өзүн-өзү баалоодо колдонулган окуучулардын жетишкендиктерин баалоо жол-жоболорун жана куралдарын, баалоо ченемдерин жана критерийлерин бериңиз (мисалы, жазуу иштерин, окуу жөндөмдөрүн, долбоорлорду ж.б.) | Ички актылардын көчүрмөсү, мисалы которуу сынактардын, жыйынтыктоочу аттестацияны ж.б. өткөрүү жөнүндө, билим берүү уюмунда бекитилген окуучулардын жетишкендиктерин баалоону жөнгө салуу регламенти же жобосу |

| | Өзүн-өзү баалоо критерийлери | Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө) | Далилдөөчү база |
|---|---|---|---|
| **3.6.** | Баалоонун натыйжасына апелляция берүү жол-жобосунун болушу | Бул жол-жоболор кайсы документте көрсөтүлгөнүн портфолиого шилтеме берүү менен көрсөтүңүз | |
| **3.7.** | Окуучулардын чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүнү жана ишке ашырууну камсыздоо үчүн тийиштүү механизмдердин жана чөйрөнүн болушу:<br>- окугандардын райондук, облустук, шаардык, республикалык жана эл аралык олимпиадаларга катышуусу;<br>- окугандардын ар кандай конкурстук иш-чараларга катышуусу;<br>- ар кандай спорттук мелдештерге катышуу; | Билим берүү уюмунун сабактан тышкаркы ишмердигинин анализин бериңиз: окуучулардын чыгармачыл, спорттук, академиялык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө кандай көңүл бөлүнөт (сандык жана сапаттык).<br>Түрдүү деңгээлдеги олимпиада, конкурс, спорттук жарыштарга катышуунун тийиштүү жыйынтыктарын бериңиз. | Катышуучулардын, жетекчилердин санын жана жумасына берилген сааттын көлөмү көрсөтүлгөн спорттук секциялардын, ийримдердин аталыштарынын тизмеси |
| **3.8.** | Окуучулар колдонулуучу эрежелер, окуунун натыйжасын баалоо (экзамен, зачет, тестирлөө) жол-жоболору жана баалоонун натыйжалары менен тааныштыруу системасынын болушу; | Окуучуларга маалымат берүү жол-жоболорун көрсөтүңүз. | Локалдык актынын көчүрмөсү, мисалы, билим берүү уюмунда бекитилген, окуучулардын жетишкендиктерин баалоо жобосу же регламенти |
| **3.9.** | Окуучуларды иргөөнүн себептерине, алардын бекемделүүсү жана алардын жетишүүсүн арттыруу боюнча көрүлгөн чараларга талдоонун болушу; | Мектепке келбеген балдар, окуучулардын иш-аракети, себептеринин анализи (акыркы 5 жыл ичинде) жана көрүлгөн чаралар боюнча маалыматтарды бериңиз. | Мектепке келбеген балдар, акыркы 5 жылда келген жана кеткен окуучулар боюнча маалыматтар |
| **3.10** | Окуу процессине катышкандардын тартип бузууларына чара көрүүнүн иштелип чыккан жана бекитилген жол-жоболорунун болушу | Алар негиз алган жол-жоболорду жана документти көрсөтүңүз. | Локалдык актынын көчүрмөсү |
| **3.11** | Окуучулар менен тарбиялык иш боюнча бекитилген пландардын жана | Негизги (приоритеттик) багыттар боюнча тарбиялоо иштеринин кыскача анализин | Үстүдөгү окуу жылы үчүн тарбиялоо иштери боюнча бекитилген пландар |

| | Өзүн-өзү баалоо критерийлери | Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө) | Далилдөөчү база |
|---|---|---|---|
| | аларды ишке ашыруунун натыйжаларынын болушу; | бериңиз: жыйынтыктары барбы? Алар эмне менен ченелет? Тарбиялоо иштерин жакшыртуу үчүн эмнелер жасалган?<br>Билим берүү уюмунун психологиялык коопсуздугунун анализинин жыйынтыгын бериңиз (10-тиркемедеги куралдар боюнча). | жана отчеттор |
| **3.12** | Окуучулардын, ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) жана кызыкдар тараптардын кайрылууларына, арыздарына жана даттанууларына чара көрүүнүн иштеп чыгарылган жана колдонууга киргизилген жол-жоболорунун болушу | Алар негиз алган жол-жоболорду жана документти көрсөтүңүз. Жыйынтыктарын сүрөттөңүз. | Локалдык актынын көчүрмөсү |
| **КОРУТУНДУЛАР:** Бул минималдуу талаптар боюнча күчтүү жана алсыз жактарды көрсөтүңүз<br>**Сунуштар:** тийиштүү аспекттердин кемчиликтерин жоюу жана жакшыртуу боюнча сунуштарды көрсөтүңүз**.** | | | |
| **4. ОКУУЧУЛАРДЫ КАБЫЛ АЛУУ, БИЛИМ БЕРҮҮНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫН ТААНУУ ЖАНА ОКУУЧУЛАРДЫ БҮТҮРҮҮ** | | | |
| **Билим берүү уюмунда окуучуларды кабыл алууну, билим берүүнүн натыйжаларын таанууну жана бүтүрүп чыгарууну жөнгө салуучу ачык-айкын, бекитилген, ырааттуу колдонулган эрежелер болууга тийиш.** | | | |
| **4.1** | Окуучуларды билим берүү уюмуна кабыл алуунун бекитилген эрежесинин болушу | Окуучуларды тандоо жана кабыл алуу процедурасын аныктаган билим берүү уюмунунун уставында, ички актыларда бөлүмдөрүн жана пункттарын белгилеңиз (алгачкы кабыл алуу жана башка билим берүү уюмунан которулуу). Тандоонун колдонулган методдорун санап чыгыңыз жана сүрөттөңүз. | Билим берүү уюмунун “Окуучуларды кабыл алуу жана тандоо тартиби” локалдык актынын же Уставдын тийиштүү пунктунун көчүрмөсү |
| **4.2** | Билим берүү уюму мурдагы окуган | Жол-жобо негизделген документтерди | Локалдык актынын көчүрмөсү |

| | Өзүн-өзү баалоо критерийлери | Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө) | Далилдөөчү база |
|---|---|---|---|
| | мезгилдеги алган билимди туура таануусун камсыздоо үчүн бекитилген эрежелер менен жол-жоболордун болушу | жана жол-жоболорду көрсөтүңүз. | |
| **4.3** | Билим берүү уюму окутуу курсун бүтүргөн жана окутуунун күтүлгөн натыйжасына жетишкен бүтүрүүчүлөрдү билими жөнүндө күбөлүк менен камсыздоосу | 9 жана 11-класстагы окуучулардын саны, жыйынтыктоочу аттестацияга катышуу жана билим берүү жөнүндө документти берүү боюнча акыркы беш жылдын статистикалык маалыматтарын бериңиз. Билим берүү жөнүндө документтерди берүүгө тийиштүү Билим берүү уюмунунун уставындагы бөлүмдөрдү жана пункттарды белгилеңиз. | Педкеңештин акыркы аяктаган жылдагы жыйынтыктоочу аттестацияга катышуу жана билим берүү документин берүү жөнүндө протоколдун көчүрмөсүн тиркеңиз. Кабыл алуу процессин жакшыртуу боюнча пландар. |
| **КОРУТУНДУЛАР:** Бул минималдуу талаптар боюнча күчтүү жана алсыз жактарды көрсөтүңүз<br>**Сунуштар:** тийиштүү аспекттердин кемчиликтерин жоюу жана жакшыртуу боюнча сунуштарды көрсөтүңүз. | | | |
| **5. КАДРДЫК САЯСАТ ПЕДАГОГИКАЛЫК ЖАНА ОКУТУУЧУ-КӨМӨКЧҮ КУРАМ** | | | |
| **Педагогикалык иште керектүү билими жана тийиштүү педагогикалык квалификациясы бар адамдар иштей алышат** | | | |
| **5.1** | Педагогикалык жана окутуучу-көмөкчү курамды жумушка кабыл алуунун объективдүү критерийлерин камсыздоочу механизмдердин жана жол-жоболордун болушу | Жол-жобо негизделген ченемдик укуктук актыны жана жол-жобону, талаптарга ылайыктуулукту көрсөтүңүз<br>Эмгек кодексине жана эмгекти коргоо боюнча мыйзамдарга ылайыктуулугу.<br>Жумуш күнүн нормалоо, кызматкерлерди социалдык коргоо | Локалдык актынын көчүрмөсү. Билим берүү уюмунун кызматкерлеринин ишмердигин баалоо критерийлери. |
| **5.2.** | Педагогикалык жана окутуучу-көмөкчү курамдын комплектилениши, квалификациясы, билими жана тажрыйбасы билим берүүнүн максаттарына жетүүгө ылайык болушу | Ылайыктуулук анализи: толук комплекттенгендик, сапаттык анализ. | Педагогикалык курам жана окутуу-тарбиялоо процесси жөнүндө маалымкат (толук комплекттенгендик, сапаттык жана сандык курам)<br>Кызматтык нускама |

|  | Өзүн-өзү баалоо критерийлери | Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө) | Далилдөөчү база |
|---|---|---|---|
| **5.3.** | Педагогикалык жана окутуучу-көмөкчү курамдын квалификациясын жогорулатуунун туруктуу иштеген системасынын болушу | Билим берүү уюмунда үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүү системасын жана педагогдордун райондук/шаардык/облустук/улуттук деңгээлде квалификациясын жогорулатууга жана кесиптик өнүгүүгө катышуусун сүрөттөңүз.<br>Кесиптик өнүктүрүүнүн ар бир түрү боюнча катышуунун санын жана пайызын көрсөтүңүз:<br>– Билим берүү уюмунда методикалык иш;<br>– насаатчылык системасы/жаш адистин мектеби;<br>– кыска мөөнөттүү тренингдерге, семинарларга, конференцияларга катышуу;<br>– акыркы 5 жылда курстарда квалификациясын жогорулатышы (педагогдордун %);<br>– дистанттык, онлайн курстар<br>Система педагогдордун, администрациянын, окутуучу-көмөкчү курамдын үзгүлтүксүз профессионалдык өнүгүүсүн канчалык камсыз кыларын анализдеңиз. Педагогикалык коллективдин канча пайызы тартылган (кесиптик өнүгүүнүн формалдык эмес ыкмаларына катышуу пайызын, ошондой эле акыркы беш жылда пландык курстарга катышуу\квалификацияны формалдык жогорулатуу көрсөткүчүн көрсөтүңүз)? Билим берүү уюмунда колдонулган кесиптик өнүгүүгө шыктандыруу жана өбөлгөлөө механизмдерин көрсөтүңүз. | Билим берүү уюмунда мугалимдерди профессионалдык жактан үзгүлтүксүз өнүктүрүү системасы жөнүндө ички акт (Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2017-жылдын 21-июнундагы “Жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдоруна үзгүлтүксүз билим берүү жөнүндө” Жобонун негизинде)<br>Билим берүү уюмунун стратегиялык планы (билим берүү уюму кызматкерлерин кесиптик өнүктүрүү жөнүндө бөлүм), мугалимдерди кесиптик өнүктүрүүдө керектөөлөрдүн анализи.<br>Кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жөнүндө отчеттор. |

| | Өзүн-өзү баалоо критерийлери | Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө) | Далилдөөчү база |
|---|---|---|---|
| **КОРУТУНДУЛАР:** Бул минималдуу талаптар боюнча күчтүү жана алсыз жактарды көрсөтүңүз<br>**Сунуштар:** тийиштүү аспекттердин кемчиликтерин жоюу жана жакшыртуу боюнча сунуштарды көрсөтүңүз. | | | |
| **6. МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗА ЖАНА МААЛЫМАТТЫК РЕСУРСТАР** | | | |
| **Билим берүү уюму жетиштүү, жеткиликтүү жана билим берүү максаттарына ылайыктуу материалдык-техникалык база жана маалыматтык ресурстар болушун кепилдөөсү зарыл** | | | |
| **6.1** | Педагогикалык жана окутуучу-көмөкчү курамга, окуучуларга, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга окутуунун күтүлгөн (пландалган) натыйжасына жетишүүсү үчүн жеткиликтүү болгон материалдык ресурстардын (китепкана фонддору, компьютердик класстар, тармактык ресурстар, окуу куралдары, техника жана башка ресурстар) болушу. | Материалдык ресурстарды анализдеңиз:<br>- Компьютерлердин, интерактивдик такталардын, проекторлордун абалы жана жеткиликтүүлүгү (саны, эксплуатация мөөнөтү, абалы) жана алардын мектептик программаны аткаруу үчүн окуучуларга жеткиликтүү болушу;<br>- Педагогикалык курам үчүн жеткиликтүүлүгү.<br>- Спорттук залдын, стадиондун жана спорттук жабдыктардын болушу жана жеткиликтүүлүгү (анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелгендер үчүн);<br>- Интернеттин жана түрдүү окуу предметтери боюнча электрондук билим берүү ресурстарына кирүү мүмкүнчүлүгүнүн болушу жана жеткиликтүүлүгү;<br>- Эмерек менен камсыз болуусу (жетиштүүлүгү, абалы, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелгендер үчүн жеткиликтүүлүүгү).<br>Негизги көйгөйлөрдү жана жетишкендикти (ресурстук базаны жакшыртуу боюнча Билим берүү уюмунун иш-аракети) жана пландалган иш-аракеттер | Материалдык-техникалык база жөнүндө маалымкат (маалымкатка фотоматериалдарды тиркөөгө болот) |

| | Өзүн-өзү баалоо критерийлери | Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө) | Далилдөөчү база |
|---|---|---|---|
| **6.2** | Билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн санитардык-гигиеналык ченемдер менен эрежелердин, өрт коопсуздугунун, эмгекти коргоонун жана коопсуздук ыкмаларынын талаптарына ылайык келген окуу имараттарынын жана бөлмө-жайларынын болушу | Имараттардын төмөнкү талаптарга ылайык келүүсүн анализдеңиз жана сүрөттөңүз:<br>– Өрт коопсуздугу;<br>– Сейсмикалык коопсуздук;<br>– Санитардык эрежелерге жана ченемдерге<br>– Өзгөчө кырдаалдарга даярдык;<br>– Энергоэффективдүүлүк.<br>–Мектептин коопсуздук паспортунун болушу (билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун өзүн-өзү баалоону жүргүзүү боюнча суроо-жоопту толтуруу жыйынтыгы боюнча)<br>– билим берүү уюмунун аймагынын жашылдандырылуусу.<br>Окуу-материалдык базанын тийиштүү ыйгарым укуктуу органдардын өрт коопсуздугу, санитардык ченемдер жана эрежелер ж.б. Корутундусунун талаптарына ылайык келүүсүн көрсөтүңүз (тийиштүү корутундуга шилтеме бериңиз).<br>Негизги көйгөйлөрдү жана жетишкендиктерди, пландалган иш-аракеттерди көрсөтүңүз. | Имараттардын техпаспорту.<br>Имараттардын окуу залына даярдыгы жөнүндө акт. Тийиштүү ыйгарым укуктуу органдардын өрт коопсуздугу, өзгөчө кырдаалдарга ж.б. даярдыгы жөнүндө корутундусунун болушу |
Аккредитация өткөрүү боюнча эксперттин ыйгарым укуктарын бекитип берүүңүздү суранам.

Өзүм жөнүндө төмөнкүлөрдү маалымдайм:

| | |
|---|---|
| **ЖАЛПЫ МААЛЫМАТТАР** | |
| Толук аты-жөнү | |
| Адамды күбөлөндүргөн документтин реквизит-тери (паспорт) | |
| Салык төлөөчүнүн идентификациялык номери | |
| **БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ** | |
| Жашаган жери боюнча каттоонун дареги | |
| Анык жашап турган жеринин дареги | |
| Телефон (уюлдук) | |
| Телефон (кызматтык) | |
| Электрондук почтанын дареги | |
| **БИЛИМИ ЖАНА ИШ ТАЖРЫЙБАСЫ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР** | |
| **1. Жогорку кесиптик билим жөнүндө маалыматтар** | |
| Жогорку билимдин деңгээли | |
| Билим берүү уюмунун аталышы, бүтүрүү жылы | |

| | |
|---|---|
| Адистиктин, даярдоо багытынын аталышы | |
| Ыйгарылган квалификациянын аталышы | |
| **2. Кесиптик кайра даярдоо жөнүндө маалыматтар** | |
| Билим берүү уюмунун аталышы,<br>аяктаган жылы | |
| Адистиктин, даярдоо багытынын<br>аталышы | |
| Ыйгарылган квалификациянын аталышы | |
| **3. Окумуштуулук наам жана даражалары жөнүндө маалыматтар** | |
| Окумуштуулук даража | |
| Окумуштуулук наам | |
| **4. Билим берүү тармагындагы иш тажрыйбасы жөнүндө маалыматтар** | |
| Уюмдун же мекеменин аталышы<br>(иштеген учурда) | |
| **5. Негизги кызмат орду жөнүндө маалыматтар** | |
| Уюмдун же мекеменин толук аталышы | |
| Уюмдун дареги | |
| Ээлеген кызматы | |
| **6. Башка иштеген жерлери жөнүндө маалыматтар<br>(анын ичинде жарандык-укуктук келишимдин негизиндегилер)** | |
| Уюмдун же мекеменин толук аталышы | |
| Ээлеген кызматы | |

Бул арызга төмөнкү документтер тиркелет:

1. Адамды күбөлөндүргөн документтин көчүрмөсү;
2. Алган билими жана квалификациясы тууралуу документтин көчүрмөсү;
3. Окумуштуулук наам жана даража жөнүндө документтин көчүрмөсү (бар болсо);
4. Эмгек китепчесинин көчүрмөсү;
5. Мектептик билим берүү тармагындагы талапкердин акыркы негизги кызмат ордунда иштеген жери боюнча мекеменин жетекчисинен сунуштама;
6. Көрсөтүлгөн документтердин тизмеси.

«____»_____________201 __ -ж.

_______________/_______________

(колу) (Аты-жөнү)

**Б тиркемеси**
**Эксперттерди сертификациялоонун жана**
**аларды аккредитациялык экспертизаны**
**өткөрүүгө тартуунун тартибине**

______________________________
(толук аты-жөнү)

Дареги боюнча жашаган:
______________________________
Байланыш телефону:
______________________________
Электрондук почта
______________________________

## Билдирүү

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги Сизди аккредитациялык экспертизаны өткөрүү үчүн тандап алгандыгын билдирет
______________________________________________________________,
(Билим берүү уюмунун жана аккредитацияланууучу билим берүү программасынын толук аталышы)

Дареги:
______________________________________________________________

«___» ____________ 201__ -жылдан баштап «___» ____________ 201__ -жылга чейин.

Сиз белгиленген формада эки күндүн ичинде аккредитациялык экспертизанын жыйынтыктарында кызыкдар тараптардан көз карандылыгыңыздын жоктугун жана (же) аккредитациялык экспертизанын жыйынтыктарында өзүңүздүн кызыкчылыктарыңыздын жоктугун, ошондой эле аккредитациялана турган билим берүү уюму менен акыркы 5 жылдын ичинде кандайдыр бир эмгектик мамилелериңиздин жок экендигин көрсөтүү менен өзүңүздүн макулдугуңузду билдирүүңүздү суранабыз.

Башчы, жетекчи ____________________

«___» ____________ 20___ -ж.

**В тиркемеси**
**Эксперттерди сертификациялоонун**
**жана аларды аккредитациялык**
**экспертизаны өткөрүүгө тартуунун**
**тартибине**

**Кыргыз Республикасынын**
**Билим берүү жана илим**
**министрлигинин**
**Лицензиялоо жана**
**аккредитациялоо башкармалыгы**

____________________________________
(толук аты-жөнү)

Дареги боюнча жашаган:
____________________________________
Байланыш телефону:
____________________________________
Электрондук почта
____________________________________

Мен, ________________________________________________________,
(толук аты-жөнү)

аккредитациялык экспертизага катышууга макулмун _______________________
______________________________________________________________,
(Билим берүү уюмунун жана аккредитацияланууучу билим берүү программасынын толук аталышы)

Дареги: __________________________________________________________

«___» _________201__ -жылдан тартып «___» __________201__ -жылга чейин.

Ошондой эле аккредитациялык экспертизанын жыйынтыктарында кызыкдар тараптардан көз карандылыгымдын жоктугун жана (же) аккредитациялык экспертизанын жыйынтыктарында өзүмдүн кызыкчылыктарымдын жоктугун, аккредитациялана турган билим берүү уюму менен акыркы 5 жылдын ичинде кандайдыр бир эмгектик мамилелеримдин жок экендигин тастыктайм.

«____»____________20___-ж.
______________/_______________________
(колу) (Аты-жөнү)

**Г тиркемеси**
**Эксперттерди сертификациялоонун жана аларды аккредитациялык экспертизаны өткөрүүгө тартуунун тартибине**

**Аккредитация боюнча эксперттин этикалык кодекси**

Эксперттин толук аты-жөнү

______________________________________________

Аккредитацияланып жаткан билим берүү уюмунун аталышы

______________________________________________

1. Эксперт жалпы адамзаттык моралдык эрежелерди жана нравалык ченемдерди карманышы керек, айрыкча, ак ниет, чынчыл, сатылбас болууга милдеттүү.
2. Эксперт:
– кызыкчылыктардын кагылышы тууралуу кабарлап турушу керек;
– кызматтык тейлөөлөрдү көрсөтүүгө ынтызар, ийкем жана сыпайы болууга тийиш;
– бардык далилдерге, анын жумушчу гипотезалары тастыкталса да же тастыкталбаса да, ачык жана ынтызар болушу кажет;
– белектерди кабыл албашы керек же билим берүү уюмунун меймандостугун аша чаап пайдаланбашы кажет.
3. Тышкы баалоо үчүн уюмга барган учурда алынган маалыматтардын баары конфиденциалдуу болуп саналат жана ыйгарым укуктуу органдын жана аккредитацияланып жаткан билим берүү уюмунун өкүлүнө гана билдирилиши мүмкүн.
4. Эксперттердин тыянактары, сунуштары жана корутундулары үчүн талап кылынган маалыматтын жетиштүү көлөмү гана негиз боло алат.
– Эксперттер фактыларды так эмес же атайы иштелбеген мамиле менен сунуштабашы керек;
– Эксперт кызматтык милдеттерин ак ниет аткарышы, натыйжалуу жана так иш алып баруу үчүн бардык аракеттерди жумшашы керек;
– Эксперт кызматтык милдеттемелери менен ажырымда болгон, жеке убадаларды бере албайт;
– Эксперт аккредитациянын жүрүшүндө алган конфиденциалдык жана кызматтык маалыматтарды сыр бойдон сактоого милдеттүү;
– Эксперт өзүнүн кесиптик компетенттүүлүгүн керектүү деңгээлде кармап турууга, семинарлардын, конференциялардын, симпозиумдардын, адистештирилген курстардын ишине катышууга милдеттүү.
Жогоруда көрсөтүлгөн эрежелерден обочолонуу ыйгарым укуктуу органдын эксперттеринин Реестринен эксперттин чыгарылышына алып барат.

Таанышып чыктым:

| | |
|---|---|
| ____________________________ | ________________ |
| Эксперттин кол тамгасы | датасы |

**5-ТИРКЕМЕ**

# НЕГИЗГИ ЖАНА/ЖЕ ОРТО ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫНЫН ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫНЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН БИЛИМ ДЕҢГЭЭЛИН СТАНДАРТТАЛГАН ТЕСТТЕР ФОРМАСЫНДА БААЛООНУН ЭРЕЖЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨГҮ ЖОБО

## 1. Жалпы жоболор

Бул Жобо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 16-июнундагы №381 "Негизги жана/же орто жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдарын аккредитациялоонун Тартибин жана Кыргыз Республикасынын негизги жана/же орто жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруучу, аккредитацияланууучу билим берүү уюмдарына коюлуучу Минималдуу талаптарды бекитүү жөнүндө" Токтомунун негизинде иштелип чыккан.

Бул Жобо төмөнкүлөрдү аныктайт:

– Негизги жана/же орто жалпы билим берүү программалары боюнча стандартталган тесттер формасында билим берүү уюмунун окуучуларынын билим деңгээлдерин баалоону өткөрүүнүн эрежелерин;
– Стандартталган тесттерди иштетүүнүн, ошондой эле жыйынтыктарды чыгаруунун тартибин;
– Негизги жана/же орто жалпы билим берүү программалары боюнча билим берүү уюмдарынын окуучуларынын билимдерин аралык текшерүүнү:
– Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына окуучулардын сабакка жетишүүсүнүн шайкештигин аныктоо үчүн окуучулардын билим деңгээлдерин баалоону жана талдоону.

## 2. Тестирлөө үчүн окуу предметтеринин тизмеси жана аны өткөрүүнүн мөөнөттөрү

Стандартталган тестти өткөрүү негизги жана/же орто жалпы билим берүүнүн билим берүүчүлүк программалары боюнча окуучуларга жайылтылат. Стандартталган тест жабык типтеги тапшырмаларды – бир туура жоопту тандоо менен аткарылган тапшырмаларды камтыйт.

Тестирлөө үчүн окуу предметтеринин жана дисциплиналарынын тизмеси билим берүү уюмунун жана программасынын спецификасын эске алуу менен ыйгарым укуктуу орган тарабынан аныкталат.

Тестирлөө үч предмет боюнча өткөрүлөт: математика, эне тил жана тандоо боюнча предмет (физика, химия, биология, география, англис тили, немис тили, француз тили, тарых, Адам жана коом, окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн кыргыз тили жана окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн орус тили). Окутуу бир тилде жүргүзүлгөн билим берүү уюму бардык

тестирлөөдөн өтүп жаткан класстар үчүн тандоо боюнча бир предметти аныктайт. Окутуу эки жана андан көп тилде жүргүзүлгөн билим берүү уюму окутуунун ар бир тили үчүн тандоо боюнча ар кандай предметтерди аныктай алат.

Гимназиялык/ лицейдик багыттагы (профилдеги) жалпы билим берүүчү программаларды ишке ашыруучу, жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн тандоо боюнча предмет окутуунун жогоруда көрсөтүлгөн багытына (профилине) ылайык болушу керек. Тандоо боюнча предметтин тесттик тапшырмалары программанын татаалдыгынын жогорку деңгээлине шайкеш келе турган болот.

Жалпы билим берүүчү атайын программаларды ишке ашыруучу, жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн тестирлөө үч предмет боюнча: математика, эне тил жана тандоо боюча предметтен өткөрүлөт. Жогоруда көрсөтүлгөн бардык предметтер боюнча тестирлөө бул учурда жалпы билим берүүчү атайын программаларды талаптарынын деңгээлине ылайык өткөрүлөт.

Билим берүү уюмдарында стандартталган тестти өткөрүүгө төмөнкүдөй убакыттар бекитилет:

– математика, физика, химия, информатика боюнча – 1 саат (60 мүнөт);
– калган бардык предметтерге – ар бир предметке 45 мүнөттөн.

Стандартталган тестти өткөрүүнүн мөөнөттөрү ыйгарым укуктуу органдын тышкы баалоону өткөрүү жөнүндөгү буйругу менен бекитилет.

### 3. Билим берүү уюмунун жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Билим берүүнү баалоо жана маалыматтык технологиялардын улуттук борборунун милдеттери

Стандартталган тестти өткөрүүгө окуучуларды даярдоону уюштуруу билим берүү уюмунун жетекчисине жүктөлөт. Окуучулардын стандартталган тестин өткөрүүнү жана жыйынтыктарды эсептөөнү Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Билим берүүнү баалоо жана маалыматтык технологиялардын улуттук борбору жүзөгө ашырат. Стандартталган тест предметтик тестирлөө технологиясын же окуучулардын билим деңгээлдерин баалоонун башка түрлөрүн колдонуу менен жүргүзүлөт.

**Билим берүү уюму:**

– тестирлөөнүн катышуучулары жөнүндө маалыматтарды берет;
– стандартталган тестке окуучулардын даярдыгын камсыз кылат;
– стандартталган тестке окуучулардын катышуусун уюштурат жана камсыз кылат, ошондой эле окуучуларда канцеляриялык буюмдардын (күңүрт көк же кара түстөгү сыясы бар шарик калем сап) болушун камсыз кылат;
– стандартталган тестти өткөрүүнүн ордун өз алдынча аныктайт жана бекитилген мөөнөттөрдө стандартталган тестти өткөрүүгө бөлмөнү даярдайт (санитарлык-гигиеналык шарттарды, коомдук тартипти коргоону камсыз кылат, мектеп жана медициналык кызматкерлерден күзөт уюштурат);
– тестирлөө өткөрүү күндөрү стандартталган тесттин администраторлорунун иши үчүн шарттарды камсыз кылат. Стандартталган тестти өткөрүүнү

уюштурууга жана байкоо жүргүзүп турууга билим берүү уюму боюнча жоопкерчиликтүү тарапты (адамды) дайындайт;
– коомдук байкоочулардын тизмесин бекитет.

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин билим берүүнү баалоо жана маалыматтык технологиялардын улуттук борбору:**
– окуу программасына жана тестирлөөнү өткөрүү учуруна карата өтүлгөн материалга мазмуну ылайык келген тесттердин комплектин даярдайт;
– бардык окуучулар үчүн бирдиктүү шарттардын түзүлүшүн камсыз кылат;
– тесттерди сактоонун жана иштетүүнүн бекем сырдуулугун сактоону камсыз кылат;
– тестирлөөнүн жыйынтыктарын иштетүүдө конфиденциалдуулуктун жана объективдүүлүктүн сакталышын камсыз кылат;
– тестирлөөнү өткөрүүнүн жалпы тартибин аныктайт;
– окуучуларды каттоонун формасын аныктайт;
– тестирлөөнүн маалыматтарын иштетүүнүн жол-жоболорун жана механизмдерин даярдайт;
– тестирлөөнүн ар бир катышуучусунун бааларын аныктоо үчүн предметтер боюнча тестирлөөнүн жыйынтыктарын баалоонун системасын иштеп чыгат;
– тестирлөөнүн жыйынтыктарын чыгарууну жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген мөөнөттөрдө жыйынтыктардын өз убагында берилишин камсыз кылат;
– тестирлөөнүн жыйынтыктары боюнча отчётторду жана аны жакшыртуу боюнча сунуштарды Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине берет;
– Билим берүү уюмдарынын стандартталган тест боюнча документациясынын архивин түзөт.

**Тестирлөөнүн администраторунун милдеттери:**
– тестирлөө башталгандан аяктаганга чейин дайыма класста/ бөлмөдө болуп турат;
– тестирлөөнү өткөрүүнүн эрежелерин так сактайт;
– класста /бөлмөдө тартиптин сакталышын жана дисциплинаны камсыз кылат;
– тестирлөө өткөрүү учурунда жагымдуу атмосфераны түзөт;
– окуучуларды так нускамалайт жана окуучулар тарабынан жооптор баракчасынын, титулдук баракчалардын, тесттик брошюралардын туура толтурулушун камсыз кылат;
– тесттик материалдардын конфиденциалдуулугун жана бекем сакталышын камсыз кылат;
– алынган тесттик материалдардын катуу отчёттуулугун кармайт.

**4. Билим деңгээлине баалоо жүргүзүүнүн тартиби**

Стандартталган тест формасында билим деңгээлин баалоону өткөрүү окутуу кыргыз же орус/өзбек/тажик тилдеринде жүргүзүлгөн ар кыл класстар үчүн Кыргыз Республикасынын Билим берүү уюмдарында уюштурулат.

Билим берүү уюмуна келгенде Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин билим берүүнү баалоо жана маалыматтык технологиялардын улуттук борборунун өкүлү ички нускамага ылайык, тестирлөөдөн өтө турган класстарды (эгер билим берүү уюмунда 8- жана 10-класстардан бир нече параллелдер бар болсо) тандайт.

Тестирлөө күнү окуучулар каттоодон өтүшөт.

Тестирлөөнүн алдында администраторлор билим деңгээлин баалоону өткөрүүнүн тартиби жана тестирлөөнү өткөрүүнүн эрежелери жөнүндө билим берүү уюмунда нускама өткөрүшөт.

Тестирлөө бекитилген мөөнөттөрдө башталат. Уюштуруучулук иш-чараларга коротулган убакыт (пакеттерди ачуу, тапшырмаларды таратуу, нускаманы өткөрүү, бланктардын каттоо бөлүгүн толтуруу) тестирлөөнүн негизги убакытына кошулбайт.

Окуучулар тесттерди аткарууга администратордун көрсөтмөсү боюнча киришишет.

Тестирлөөнү жүргүзүүдө ар бир окуучуга жеке орун жана жеке тапшырмалар берилет.

Окуучулар администратордун көрсөтмөлөрүн так аткарууга милдеттүү. Сүйлөшүүгө, ордунан турууга, уруксатсыз башка орунга отурууга, тесттик материалдар менен алмашууга тыюу салынат.

Окуучуларга мобилдик телефондорду же башка техникалык каражаттарды, окуу китептерин же жазууларды жанына алып жүрүүгө жана пайдаланууга таптакыр тыюу салынат. Бул талаптарды бузган учурда окуучу тестирлөөдөн чыгарылышы мүмкүн, бул тууралуу протокол, толтурулат, администратор жана билим берүү уюмунун өкүлү тарабынан кол тамгалары менен тастыкталат.

Математика, физика жана химия боюнча тесттер менен иштөөдө окуучулар өз чыгарууларын бул максаттар үчүн атайын каралган барактарга жазышат.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Билим берүүнү баалоо жана маалыматтык технологиялардын улуттук борбору сырдуулук бузулган учурларда, стандартталган тесттердин материалдары жоголгондо, тестирлөөнүн эрежелерин тесттен өтүп жаткандар бузганда же алар жалган маалыматтарды берген учурда окуучулардын тестирлөөсүнүн жыйынтыктарын жокко чыгаруу укугуна ээ болот.

Тестирлөө аяктагандан кийин окуучулар бардык тесттик материалдарды (тесттик тапшырмалар, жооптор баракчасы жана жумушчу барактар (черновик)) администраторлорго тапшырышат.

Окуучулардын иштери таңгакталат, билим берүү уюмунун мөөрү менен бекитилет жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин

Билим берүүнү баалоо жана маалыматтык технологиялардын улуттук борборунун өкүлүнө администраторлор тарабынан берилет.

**5. Тестирлөөнүн катышуучулары**

Стандартталган тестке билим берүү уюмунун жеткиликтүү чектик саны – 30 адамдан турган бир тилде окуган ар бир параллель боюнча 8- жана 10-класстарынын окуучулары катышышат. Окуучулардын саны 15 балага чейин болгон, аз комплекттелген жана жеке мектептерде, билим деңгээлин баалоого 5-11-класстардын окуучулары катышышат.

Жалпы билим берүүчү класстар менен катар эле, гимназиялык /лицейдик класстар иштеген жалпы билим берүүчү уюмдарда тестирлөөгө жалпы билим берүү программасын ишке ашыруучу класстардан 30 адамдан жана гимназиялык /лицейдик компоненттерди ишке ашыруучу класстардан 30 адамдан катышышат.

Эгер жалпы билим берүүчү уюмдун тандалган классында окуучулардын саны 30 окуучудан аз болсо, анда катышуучулардын саны башка класстардан толукталат.

Аз комплекттелген жалпы билим берүүчү уюмдарда, эгер окуучулардын саны 8- жана 10-класстарда 10-15 окуучудан аз болсо, тестирлөөгө 5-11-класстардын окуучулары катышышат.

Жеке мектептерде 5-11-класстардын бардык окуучулары тестирлөөгө катышышат.

Билим берүү уюмунун жооптуу адамы администраторлорго тестирлөөнүн катышуучуларын бекитилген санда комплекттөө үчүн класс-комплекттерди (балким параллелдик класстарды) берет.

Тестирлөө жана билимдерди текшерүүнүн башка түрлөрү билимдерин аралык текшерүүгө катыша турган окуучулардын контингентинин 95%дан кем эмес тизмелик курамы катыша турган учурда өткөрүлөт.

**6. Тестирлөөнүн жыйынтыктарын иштетүү жана баалоо (шкалалаштыруу)**

Тестирлөөнүн жыйынтыктары баллдык система боюнча бааланышат.

Баллдарды эсептөө ар бир предмет боюнча өзүнчө эсептелинет. Чечим үч предмет боюнча сабакка жетишүүнүн көрсөткүчтөрүнүн орточо мааниси боюнча кабыл алынат. Гимназиялык/ лицейдик, жалпы билим берүүчү жана атайын класстар үчүн маалыматтар өз-өзүнчө берилет.

Ар бир өзүнчө алынган билим берүү уюму боюнча стандартталган тесттин жыйынтыктарынын ведомосту Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Билим берүүнү баалоо жана маалыматтык технологиялардын улуттук борборунун жетекчисинин кол тамгасы жана мекеменин мөөрү менен бекитилет жана ыйгарым укуктуу органдын тиешелүү курамдык түзүмүнө өткөрүлөт.

Стандартталган тесттерди өткөрүү, алардын жыйынтыктарын иштетүү жана чыгаруу ыйгарым укуктуу органдын буйругу менен бекитилген мөөнөттөрдө жүзөгө ашырылат.

**6-ТИРКЕМЕ**

## Тышкы баалоонун жыйынтыгы боюнча
## КОРУТУНДУ

______________________________________________

**(билим берүү уюмунун аталышы)**

______________________________________________

билим берүү уюмунун арызына ылайык, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 16-июнундагы №381 «Негизги жана/же орто жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдарын аккредитациялоонун Тартибин бекитүү жөнүндөгү жана Кыргыз Республикасынын негизги жана/же орто жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруучу, аккредитацияланууучу билим берүү уюмдарына коюлуучу минималдуу талаптарды бекитүү жөнүндөгү» Токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ____________________-ж. №_____________ буйругунун негизинде эксперттик комиссия ______тартып _______чейин билим берүү программаларын аккредитациялоо боюнча тышкы баалоону жүргүздү.

| | Коюлуучу талаптар | Билим берүү уюмунун ишмердигин, алсыз (чабал) жана күчтүү жактарын көрсөтүү менен талдоо (Билим берүү уюмунун өзүн-өзү баалоосунун отчётуна шилтемелер) | Эксперттин корутундулары, түшүндүрмөлөрү жана сунуштары (7-тиркеме). Баалоонун критерийлери |
|---|---|---|---|
| **1. БАШКАРУУНУН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУН ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ** | | | |
| **1.1** | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандартына (мындан ары – Мамлекеттик стандарт) жана кызыкдар тараптардын аныкталган керектөөлөрүнө ылайык билим берүүчү уюмдун ишин жөнгө салуучу бекитилген ички актылардын болушу | Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы мыйзамдарына, минималдуу талаптарга, мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык келүү предметине билим берүү уюмундагы учурда иштеген ички актыларды ***аныктоо керек.*** | |

| | Коюлуучу талаптар | Билим берүү уюмунун ишмердигин, алсыз (чабал) жана күчтүү жактарын көрсөтүү менен талдоо (Билим берүү уюмунун өзүн-өзү баалоосунун отчётуна шилтемелер) | Эксперттин корутундулары, түшүндүрмөлөрү жана сунуштары (7-тиркеме). Баалоонун критерийлери |
|---|---|---|---|
| 1.2 | Кызыкдар тараптардын муктаждыктарын жана күткөн натыйжаларын эске алуу менен билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатына ылайык билим берүү уюмунун бекитилген миссиясы, стратегиялык жана учурдагы пландары, иштелип чыгып жана кабыл алынган билим берүү максаттарынын болушу | Билим берүү уюмунун миссиясынын, стратегиялык планынын бекитилген күнүнүн (педагогикалык кеңештин же окумуштуулар кеңешинин протоколунун номери) ***бар экендигин көрсөтүү.***<br>Билим берүүнүн максаттарын жана окутуунун күтүлгөн натыйжаларын, муктаждыктарды эске алуу механизмдерин жана кызыкдар тараптардын күтүүлөрүн ***аныктоо***.<br>Билим берүү уюмунун миссиясынын, стратегиялык пландардын, билим берүүнүн максаттарынын жана окутуунун күтүлгөн натыйжаларынын шайкештигинин камсыз болушун ***талдоо жана баалоо керек.*** | |
| 1.3 | Кызыкдар тараптарды кошо тартуу менен натыйжалуу башкарууга мүмкүндүк берүүчү туура маалыматтын негизинде туура чечимдерди кабыл алуунун жана аларга оңдоолорду киргизүү механизминин болушу (камкордук кеңеш, ата-энелер комитети, бюджеттик угуулар, тышкы баалоо, инвестициялар, социалдык кызматтар) | ***Төмөнкүлөрдү көрсөтүү:***<br>– чечимдерди кабыл алуунун механизмдерин;<br>– окуучулардын өзүн-өзү башкаруусунун болушун жана өзүн-өзү башкаруунун билим берүү уюмунда кабыл алынып жаткан чечимдерге тийгизген таасирин.<br>Маалыматтарды талдоонун же аяктаган окуу жылы үчүн берилген маалыматтардын негизинде кабыл алынган чечимдердин жана оңдоолордун мисалдарын келтирүү.<br>а) чечимдерди кабыл алуу процессине кызыкдар тараптардын катышуусу, б) чечимдерди маалыматтарга негиздеп кабыл алуудагы башкаруунун натыйжалуулугун ***талдоо жана баалоо керек.*** | |

| | Коюлуучу талаптар | Билим берүү уюмунун ишмердигин, алсыз (чабал) жана күчтүү жактарын көрсөтүү менен талдоо (Билим берүү уюмунун өзүн-өзү баалоосунун отчётуна шилтемелер) | Эксперттин корутундулары, түшүндүрмөлөрү жана сунуштары (7-тиркеме). Баалоонун критерийлери |
|---|---|---|---|
| **1.4** | Стратегиялык жана учурдагы пландардын, билим берүүнүн максаттарынын аткарылганын, окутуунун натыйжаларын жана билим берүүчү программаны өркүндөтүүнүн маалыматтарын чогултуу, баалоо жана талдоо боюнча механизмдин болушу | Маалыматтарды чогултуу, баалоо жана талдоо механизмдерин, мурунку окуу жылындагы стратегиялык жана учурдагы пландардын аткарылышынын натыйжаларын, билим берүүнүн максаттарына жана окутуунун натыйжаларына жетишүүгө мезгили менен мониторинг жүргүзүүнүн механизминин болушун ***аныктоо.***<br>Окутуу процессин өнүктүрүү үчүн пландалган максаттарга жетишүүнүн даражасын, мониторинг жүргүзүүнүн жана билим берүү уюмунун жыл сайын өтүүчү өзүн-өзү баалоосун пайдалануунун натыйжалуулугу ***талдоо жана баалоо керек.*** | |
| **1.5** | Педагогикалык жамааттын, окуучулардын жана кызыкдар тараптардын билим берүүнү ишке ашырууга, анын сапатын контролдоого жана кайра кароого катышуу механизминин болушу (кызыкдар тараптар менен аркы-терки байланыш) | ***Төмөнкүлөрдү аныктоо:*** Сапатты камсыз кылууда кызыкдар тараптарды катышууга тартуунун механизми жана ролу, сапатты камсыз кылууга кызыкдар тараптардын катышуусун жөнгө салуучу локалдык документтердин тизмеси.<br>Кызыкдар тараптардын катышуусунун пайдаланылып жаткан механизминин натыйжалуулугун ***талдоо жана баалоо керек.*** | |
| **1.6** | Билим берүүнүн сапатын камсыздоо системасын киргизүү жана окутуучу уюмда билим берүүнүн сапатынын киргизилиши үчүн жооптуу адамдардын болушу | Билим берүү уюмунда сапатты камсыз кылуу системасын (методикалык түзүмдөрдүн, педагогикалык кеңештин ролу ж.б.); сапатты камсыз кылуу системасын киргизүү жана ишке ашырууну жөнгө салуучу локалдык документтердин тизмесин; сапатты камсыз кылуу системасын киргизүү процессин баалоонун критерийлерин (индикаторлорун) ***мүнөздөө.*** Сапатты камсыз кылуу | |

| | Коюлуучу талаптар | Билим берүү уюмунун ишмердигин, алсыз (чабал) жана күчтүү жактарын көрсөтүү менен талдоо (Билим берүү уюмунун өзүн-өзү баалоосунун отчётуна шилтемелер) | Эксперттин корутундулары, түшүндүрмөлөрү жана сунуштары (7-тиркеме). Баалоонун критерийлери |
|---|---|---|---|
| | | системасынын иштелгендигинин/ киргизилишинин даражасын ***талдоо***. | |
| **1.7** | Билим берүүчү уюмда персоналдын, окуучулардын, социалдык өнөктөрдүн жүрүм-турумунун бекитилген этикалык ченемдеринин болушу | – окуучулар жамааты же педагогикалык жамаат тарабынан талкууланган жана кабыл алынган этикалык ченемдердин жана эрежелердин;<br>– окуучулардын, окуучулар менен мугалимдердин, мугалимдер менен администрациянын, мугалимдер менен ата-энелердин ортосундагы чыр-чатактарды чечүүнүн механизмдеринин ***болушун аныктоо.*** | |
| | **КОРУТУНДУЛАР:** Бул минималдуу талаптар боюнча күчтүү жана алсыз жактарды көрсөтүңүз<br>**Сунуштар:** Тийиштүү аспекттердин кемчиликтерин жоюу жана жакшыртуу боюнча сунуштарды көрсөтүңүз. | | |
| **2. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ИШТЕП ЧЫГУУ, БЕКИТҮҮ, МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮ ЖАНА МЕЗГИЛИ МЕНЕН БААЛОО** | | | |
| **2.1** | Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана бекитүү үчүн бекитилген эрежелердин болушу | Билим берүү программаларынын билим берүү уюмунун миссиясы, Мамлекеттик билим берүү стандарты, минималдуу талаптар менен шайкештигин камсыздаган, жөнгө салуучу документтердин болушун ***аныктоо***.<br>Бекитүүнүн тартибине/жол-жобосуна эрежелердин ылайык келишин (кайсыл токтомдордун жана буйруктардын негизинде, ким тарабынан жана качан бекитилген) ***талдоо***. | |
| **2.2** | Билим берүү максатынын Мамлекеттик стандартка жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык болушу | Билим берүү уюмунун билим берүү максатынын мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келишин ***талдоо.*** | |

| | Коюлуучу талаптар | Билим берүү уюмунун ишмердигин, алсыз (чабал) жана күчтүү жактарын көрсөтүү менен талдоо (Билим берүү уюмунун өзүн-өзү баалоосунун отчётуна шилтемелер) | Эксперттин корутундулары, түшүндүрмөлөрү жана сунуштары (7-тиркеме). Баалоонун критерийлери |
|---|---|---|---|
| **2.3** | Билим берүү программасы боюнча Мамлекеттик стандартка ылайык келген окуу жүктөмүнүн болушу | Окуу жүктөмдөрүн көрсөтүү жана алардын мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык келишин аныктоо. Гимназиялар жана лицейлер үчүн профилин/багытын жана окуу планынын бекитилген профилге ылайык келишинин негиздемесин көрсөтүү зарыл.<br>Окуу жүктөмдөрүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына билим берүү программасы/билим берүү программалары боюнча ылайык келүүсүн ***баалоо.*** | |
| **2.4** | Төмөнкүлөрдү мезгили менен баалоо (мониторингдөө) механизминин болушу: | | |
| **а** | билим берүү программасын жакшыртуу үчүн окуучулардын, алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) жана башка кызыкдар тараптардын билим берүүчү программа боюнча окутуудан күткөндөрүн, керектөөлөрүн жана канааттангандыгын; | Керектөөлөрдү  жана канааттанууларды баалоонун механизмдерин ***көрсөтүү***: баалоого кандай максаттуу топтор катышышат, кандай методдор, жана канча ирет колдонулат, натыйжалар кантип пайдаланылат. Акыркы мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыктарынан, талдоонун, тыянактардын, сунуштардын, байкоо жүргүзүүнүн жыйынтыктарынын негизинде кабыл алынган чечимдер менен, мисал келтирүү.<br>Кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө жана канааттанууларына мониторинг жүргүзүүнүн жана баалоонун механизмдеринин жана жол-жоболорунун натыйжалуулугун ***талдоо жана баалоо керек.*** | |

| Коюлуучу талаптар | | Билим берүү уюмунун ишмердигин, алсыз (чабал) жана күчтүү жактарын көрсөтүү менен талдоо (Билим берүү уюмунун өзүн-өзү баалоосунун отчётуна шилтемелер) | Эксперттин корутундулары, түшүндүрмөлөрү жана сунуштары (7-тиркеме). Баалоонун критерийлери |
|---|---|---|---|
| **б** | – окутуунун күтүлгөн жана жетишилген натыйжаларын; | Окутуунун натыйжаларын баалоонун жол-жоболорун аныктоо:<br>– ички баалоо (ички байкоо жүргүзүү, тестирлөө, сынактар)<br>– тышкы баалоо (Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация, Жалпы республикалык тестирлөө, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Билим берүүнү баалоо жана маалыматтык технологиялардын улуттук борбору, окуучулардын билим жетишкендиктерин улуттук баалоо ж.б.).<br>Мониторинг жүргүзүүнү жана окутуунун натыйжаларын баалоону пайдалануунун системалуулугун жана натыйжалуулугун ***талдоо.*** | |
| **в** | – окуу жүктөмүн, окуучулардын жетишүүсүн жана бүтүрүп чыгышын; | Окуу жүктөмүнө, окуучулардын жетишүүсүнө жана окууну бүтүрүп чыгышына мониторинг жүргүзүүнүн жана баалоонун мезгилдүүлүгүн, форматын жана жол-жоболорун ***аныктоо.*** | |
| **г** | – баалоо жол-жоболорунун натыйжалуулугун; | Баалоонун пайдаланылып жаткан жол-жоболорунун натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүүнүн жол-жоболорун ***сүрөттөө.*** | |
| **д** | – билим берүү чөйрөсүнүн жана колдоо кызматтарынын, алардын билим берүү программасынын максаттарына шайкештигин. | ***Төмөнкүлөрдү аныктоо:*** чөйрөнү (физикалык, психологиялык, маалыматтык ж.б.) баалоо, анын ичинде чөйрөнүн коопсуздугун, саламаттыкты жакшыртуу боюнча (окуучулардын ден соолугуна мониторинг жүргүзүү, ооруларга кабылууну азайтуу боюнча жана ден соолукка зыянсыз билим берүү технологияларын кийирүү планы) | |

| Коюлуучу талаптар | | Билим берүү уюмунун ишмердигин, алсыз (чабал) жана күчтүү жактарын көрсөтүү менен талдоо (Билим берүү уюмунун өзүн-өзү баалоосунун отчётуна шилтемелер) | Эксперттин корутундулары, түшүндүрмөлөрү жана сунуштары (7-тиркеме). Баалоонун критерийлери |
|---|---|---|---|
| | | психологиялык, социалдык, медициналык ишмердик кызматтарынын ишин баалоонун механизмдери. | |
| **2.5** | Билим берүү программасына мониторинг жүргүзүү жана мезгили менен баалоо үчүн жооптуу адамдардын болушу | Мониторинг жүргүзүү жана баалоону өткөрүү үчүн жооптуу адамдарды жана алардын милдеттерин ***аныктоо.***<br>Кызматтык милдеттерге мониторинг жүргүзүү жана баалоону өткөрүү милдетинин толук кошулгандыгын ***талдоо***. | |
| **2.6** | Мониторингдин жана мезгили менен баалоонун натыйжаларын, билим берүү программасын жакшыртуу боюнча планды кызыкдар тараптарды тартуу менен талдоонун, талкуулоонун натыйжаларынын болушу | ***Төмөнкүлөрдү аныктоо:*** акыркы 5 жылдагы билим берүүнүн, окутуунун деңгээлдери жана предметтик тармактар кесилишиндеги, сапатына мониторинг жүргүзүүнүн маалыматтарын (тыянактар жана сунуштар менен) талдоонун болушу (жетишкендиктердин динамикасы, предметтик тармактар боюнча кемчиликтер, окутуунун тепкичтери). Билим берүүнүн, окутуунун деңгээлдери жана предметтик тармактар кесилишиндеги, сапатына мониторинг жүргүзүүнүн жана натыйжаларды талкуулоонун мезгилдүүлүгүн; программаны түзөтүүгө, жакшыртууга таасир тийгизе турган мониторинг жүргүзүүнүн натыйжалуулугун ***талдоо жана баалоо керек***. | |
| **2.7** | Билим берүү программасын окуу-методикалык камсыздоонун билим берүүнүн максаттарына жана Мамлекеттик стандартка ылайык келүүсү | Материалдардын ылайык келишине, сапатына (анын ичинде гендердик жана полимаданий аспекттерди эске алуу менен) жана жеткиликтүүлүгүнө ***талдоо берүү.*** | |

| | Коюлуучу талаптар | Билим берүү уюмунун ишмердигин, алсыз (чабал) жана күчтүү жактарын көрсөтүү менен талдоо (Билим берүү уюмунун өзүн-өзү баалоосунун отчётуна шилтемелер) | Эксперттин корутундулары, түшүндүрмөлөрү жана сунуштары (7-тиркеме). Баалоонун критерийлери |
|---|---|---|---|
| | **КОРУТУНДУЛАР:** Бул минималдуу талаптар боюнча күчтүү жана алсыз жактарды көрсөтүңүз<br>**Сунуштар:** Тийиштүү аспекттердин кемчиликтерин жоюу жана жакшыртуу боюнча сунуштарды көрсөтүңүз. | | |
| **3. КОМПЕТЕНТТҮҮ ОКУТУУ ЖАНА ОКУУЧУЛАРДЫН ЖЕТИШҮҮСҮН БААЛОО** | | | |
| **3.1** | Компетенттүү окутуунун негизинде пландалган максаттардын болушу | Педагогдор окуучунун позициясынан алганда сабактын максатын коюу ыкмаларын канчалык өздөштүрүшкөнүн, максаттар жана күтүлүүчү натыйжалар канчалык мамлекеттик билим берүү стандартына шайкеш келишин ***талдоо***. | |
| **3.2** | Сабактарга жана сабакка даярданууда компетенттүүлүктү даярдоочу информациялык-коммуникативдик технологиялардын жана методдордун болушу | ***Төмөнкүнү талдоо:*** педагогдор тарабынан информациялык-коммуникативдик технологиялардын өздөштүрүлүшүнүн даражасы; педагогдор жана окуучулардын информациялык-коммуникативдик технологияларды пайдалануусун демилгелөө үчүн мектептеги шарттардын ылайык келишин. | |
| **3.3** | Окуу жана тарбиялоо процесстерине социалдык долбоорлорду пайдалануу жана коомчулукту тартуу менен инновациялык технологияларды киргизүү | Билим берүү процессин технологиялар менен камсыз болушун жакшыртуу үчүн билим берүү уюмунун коомчулук менен иштөөсүнүн натыйжалуулугун ***талдоо.*** | |
| **3.4** | Педагогикалык методдорду, окутуунун формаларын жана технологияларын баалоо жана тууралоо үчүн окугандар менен аркы-терки байланыш механизминин болушу | ***Төмөнкүлөрдү аныктоо:*** окуучулардан кайрадан байланышты алуу процесси, кесиптик рефлексия ыкмаларын пайдалануу, ошол процесстерди жөнгө салуучу ички актылар.<br>***Төмөнкүнү талдоо:*** институционализациялануу (Билим берүү уюмунун документтеринде жана практикада бекитилгендиги), жол-жоболордун жетишимдүүлүгү жана системалуулугу. | |

| | Коюлуучу талаптар | Билим берүү уюмунун ишмердигин, алсыз (чабал) жана күчтүү жактарын көрсөтүү менен талдоо (Билим берүү уюмунун өзүн-өзү баалоосунун отчётуна шилтемелер) | Эксперттин корутундулары, түшүндүрмөлөрү жана сунуштары (7-тиркеме). Баалоонун критерийлери |
|---|---|---|---|
| **3.5** | Окуучуларга билим берүүнүн жетишилген натыйжаларын туура жана ачык-айкын баалоону камсыздоочу бекитилген эрежелердин жана жол-жоболордун болушу | Окуучулардын сабакка жетишүүсүн баалоонун жол-жоболорунун жана инструменттеринин, баалоонун ченемдеринин жана критерийлеринин (мисалы, жазуу иштери, окуу көндүмдөрү, долбоорлор ж.б.) пайдалануучулугун ***аныктоо***. ***Төмөндөгүлөрдү  талдоо жана баалоо керек:*** объективдүүлүктү жана ачыктуулукту камсыз кылуу үчүн натыйжалуулук. | |
| **3.6** | Баалоонун натыйжасына апелляция жол-жобосунун болушу | Бул жол-жоболордун документтерде чагылдырылышын ***көрсөтүү*** | |
| **3.7 а** | Окуучулардын чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүнү жана ишке ашырууну камсыздоо үчүн тийиштүү механизмдердин жана чөйрөнүн болушу:<br>– окуучулардын райондук, облустук, шаардык, республикалык жана эл аралык олимпиадаларга катышуусу;<br>– окугандардын ар кандай конкурстук иш-чараларга катышуусу;<br>– ар кандай спорттук мелдештерге катышуу | Билим берүү уюмундагы сабактан тышкаркы ишмердүүлүктүн, олимпиадаларга, конкурстарга, ар кыл деңгээлдеги спорттук мелдештерге катышуунун натыйжаларын балдардын жөндөмдөрүн өнүктүрүү үчүн билим берүү уюмунун профилине ылайык келүүсүн (эгер бар болсо), сабактан тышкаркы ишмердүүлүктүн муктаждыктарына жана натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүү системасынын болушун ***талдоо.*** | |
| **б** | Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан окуучулардын билим деңгээлин баалоо боюнча Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин билим берүүнү баалоо жана маалыматтык | Билим берүү уюмунун окуучуларынын билим деңгээлин негизги жана/же орто жалпы билим берүү программасы, өтүү маанилери (40%ы сабакка жетишүүчүлүк) боюнча стандартташтырылган тесттердин формасында баалоонун натыйжаларына жетишүүнүн даражасын ***аныктоо***. | |

| | **Коюлуучу талаптар** | **Билим берүү уюмунун ишмердигин, алсыз (чабал) жана күчтүү жактарын көрсөтүү менен талдоо (Билим берүү уюмунун өзүн-өзү баалоосунун отчётуна шилтемелер)** | **Эксперттин корутундулары, түшүндүрмөлөрү жана сунуштары (7-тиркеме). Баалоонун критерийлери** |
|---|---|---|---|
| | технологиялардын улуттук борборунун натыйжаларын талдоонун болушу | Гимназиялар/лицейлер үчүн тандоо предмети боюнча көрсөткүчтөрдү ***көрсөтүү.*** | |
| **3.8** | Окуучулар колдонулуучу эрежелер, окуунун натыйжасын баалоо (экзамен, зачет, тестирлөө) жол-жоболору жана баалоонун натыйжалары менен тааныштыруу системасынын болушу | Окуучуларды жол-жоболор менен тааныштыруунун ыкмаларын көрсөтүү, алардын жеткиликтүүлүгүн, пайдалануунун жыштыгын ***талдоо*** | |
| **3.9** | Окуучуларды иргөөнүн себептерине, алардын бекемделүүсү жана алардын жетишүүсүн арттыруу боюнча көрүлгөн чараларга талдоонун болушу | Маселеге карата кабыл алынып жаткан чаралардын ылайык келишин ***талдап чыгуу*** | |
| **3.10** | Окуу процессине катышкандардын тартип бузууларына чара көрүүнүн иштелип чыккан жана бекитилген жол-жоболорунун болушу | Алар негизделип иш жүргүзүлүп жаткан жол-жоболорду жана документтерди ***көрсөтүү*** | |
| **3.11** | Окуучулар менен тарбиялык иш боюнча бекитилген пландардын жана аларды ишке ашыруунун натыйжаларынын болушу | Тарбия иштеринин натыйжаларын жана негизги (приоритеттүү) багыттар боюнча динамикасын ***талдоо жана баалоо керек.*** | |
| **3.12** | Окуучулардын, ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) жана кызыкдар тараптардын кайрылууларына, арыздарына жана даттанууларына чара көрүүнүн иштеп чыгарылган жана колдонууга киргизилген жол-жоболорунун болушу | Жол-жоболорду жана алар негизделип иш жүргүзүлгөн документти ***көрсөтүү.*** | |
| | **КОРУТУНДУЛАР:** Бул минималдуу талаптар боюнча күчтүү жана алсыз жактарды көрсөтүңүз<br>**Сунуштар:** Тийиштүү аспекттердин кемчиликтерин жоюу жана жакшыртуу боюнча сунуштарды көрсөтүңүз. | | |

| | Коюлуучу талаптар | Билим берүү уюмунун ишмердигин, алсыз (чабал) жана күчтүү жактарын көрсөтүү менен талдоо (Билим берүү уюмунун өзүн-өзү баалоосунун отчётуна шилтемелер) | Эксперттин корутундулары, түшүндүрмөлөрү жана сунуштары (7-тиркеме). Баалоонун критерийлери |
|---|---|---|---|
| **4. ОКУУЧУЛАРДЫ КАБЫЛ АЛУУ, БИЛИМ БЕРҮҮНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫН ТААНУУ ЖАНА ОКУУЧУЛАРДЫН БҮТҮРҮҮСҮ** | | | |
| **4.1** | Окуучуларды билим берүү уюмуна кабыл алуунун бекитилген эрежесинин болушу | ***Төмөнкүлөрдү аныктоо:*** кабыл алуу эрежелеринин болушун жана алардын талаптарга ылайык келиши | |
| **4.2** | Билим берүү уюму мурдагы окуган мезгилдеги алган билимди туура таануусун камсыздоо үчүн бекитилген эрежелер менен жол-жоболордун болушу | ***Төмөнкүлөрдү аныктоо:*** окуучулардын бир мектептен экинчи мектепке которуу эрежелеринин болушу жана алардын талаптарга ылайык келиши | |
| **4.3** | Билим берүү уюму окутуу курсун бүтүргөн жана окутуунун күтүлгөн натыйжасына жетишкен бүтүрүүчүлөрдү билими жөнүндө күбөлүк менен камсыздоосу | ***Төмөнкүлөрдү аныктоо:*** билим берүү жөнүндөгү документтер менен камсыз кылуу боюнча талаптарга ылайык келүү, маалыматтарды каттоонун болушу | |
| | **КОРУТУНДУЛАР:** Бул минималдуу талаптар боюнча күчтүү жана алсыз жактарды көрсөтүңүз<br>**Сунуштар:** Тийиштүү аспекттердин кемчиликтерин жоюу жана жакшыртуу боюнча сунуштарды көрсөтүңүз. | | |
| **5. КАДРЛЫК САЯСАТ, ПЕДАГОГИКАЛЫК ЖАНА ОКУТУУЧУ-КӨМӨКЧҮ КУРАМ** | | | |
| **5.1** | Педагогикалык жана окуутуучу-көмөкчү курамды жумушка кабыл алуунун объективдүү критерийлерин камсыздоочу механизмдердин жана жол-жоболордун болушу | Кабыл алуунун механизмдери жана жол-жоболору, шарттары жана алардын талаптарга, Эмгек кодексине жана эмгекти коргоо боюнча мыйзамдарга ылайык келишин, иш күнүн нормалаштыруунун, кызматкерлерди социалдык коргоонун сакталышын ***аныктоо.*** | |
| **5.2.** | Педагогикалык жана окуутуучу-көмөкчү курамдын толук комплектилениши, квалификациясы, билими жана | ***Төмөндөгүлөрдү талдоо жана баалоо керек***: билим берүү уюмунун милдеттерине кадрлардын | |

| | Коюлуучу талаптар | Билим берүү уюмунун ишмердигин, алсыз (чабал) жана күчтүү жактарын көрсөтүү менен талдоо (Билим берүү уюмунун өзүн-өзү баалоосунун отчётуна шилтемелер) | Эксперттин корутундулары, түшүндүрмөлөрү жана сунуштары (7-тиркеме). Баалоонун критерийлери |
|---|---|---|---|
| | тажрыйбасы билим берүүнүн максаттарына жетүүгө ылайык болушу | сандык жана сапаттык курамынын ылайык келиши | |
| **5.3.** | Педагогикалык жана окуу-көмөкчү курамдын квалификациясын жогорулатуунун туруктуу иштеген системасынын болушу | ***Төмөнкүлөрдү аныктоо:*** Билим берүү уюмундагы кесиптик өнүгүү системасынын негизги элементтери, кесиптик өнүгүүдөгү, өзүн-өзү баалоодогу жана окутуунун сапатын баалоодогу керектөөлөрдү баалоонун системасынын, методикалык колдоонун жана сыйлоонун системасынын болушу.<br>***Төмөндөгүлөрдү талдоо жана баалоо керек***: окутуудагы компетенттүүлүк мамилесин ишке ашыруу шарттарында үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүү милдеттерине ылайык келүү, педагогдордун өзүнүн жана билим берүү уюмунун кесиптик өнүгүшүнүн керектөөлөрүнө ылайык келиши. | |
| | **КОРУТУНДУЛАР:** Бул минималдуу талаптар боюнча күчтүү жана алсыз жактарды көрсөтүңүз<br>**Сунуштар:** Тийиштүү аспекттердин кемчиликтерин жоюу жана жакшыртуу боюнча сунуштарды көрсөтүңүз. | | |
| | **6. МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗА ЖАНА МААЛЫМАТ РЕСУРСТАРЫ** | | |
| **6.1** | Педагогикалык жана окуутуучу-көмөкчү курамга, окуучуларга, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга окутуунун күтүлгөн (пландалган) натыйжасына жетишүүсү үчүн жеткиликтүү болгон материалдык ресурстардын (китепкана фонддору, компьютердик класстар, тармактык ресурстар, окуу куралдары, техника жана башка ресурстар) болушу | ***Төмөндөгүлөрдү талдоо жана баалоо керек:***<br>– материалдык ресурстар жана алардын окуучуларга жеткиликтүүлүгү;<br>– ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн жеткиликтүүлүк;<br>– окуучулардын чыныгы санына китепкана фондунун жана компьютердик класстардын жетишимдүүлүгү (катышы). | |

| | Коюлуучу талаптар | Билим берүү уюмунун ишмердигин, алсыз (чабал) жана күчтүү жактарын көрсөтүү менен талдоо (Билим берүү уюмунун өзүн-өзү баалоосунун отчётуна шилтемелер) | Эксперттин корутундулары, түшүндүрмөлөрү жана сунуштары (7-тиркеме). Баалоонун критерийлери |
|---|---|---|---|
| **6.2** | Билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн санитардык-гигиеналык ченемдер менен эрежелердин, өрт коопсуздугунун, эмгекти коргоонун жана коопсуздук ыкмаларынын талаптарына ылайык келген окуу имараттарынын жана бөлмө-жайларынын болушу | Окуу-методикалык базанын (санитардык-гигиеналык абал, өрт коопсуздугу, техникалык коопсуздук жана жайлуулук) талаптарга ылайык келишин ***талдап чыгуу*** жана билим берүү уюмунун материалдык-техникалык базасын жана чөйрөсүн жакшыртуу боюнча кабыл алынып жаткан аракеттердин натыйжалуулугун ***баалоо.*** | |
| **6.3** | Окугандардын окуусу, жашоосу жана эс алуусу үчүн керектүү шарттары бар жатаканалардын (интернаттарда) болушу | Шарттардын болушун жана ылайык келишин ***көрсөтүү*** | |
| **6.4** | Окуу залдарында жана китепканаларда иштөө үчүн тиешелүү шарттардын болушу | Окуу залдарындагы жана китепканалардагы төмөнкү шарттарды ***талдап чыгуу жана баалоо:*** алардын аянты, китепканалык окуу жана көркөм фонддун саны, фонддордун жаңыланып турушу, окуу залындагы отургузуу орундарынын саны, китепканачылардын болушу (ченин көрсөтүү менен), электрондук китепкананын, китепканада компьютердин жана интернеттин болушу. | |
| **6.5.** | Тамактануу үчүн тиешелүү шарттардын (ашкана же буфет), ошондой эле билим берүү уюмунун медпункттарында медициналык тейлөө үчүн тиешелүү шарттардын болушу | Тамактануу жерлерди ***баалоо***: алардын аянты, жайгашкан орду, орундардын саны, тейлөө сапаты, ашкананын техникалык абалы.<br>Медпункттун жана медициналык жардамдын жеткиликтүүлүгүн ***баалоо.*** | |
| **6.6** | Окуучуларды шыктандыруу жана окуунун натыйжасына жетишүүсүнө түрткү берүү үчүн тиешелүү адам ресурстарынын (мугалимдер, класс жетекчилер, жатаканадагы тарбиячылар, медициналык | ***Төмөндөгүлөрдү талдоо жана баалоо керек:***<br>– билим берүү уюмунун билим берүү максаттына ылайык адам ресурстары менен камсыз болушу, кадрлардын келип-кетиши, алардын сапаттык курамы (билими, эмгек тажрыйбасы, жаш курагы, | |

| | Коюлуучу талаптар | Билим берүү уюмунун ишмердигин, алсыз (чабал) жана күчтүү жактарын көрсөтүү менен талдоо (Билим берүү уюмунун өзүн-өзү баалоосунун отчётуна шилтемелер) | Эксперттин корутундулары, түшүндүрмөлөрү жана сунуштары (7-тиркеме). Баалоонун критерийлери |
|---|---|---|---|
| | кызматкерлер, психологдор, логопеддер, социалдык педагогдор) болушу | жаш адистердин келиши жылдар боюнча динамикада берилген);<br>– билим берүү уюмунда адам ресурстарын башкаруу жөнүндөгү локалдык актылар;<br>– адам ресурстары менен камсыздоо боюнча жана окутуунун чөйрөсүн, анын ичинде педагогдорду демилгелөөнүн механизмин түзүү боюнча билим берүү уюмунун администрациясынын аракеттери. | |
| **6.7** | Билим берүү уюмунун материалдык-техникалык базасын жана информациялык ресурстарын топтоо жана баалоо, талдоо жана жакшыртуу үчүн механизмдин болушу | ***Төмөнкүлөрдүн болушун аныктоо***:<br>– билим берүү уюмунун материалдык-техникалык базасынын жана маалыматтык ресурстарынын учурдагы мезгилде окутуунун программаларына ылайык келишин талдоо;<br>– чөйрөнүн коопсуздугун баалоо (билим берүү уюмунун экологиялык паспорту, билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун өздүк баалоонун жыйынтыктары ж.б.).<br>Маалыматтык ресурстар менен камсыз болуудагы динамиканы жана материалдык-техникалык базаны жакшыруусун ***талдоо***. | |
| | **КОРУТУНДУЛАР:** Бул минималдуу талаптар боюнча күчтүү жана алсыз жактарды көрсөтүңүз<br>**Сунуштар:** Тийиштүү аспекттердин кемчиликтерин жоюу жана жакшыртуу боюнча сунуштарды көрсөтүңүз. | | |
| **7. МААЛЫМАТТЫ БАШКАРУУ ЖАНА АНЫ КООМЧУЛУККА ЖЕТКИРҮҮ** | | | |
| **7.1** | Билим берүү программасын ишке ашыруу боюнча коомчулукту тийиштүү маалымат менен камсыздоо максатында билим берүүчү уюмдагы портфолиого | Билим берүү уюмунун коомчулук үчүн портфолиосунун (маалыматтык пакетинин), персоналдык маалыматтарды чогултуу жана сактоо талаптарына ылайык маалыматтарды | |

| | Коюлуучу талаптар | Билим берүү уюмунун ишмердигин, алсыз (чабал) жана күчтүү жактарын көрсөтүү менен талдоо (Билим берүү уюмунун өзүн-өзү баалоосунун отчётуна шилтемелер) | Эксперттин корутундулары, түшүндүрмөлөрү жана сунуштары (7-тиркеме). Баалоонун критерийлери |
|---|---|---|---|
| | карата эрежелердин, жол-жоболордун, формалардын жана талаптардын болушу | берүү жөнүндө ата-энелер, мыйзамдуу өкүлдөр менен типтүү келишимдин ***болушун аныктоо*** | |
| **7.2** | Билим берүүнү башкаруунун информациялык системасынын болушу (өзүнүн билим берүү максаттарын пландоо жана аткаруу үчүн билим берүүчү уюмдун төмөнкүдөй маалыматтарды чогултуу, системага салуусу, жалпылоосу жана сактоосу), алар:<br>– окуучулардын контингенти жөнүндө маалыматтар;<br>– окуучулардын катышуусу жана жетишүүсү, окуучулардын жетишкендиктери жана иргелиши жөнүндө маалыматтар;<br>– окуучулардын, алардын ата-энелеринин билим берүү программаларын ишке ашырууга жана анын натыйжаларына канааттангандыгы;<br>– материалдык жана маалыматтык ресурстардын жеткиликтүүлүгү;<br>– олимпиадаларга, долбоордук конкурстарга, спорттук мелдештерге катышуунун жыйынтыктары;<br>– билим берүү уюмунун ишинин майнаптуулугунун негизги көрсөткүчтөрү. | Билим берүү максатын пландаштыруу жана ишке ашыруу үчүн маалыматтарды чогултуунун, системалаштыруунун, сактоонун механизмдерин ***аныктоо.***<br>***Төмөндөгүлөрдү талдоо жана баалоо керек:***<br>– билим берүү уюмунда маалыматтарды чогултуунун, системалаштыруунун, жалпылоонун жана сактоонун методдору (кол менен, автоматташтырылган).<br>– бүткүл маалыматтардын жеткиликтүүлүгү, чогултуунун жана талдоонун системалуулугу жана өз убагында жүрүшү.<br>– акыркы 5 жылдагы билим берүү уюмунун өнүгүшүнүн негизги көрсөткүчтөрү. | |

| | Коюлуучу талаптар | Билим берүү уюмунун ишмердигин, алсыз (чабал) жана күчтүү жактарын көрсөтүү менен талдоо (Билим берүү уюмунун өзүн-өзү баалоосунун отчётуна шилтемелер) | Эксперттин корутундулары, түшүндүрмөлөрү жана сунуштары (7-тиркеме). Баалоонун критерийлери |
|---|---|---|---|
| **7.3** | Билим берүү уюму өзүнүн иши жөнүндө маалыматты, анын ичинде:<br>– миссиясы;<br>– билим берүү максаттары;<br>– окутуунун күтүлгөн натыйжалары;<br>– окуунун жана окутуунун формалары жана каражаттары;<br>– баалоонун жол-жоболору;<br>– жалпы республикалык тестирлөөнүн жана окуучулардын жетишкендиктериндеги ар кандай изилдөөлөрдүн жыйынтыгы жөнүндө маалыматтарды коомчулукка туруктуу негизде берүүсү үчүн информациялык ресурстардын болушу | ***Төмөндөгүлөрдү талдоо жана баалоо керек:***<br>– билим берүү уюмунун ишмердүүлүгү жөнүндөгү коомчулукка маалымдоонун методдору жана толуктугу, билим берүү уюмунун маалыматтык каналдары.<br>– көрсөтүлгөн маалыматтын жеткиликтүүлүгү, жаңыланып турушунун же коммуникациянын мезгилдүүлүгү, маалыматтын өз убагында жаңыланып турушу үчүн жооптуу адамдын болушу;<br>– билим берүүнүн сапатын жана окутуунун шарттарын талкуулоо жана чечимдерди кабыл алуу процессине коомчулукту тартуунун механизмдеринин болушу жана алардын аракеттүүлүгү (ата-энелер комитеттери, бюджеттик угуулар, камкордук кеңеш ж.б.) | |
| | **КОРУТУНДУЛАР:** Бул минималдуу талаптар боюнча күчтүү жана алсыз жактарды көрсөтүңүз<br>**Сунуштар:** Тийиштүү аспектердин кемчиликтерин жоюу жана жакшыртуу боюнча сунуштарды көрсөтүңүз. | | |

**Эксперттик комиссиянын сын-пикирлери жана сунуштары**

| | **Корутундулар** | **Сунуштар** |
|---|---|---|
| **1** | | |
| **2** | | |
| **3** | | |
| **…** | | |

**Корутунду:**

Жогорудагы айтылгандардын негизинде эксперттик комиссия Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Коллегиясына сунуш кылат (5 жылдык мөөнөткө аккредитациялоону, 1 жылдык мөөнөткө аккредитациялоону, аккредитациялабоону) ______________________________

______________________________
билим берүү уюмунун аталышы

Комиссиянын төрагасы/төрайымы: ______________________
Аты-жөнү, колу

Комиссиянын мүчөлөрү: 1. ______________________
Аты-жөнү, колу

2. ______________________
Аты-жөнү, колу

**7-ТИРКЕМЕ**

## Тышкы баалоо критерийлери
## (билим берүү уюмунун өзүн-өзү баалоосу үчүн пайдаланылышы мүмкүн)

| № | Критерийлер | Шайкештик индикаторлору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Жооп бербейт | Толук жооп бербейт | Жооп берет |
| **1. БАШКАРУУНУН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУН ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ** | | | | |
| **Билим берүү уюмунда педагогикалык кеңеш бекиткен, миссияны, стратегиялык жана учурдагы пландарды, билим берүү максаттарын, окутуунун натыйжаларын, сапат менеджменти системасын өзүнө камтыган билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты болушу керек** | | | | |
| **1.1** | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандартына (мындан ары – Мамлекеттик стандарт) жана кызыкдар тараптардын аныкталган керектөөлөрүнө ылайык билим берүүчү уюмдун ишин жөнгө салуучу бекитилген ички актылардын болушу | Талдоонун жана далил боло ала турган негиздердин жоктугу же ылайык келбеши | Билим берүү уюмунун ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу ички актылар мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык келтирилген, а бирок керектөөлөрдү талдоо же жүргүзүлгөн эмес, же кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келген жок | Билим берүү уюмунун ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу локалдык ички актылар мамлекеттик билим берүү стандартына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келтирилген |
| **1.2** | Кызыкдар тараптардын муктаждыктарын жана күткөн натыйжаларын эске алуу менен билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатына ылайык билим берүү уюмунун бекитилген миссиясы, стратегиялык жана учурдагы пландары, иштелип чыгып жана кабыл алынган билим берүү максаттарынын болушу | Билим берүү уюмунун миссиясы көрсөтүлгөн эмес. Билим берүү уюмунун учурдагы пландары иштелип чыкканы менен, стратегиялык планы жок | Билим берүү уюмунун миссиясы билим берүү уюмунун Уставында жана/же бекитилген стратегиялык планында көрсөтүлгөн. Стратегиялык максаттар жана аларга жетишүүнүн планы иштелип чыккан. Стратегиялык максаттар билим берүүнүн сапатына жетишүүгө багытталган. | Билим берүү уюмунун миссиясы билим берүү уюмунун Уставында жана бекитилген стратегиялык планында көрсөтүлгөн. Стратегиялык максаттар жана жетишүүнүн планы иштелип чыккан. Стратегиялык максаттар билим берүүнүн сапатына жетишүүгө багытталган. |

| № | Критерийлер | Шайкештик индикаторлору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Жоop бербейт | Толук жооп бербейт | Жооп берет |
| | | | Билим берүүнүн уюмунун өнүгүшүнүн стратегиялык планын талкуулоо жана макулдашуу процессинин далили жок. Учурда пландар стратегиялык максаттарга ылайык келбейт. Максаттарга жетишүүгө мониторинг жүргүзүүнүн жана баалоонун механизмдери жок. | Билим берүүнүн уюмунун максаттары жана өнүгүү пландары кызыкдар тараптар менен талкууланган. Стратегиялык пландарды деталдаштыруу жыл сайын учурдагы пландарда берилген. |
| **1.3** | Кызыкдар тараптарды кошо тартуу менен натыйжалуу башкарууга мүмкүндүк берүүчү туура маалыматтын негизинде туура чечимдерди кабыл алуунун жана аларга оңдоолорду киргизүү механизминин болушу (камкордук кеңеш, ата-энелер комитети, бюджеттик угуулар, тышкы баалоо, инвестициялар, социалдык кызматтар) | Механизмдер жок же маалыматтар жок | Билим берүү уюмунда кызыкдар тараптарды тартуу менен жана маалыматтарды талдоонун негизинде чечимдерди кабыл алуунун механизмдери иштелип чыккан. Кызыкдар тараптарды тартуу менен жана акыркы 5 жылдагы маалыматтарды талдоонун негизинде чечимдерди кабыл алуунун практикасы жок же далилдик базасы жок | Билим берүү уюмунда кызыкдар тараптарды тартуу менен жана маалыматтарды талдоонун негизинде чечимдерди кабыл алуунун механизмдери иштелип чыккан. Кызыкдар тараптарды тартуу менен жана акыркы 5 жылдагы маалыматтарды талдоонун негизинде чечимдерди кабыл алуунун майнаптуу практикасы бар |
| **1.4** | Стратегиялык жана учурдагы пландардын, билим берүүнүн максаттарынын аткарылганын, окутуунун натыйжаларын жана билим берүүчү программаны өркүндөтүүнүн маалыматтарын чогултуу, баалоо жана талдоо боюнча механизмдин болушу | Мониторинг жүргүзүүнүн жол-жоболору, жыл сайын жүргүзүлүүчү баалоонун жана талдоонун практикасы жок | Билим берүү уюмунда билим берүүнүн сапатына, билим берүү уюмунун өнүгүү пландарына мониторинг жүргүзүүнүн жол-жоболору бекитилген. Индикаторлор боюнча пландарды ишке ашырууну жана | Билим берүү уюмунда билим берүүнүн сапатына, билим берүү уюмунун өнүгүү пландарына мониторинг жүргүзүүнүн жол-жоболору бекитилген. Индикаторлор боюнча пландарды ишке ашырууну |

| № | Критерийлер | Шайкештик индикаторлору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **Жооп бербейт** | **Толук жооп бербейт** | **Жооп берет** |
| | | | максаттарга жетишүүнү талдоо, пландарды жана программаларды түзөтүү практикасы тастыкталган эмес же жыл сайын жүргүзүлбөйт | жана максаттарга жетишүүнү талдоо жыл сайын уюмдун өзүн-өзү талдоосу түрүндө жүргүзүлөт, андан соң пландарды жана программаларды түзөтүү жүргүзүлөт |
| **1.5** | Педагогикалык жамааттын, окуучулардын жана кызыкдар тараптардын билим берүүнү ишке ашырууга, анын сапатын контролдоого жана кайра кароого катышуу механизминин болушу (кызыкдар тараптар менен аркы-терки байланыш) | Механизмдер жок, жана далил боло ала турган негиздер жок | Кызыкдар тараптардын сапатты камсыз кылууга катышуусунун механизми локалдык документтерде бекитилген, сапатты ишке ашыруу, көзөмөлдөө, билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу боюнча чечимдерди кабыл алууга катышуунун далили жок же катышуу системалуу эмес | Кызыкдар тараптардын сапатты камсыз кылууга катышуусунун механизми локалдык документтерде бекитилген. Сапатты ишке ашыруу, көзөмөлдөө, билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу боюнча чечимдерди кабыл алууга катышуу, окуучулардын (мектептик өзүн-өзү башкаруусу аркылуу) катышуу практикасы киргизилген |
| **1.6** | Билим берүүнүн сапатын камсыздоо системасын киргизүү жана окутуучу уюмда билим берүүнүн сапатынын киргизилиши үчүн жооптуу адамдардын болушу | Түзүмдөр жок, алардын бар экендигин жана ишмердүүлүгүнө далил боло ала турган негиздер жок | Билим берүүнүн сапатын камсыз кылууга багытталган методикалык жана башкаруучулук түзүмдөр, ишмердүүлүктөр иш алып барышат | Билим берүү уюмунда сапаттык камсыз кылуу системасы билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу боюнча милдеттерди конкреттештирилген локалдык актылар менен жөнгө салынуучу методикалык жана башкаруучулук түзүмдөрдү, |

| № | Критерийлер | Шайкештик индикаторлору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Жооп бербейт | Толук жооп бербейт | Жооп берет |
| | | | | ишмердүүлүктөрдү камтыйт. Жооптуу адамдардын кызматтык милдеттерине билим берүү уюмундагы билим берүүнүнсапатын пландаштыруу, көзөмөлдөп туруу, талдоо милдеттери камтылган |
| **1.7** | Билим берүүчү уюмда персоналдын, окугандардын, социалдык өнөктөрдүн жүрүм-турумунун бекитилген этикалык ченемдеринин болушу | Далилдер жок | – | Жамаат тарабынан этикалык ченемдер жана эрежелер кабыл алынган жана сакталып келет |
| **2. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ИШТЕП ЧЫГУУ, БЕКИТҮҮ, МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮ ЖАНА МЕЗГИЛИ МЕНЕН БААЛОО** | | | | |
| **Билим берүү уюмунда билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана бекитүү үчүн бекитилген тартип болушу керек. Билим берүү программаларынын мазмуну Мамлекеттик стандартка, окуучулардын жана башка кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык болушу зарыл.** | | | | |
| | **Билим берүү уюму билим берүү программаларынын өз максаттарына жетүүсүн жана окуучулар менен башка кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө жооп берүүсүн кепилдөө жана ырастоо үчүн мониторинг жүргүзүүсү жана мезгили менен баалоосу зарыл.** | | | |
| **2.1** | Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана бекитүү үчүн бекитилген эрежелердин болушу | Тастыктоочу документтер жок же билим берүү программасы билим берүү уюмунун макамына жана профилине ылайык келбейт | - | Билим берүү программасы талаптарга ылайык бекитилген. Билим берүү уюмунда билим алуу статусуна жана профилине дал келет |

| № | Критерийлер | Шайкештик индикаторлору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Жооп бербейт | Толук жооп бербейт | Жооп берет |
| **2.2** | Билим берүү максатынын Мамлекеттик стандартка жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык болушу | Кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнүн шайкештигинин далилдери жана талдоосу жок | Билим берүү уюмунун максаттары Мамлекеттик стандарттын негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу боюнча талаптарына дал келет | Билим берүү уюмунун максаттары Мамлекеттик стандарттын өзөктүү жана предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу боюнча талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө дал келет |
| **2.3** | Билим берүү программасы боюнча Мамлекеттик стандартка ылайык келген окуу жүктөмүнүн болушу | Окуу жүктөмдү бөлүштүрүүнүн далили жок же лицей же гимназиянын профилине окуу программасынын жана окуу жүктөмү ылайык келген жок | Окуу жүктөмү толугу менен мамлекеттик билим берүү стандартына шайкеш келет жана окуу планына ылайык бөлүштүрүлгөн. Лицейлердин жана гимназиялардын окуу жүктөмү профилге ылайык келет | Окуу жүктөмү толугу менен мамлекеттик билим берүү стандартына шайкеш келет жана окуу планына ылайык бөлүштүрүлгөн. Лицейлердин жана гимназиялардын окуу жүктөмдөрү программанын багытына ылайык келет |
| **2.4**<br><br>***а)*** | Төмөнкүлөрдү мезгили менен баалоо (мониторингдөө) механизминин болушу:<br>билим берүү программасын жакшыртуу үчүн окуучулардын, алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) жана башка кызыкдар тараптардын билим берүүчү программа боюнча окутуудан күткөндөрүн, керектөөлөрүн жана канааттангандыгын; | Окуучулардын, алардын ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) жана кызыкдар тараптардын күтүүлөрүнө, керектөөлөрүнө жана канааттанууларына баалоо же мониторинг жүргүзүлбөйт. | Билим берүү уюмунда сурамжылоо, эпизоддук же бүтүндөй мезгил учурунда бир жолу талкуулоо жолу менен ата-энелердин, мугалимдердин, окуучулардын керектөөлөрүнө жана канааттанууларына мониторинг жүргүзүлөт жана баалоо өткөрүлөт. Маалыматтарды чогултуу инструменттери иштелип чыккан | Билим берүү уюмунда сурамжылоо, талкуулоо жолу менен ата-энелердин, мугалимдердин, окуучулардын керектөөлөрүнө жана канааттанууларына мезгил-мезгили менен баалоо өткөрүлөт. Маалыматтарды чогултуу инструменттери иштелип чыккан. Алынган маалыматтар талданат жана отчет түрүндө берилет. Тыянактар жана сунуштар |

| № | Критерийлер | Шайкештик индикаторлору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **Жооп бербейт** | **Толук жооп бербейт** | **Жооп берет** |
| | | | | чечимдерди кабыл алуу, окутуунун пландарын оңдоо үчүн пайдаланылат |
| ***б)*** | окутуунун күтүлгөн жана жетишилген натыйжаларын; | Талдоо берилген эмес же ички жана тышкы мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыктары акыркы беш жыл аралыгындагы позитивдүү динамиканын жоктугун көрсөтүп турат.<br><br>Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Билим берүүнү баалоо жана маалыматтык технологиялардын улуттук борборунун тестирлөөсүнүн жыйынтыктары 40%га төмөн | Окуучулардын сабакка жетишүүсүнө ички жана тышкы баалоолордун натыйжасында кээде талдоо жүргүзүлөт.<br>*Ички баалоо* жол-жоболору жүргүзүлөт, бирок анын жыйынтыгы боюнча талдоо жана сунуштар берилген эмес же толук түрдө берилген эмес.<br>*Тышкы* баалоо:<br>– жождорго тапшыруучу, мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн жалпы республикалык тестирлөөдөн өтүүдөгү жыйынтыктары жылдар боюнча (саны, орточо балл, минималдык жана максималдык баллдар, жылдар боюнча динамика);.<br>– «Алтын тамга» натыйжалары боюнча маалыматтар (талапкерлердин саны, тастыктагандардын %).<br>– Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Билим | Окуучулардын сабакка жетишүүсүнө ички жана тышкы баалоолорду пайдалануу менен дайыма талдоо жүргүзүлөт, жыйынтыктар талкууланат, талдоонун негизинде мугалимдерге жана окуучуларга сунуштар иштелип чыккан, окутуу процессине өзгөртүүлөр кийирилүүдө. *Ички баалоо* жол-жоболору окутуунун натыйжаларын талдоо үчүн дайыма пайдаланылат:<br>– мектептин ички мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыктары (билимдерди аралык текшерүү, аралык жана жыйынтыктоочу текшерүү иштери), аларды талдоо жана тыянактар;<br>– чейректердин же жылдын жыйынтыгы боюнча предметтердин, класстардын кесиндисинде сабакка жетишүүнү жана окутуунун сапатын талдоо; |

| № | Критерийлер | Шайкештик индикаторлору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Жооп бербейт | Толук жооп бербейт | Жооп берет |
| | | | берүүнү баалоо жана маалыматтык технологиялардын улуттук борборунун тестирлөөсүнүн жыйынтыктары (сабакка жетишүүнүн жана предметтер боюнча сапаттын %, орточо балл), анын ичинде аккредитациялоонун алкагында өткөрүлгөн тестирлөөнүн жыйынтыктары; Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Билим берүүнү баалоо жана маалыматтык технологиялардын улуттук борборунун тестирлөөсүнүн жыйынтыктары (орточо) жалпы билим берүүчү мектептер үчүн 40% төмөн эмес.<br>– гимназия жана лицейлер үчүн – олимпиадалардын, айрыкча профилдик предметтер боюнча жылдар боюнча жыйынтыктары | – экзамендердин (жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация) жыйынтыктарын талдоо<br>*Тышкы* баалоо:<br>– жождорго тапшыруучу, мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн Жалпы республикалык тестирлөөдөн өтүүдөгү жыйынтыктары жылдар боюнча (саны, орточо балл, минималдык жана максималдык баллдар, жылдар боюнча динамика) позитивдүү динамиканы көрсөтүп турат; – «Алтын тамга» натыйжалары боюнча маалыматтар (талапкерлердин саны, тастыктагандардын пайызы).<br>– Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Билим берүүнү баалоо жана маалыматтык технологиялардын улуттук борборунун тестирлөөсүнүн жыйынтыктары (сабакка жетишүүнүн жана предметтер боюнча сапаттын пайызы, орточо балл), анын ичинде |

| № | Критерийлер | Шайкештик индикаторлору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Жооп бербейт | Толук жооп бербейт | Жооп берет |
| | | | | аккредитациялоонун алкагында өткөрүлгөн тестирлөөнүн жыйынтыктары; Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Билим берүүнү баалоо жана маалыматтык технологиялардын улуттук борборунун тестирлөөсүнүн жыйынтыктары (орточо) 40% төмөн эмес.<br>– гимназия жана лицейлер үчүн – олимпиадалардын, айрыкча профилдик предметтер боюнча жылдар боюнча жыйынтыктары |
| ***в*** | окуу жүктөмүн, окугандардын жетишүүсүн жана бүтүрүп чыгышын; | Талдоо жок | Окуу жүктөмүн, окуучулардын сабакка жетишүүсүн жана окуучуларды бүтүрүүнү, жылдар боюнча талдоо берилген | Окуу жүктөмүн, окуучулардын сабакка жетишүүсүн жана окуучуларды бүтүрүүнү, жылдар боюнча талдоо берилген. Окуудан чыгаруунун жана мектептен кетүүнүн себептерин талдоо бар |
| ***г*** | баалоо жол-жоболорунун натыйжалуулугун; | Билим берүү уюму окутуунун натыйжалуулугун талдоо үчүн баалоонун бирдиктүү жол- | Билим берүү уюму окутуунун натыйжалуулугун талдоо үчүн баалоонун (ички жана тышкы) жол-жоболорун пайдаланат, бирок дайыма | Билим берүү уюму окутуунун натыйжалуулугун талдоо үчүн баалоонун (ички жана тышкы) жол-жоболорун дайыма жана |

| № | Критерийлер | Шайкештик индикаторлору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **Жооп бербейт** | **Толук жооп бербейт** | **Жооп берет** |
| | | жоболорун пайдаланат (мисалы, сабакка жетишүүнү жана окутуунун сапатын талдоо гана) | эмес | комплекстүү пайдаланат |
| *д* | билим берүү чөйрөсүнүн жана колдоо кызматтарынын, алардын билим берүү программасынын максаттарына шайкештигин. | Билим берүү чөйрөсүнө жана колдоо кызматтарына мониторинг жана баалоо жүргүзүлбөйт | Билим берүү уюму колдоо кызматтарынын ишмердүүлүгүн (медициналык, социалдык ж.б.) сүрөттөйт, билим берүү уюмунун чөйрөсүн (физикалык, психологиялык, маалыматтык ж.б.) аны жакшыртуу, өнүктүрүү максатында талдайт | Билим берүү уюму колдоо кызматтарынын ишмердүүлүгүнө (медициналык, социалдык ж.б.) мезгили менен ички мониторинг жүргүзөт, билим берүү уюмунун чөйрөсүн (физикалык, психологиялык, маалыматтык ж.б.) аны жакшыртуу, өнүктүрүү максатында талдайт: билим берүү чөйрөсүнүн көрсөткүчтөрүнүн, анын ичинде ден соолукка зыянсыз жана коопсуз чөйрөнүн көрсөткүчтөрүнүн тизмеси бар, анын жакшыртылышынын үстүндө иш жүргүзүлөт, жылдар боюнча (мисалы, компьютер/окуучу катышы окуучу/мугалим катышы; пандустардын жана жабдууланган дааратканалардын болушу ж.б.) көрсөткүчтөрдүн динамикасы каралат |

| № | Критерийлер | Шайкештик индикаторлору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Жооп бербейт | Толук жооп бербейт | Жооп берет |
| **2.5** | Билим берүү программасына мониторинг жүргүзүү жана мезгили менен баалоо үчүн жооптуу адамдардын болушу | Мониторинг жана баалоо жүргүзүү үчүн жооптуу адамдар аныкталган эмес | Мониторинг жана баалоо жүргүзүү үчүн жооптуу адамдар толук бекитилген эмес | Мониторинг жана баалоо жүргүзүү үчүн жооптуу адамдардын милдеттери аныкталган, алар тиешелүү локалдык актыларда бекитилген |
| **2.6** | Мониторингдин жана мезгили менен баалоонун натыйжаларын, билим берүү программасын жакшыртуу боюнча планды кызыкдар тараптарды тартуу менен талдоонун, талкуулоонун натыйжаларынын болушу | Акыркы жылдагы билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыктарына талдоо жүргүзүлгөн, кырдаалды жакшыртуу үчүн аларды талкуулоонун жана пайдалануунун далилдери жок | Окутуунун деңгээлдеринин жана предметтик тармактардын (сабакка жетишүүнүн динамикасы, кемчиликтер, кайсыл предметтик тармактарда, окутуу деңгээлдеринде) кесилишинде билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүүнүн маалыматтарына мезгили менен талдоо жүргүзүлөт, кызыкдар тараптар менен (окуучулар, мугалимдер, ата-энелер ж.б.) натыйжалар дайыма эле талкуулана бербейт. Билим берүү уюмундагы билим берүүнүн сапатын жакшыртуу үчүн талдоонун жана талкуулоонун натыйжасында кабыл алынган конкреттүү чаралардын далили жок | Билим берүү уюмунда окутуунун деңгээлдеринин жана предметтик тармактардын (сабакка жетишүүнүн динамикасы, кемчиликтер, кайсыл предметтик тармактарда, окутуу деңгээлдеринде) кесилишинде билим берүүнүн сапатына байкоо жүргүзүүнүн маалыматтарына мезгили менен талдоо жүргүзүлөт, кызыкдар тараптар менен (окуучулар, мугалимдер, ата-энелер ж.б.) натыйжалар талкууланат жана билим берүү уюмунун окутуу жана өнүктүрүү пландарын түзөтүү боюнча чечимдер кабыл алынат |
| **2.7** | Билим берүү программасын окуу-методикалык камсыздоонун билим | Талдоо жок | Акыркы жыл ичиндеги окуу-методикалык камсыздоонун | Окуу-методикалык камсыздоонун ылайык |

| № | Критерийлер | Шайкештик индикаторлору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **Жооп бербейт** | **Толук жооп бербейт** | **Жооп берет** |
| | берүүнүн максаттарына жана Мамлекеттик стандартка ылайык келүүсү | | ылайык келишине талдоо берилген | келишине талдоо жыл сайын өткөрүлөт, акыркы бир нече жыл ичинде оң динамика бар |
| | **3. КОМПЕТЕНТТҮҮ ОКУТУУ ЖАНА ОКУУЧУЛАРДЫН ЖЕТИШҮҮСҮН БААЛОО** | | | |
| | **Билим берүү уюму өзүнүн билим берүү программаларына компетенттүү окутуу процесстерин киргизүүсү зарыл. Билим берүү программаларын ишке ашыруучу методдор билим берүү процессин биргелешип ишке ашырууда активдүү иш-аракетке кызыктыруусу зарыл.** | | | |
| **3.1.** | Компетенттүү окутуунун негизинде пландалган максаттарынын болушу | Далилдер жок | Сабактардын максаттары педагогдор тарабынан, мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде, окуучулардын позициясынан коюлат | Сабактардын максаттары педагогдор тарабынан, мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде, окуучулардын позициясынан коюлат. Окуучулардын негизги компетенттүүлүктөрүнүн өнүгүшү, класстан тышкаркы ишмердүүлүктө да пландаштырылган (социалдык долбоорлор, мектептик өзүн-өзү башкаруу ж.б. аркылуу) |
| **3.2.** | Сабактарга жана сабакка даярданууда компетенттүүлүктү даярдоочу информациялык-коммуникативдик технологиялардын жана методдордун болушу | Сабакка даярдануу жана сабак өтүү үчүн активдүү колдонуучу деңгээлинде айрым гана мугалимдер компьютер менен иштей алышат. Мектепте | Мугалимдердин/окуучулардын үчтөн биринен кем эмеси компьютер менен иштей алышат, жана төмөнкүлөрдү пайдаланышат:<br>– компьютер жана интернетти сабакка даярданууда;<br>– проектор (сабактарда | Мугалимдердин/окуучулардын жарымынан кем эмеси компьютер менен иштей алышат, жана мезгили менен пайдаланышат:<br>– компьютер жана интернетти сабакка |

| № | Критерийлер | Шайкештик индикаторлору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **Жооп бербейт** | **Толук жооп бербейт** | **Жооп берет** |
| | | педагогдорду информациялык-коммуникативдик технологияларды пайдаланууга үйрөтүү үчүн же информациялык-коммуникативдик технологияларды сабакка даярданууда жана сабакта пайдалануу үчүн шарттар жок | презентация үчүн);<br>– интерактивдүү доскалар (тажрыйбаларды көрсөтүү, интерактивдүү сабактарды өтүү, тестирлөө ж.б. үчүн);– окуучуларга интернеттен маалыматтарды өз алдынча табуу, талдоо, иштетүүгө, презентацияларды даярдоого ж.б. тапшырмаларды берет. Мектепте окутуу жана педагогдор жана окуучулар тарабынан информациялык-коммуникативдик технологияларды пайдалануу үчүн шарттар түзүлгөн | даярданууда;<br>– проектор (сабактарда презентация үчүн);<br>– интерактивдүү доскалар (тажрыйбаларды көрсөтүү, интерактивдүү сабактарды өтүү, тестирлөө ж.б. үчүн);<br>– окуучуларга интернеттен маалыматтарды өз алдынча табуу, талдоо, иштетүүгө, презентацияларды даярдоого ж.б. тапшырмаларды берет. Мектепте окутуу жана педагогдор жана окуучулар тарабынан информациялык-коммуникативдик технологияларды пайдалануу үчүн шарттар түзүлгөн. Сабактарга даярданууда мугалимдердин пайдалануусу үчүн өзүнчө компьютер жана оргтехника бар |
| **3.3.** | Окуу жана тарбиялоо процесстерине социалдык долбоорлорду пайдалануу жана коомчулукту тартуу менен инновациялык технологияларды киргизүү | Мектепке инновациялык технологияларды киргизүүнүн үстүндө иш алып баруунун далилдери жок | Информациялык-коммуникативдик ресурстарды жакшыртуу ата-энелер коомчулугунун демилгеси менен да жүрөт. Акыркы бир нече жылдар аралыгында камсыздуулуктун жакшырышынын далилдери бар | Окуу-тарбия процессине инновациялык технологияларды кийирүү билим берүү уюмунун өнүгүү планындагы приоритеттүү максат болуп саналат. Билим берүү уюму коомчулук менен иштешет, социалдык долбоорлорду |

| № | Критерийлер | Шайкештик индикаторлору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Жооп бербейт | Толук жооп бербейт | Жооп берет |
| | | | | ишке ашырат, мектептик долбоорлорду каржылоо үчүн, анын ичинде окуу-тарбия процессине инновациялык технологияларды кийирүү үчүн, коомчулукту тартат |
| 3.4 | Педагогикалык методдорду, окутуунун формаларын жана технологияларын баалоо жана тууралоо үчүн окугандар менен аркы-терки байланыш механизминин болушу | Окуучулардан, кесиптештерден, ата-энелерден аркы-терки байланышты алуунун механизмдеринин бар экендигинин жана педагогдордун өзүн-өзү талдоосунун далили жок | Билим берүү уюмунда талдоо жүргүзүү менен өз ара сабактарга катышуу каралган, педагогдордун өзүн-өзү баалоосунун формалары пайдаланылат, бул учурда иш системалуу жана ырааттуу жүргүзүлбөйт | Билим берүү уюмунда окуучулардан, кесиптештерден аркы-терки байланышты алуу, сабактарды жана окутуунун натыйжаларын өздүк талдоо, педагогдор тарабынан иштин өздүк методдорун жана технологияларын түзөтүү максатында өзүн-өзү баалоо процесси уюштурулган жана сүрөттөлгөн |
| 3.5. | Окуучуларга билим берүүнүн жетишилген натыйжаларын туура жана ачык-айкын баалоону камсыздоочу бекитилген эрежелердин жана жол-жоболордун болушу | Окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоонун жол-жоболору жана инструменттери бекитилген эмес жана баалоонун ченемдеринин жана критерийлеринин пайдаланылышынын далили жок | Окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоонун жол-жоболору жана инструменттери, баалоонун ченемдери жана критерийлери бекитилген эмес, пайдаланылат/ бекитилгени менен, алардын пайдаланылышынын далили жок | Окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоонун жол-жоболору жана инструменттери, баалоонун ченемдери жана критерийлери (мисалы, жазуу иштери, окуу көндүмдөрү, долбоорлор ж.б.) бекитилген жана пайдаланылат |

| № | Критерийлер | Шайкештик индикаторлору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **Жооп бербейт** | **Толук жооп бербейт** | **Жооп берет** |
| **3.6.** | Баалоонун натыйжасына апелляция жол-жобосунун болушу | Жол-жоболор жок / көрсөтмөлөр жок | – | Жол-жоболор бар, өзүн-өзү баалоодо көрсөтүлгөн |
| **3.7.** | Окуучулардын чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүнү жана ишке ашырууну камсыздоо үчүн тийиштүү механизмдердин жана чөйрөнүн болушу:<br>– окуучулардын райондук, облустук, шаардык, республикалык жана эл аралык олимпиадаларга катышуусу;<br>– окуучулардын ар кандай конкурстук иш-чараларга катышуусу;<br>– ар кандай спорттук мелдештерге катышуу. | Окуучулардын сабактан тышкаркы ишмердиги боюнча маалыматтар жок | Билим берүү уюмунда мектептин шартына жараша, окуучулардын чакан санын камтыган кружоктор же спорттук секциялар бар | Билим берүү уюмунда окуучулардын чыгармачыл, спорттук, академиялык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү үчүн шарттар түзүлгөн ар кандай курактагы жана социалдык топтогу балдарды камтыган кружоктор, кошумча академиялык сабактар, спорттук секциялар бар |
| **3.8.** | Окуучуларды колдонулуучу эрежелер, окуунун натыйжасын баалоо (экзамен, зачет, тестирлөө) жол-жоболору жана баалоонун натыйжалары менен тааныштыруу системасынын болушу | Жок / көрсөтүлгөн эмес | – | Окуучуларга маалымдоонун жол-жоболору көрсөтүлгөн |
| **3.9.** | Окуучуларды иргөөнүн себептерине, алардын бекемделүүсү жана алардын жетишүүсүн арттыруу боюнча көрүлгөн чараларга талдоонун болушу | Окуучуларды окуудан чыгаруу боюнча маалыматтар жок | Мектепке келбеген балдар, окуучулардын жылуулары боюнча маалыматтар, себептерин талдоо (акыркы 5 жыл үчүн) бар | Мектепке келбеген балдар, окуучулардын жылуулары боюнча маалыматтар, мектептен чыгарылышынын себептерин талдоо (акыркы 5 жыл үчүн) бар жана тиешелүү чаралар көрүлөт |
| **3.10** | Окуу процессине катышкандардын тартип бузууларына чара көрүүнүн иштелип чыккан жана бекитилген жол-жоболорунун болушу | Жок / көрсөтүлгөн эмес | – | Жол-жоболор иштелип чыккан жана алар аракетте. |

| № | Критерийлер | Шайкештик индикаторлору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **Жооп бербейт** | **Толук жооп бербейт** | **Жооп берет** |
| **3.11** | Окуучулар менен тарбиялык иш боюнча бекитилген пландардын жана аларды ишке ашыруунун натыйжаларынын болушу | Тарбия иштери боюнча бир жылдык план бекитилген. Билим берүү уюмундагы тарбия иштеринин жүргүзүлүшү жана алардын натыйжалары тууралуу маалыматтар жок | Тарбия иштери боюнча бир жылдык план бекитилген. Тарбия иштеринин натыйжаларын талдоо сунушталган | Тарбия иштери боюнча жылдык план бекитилген. Билим берүү уюмундагы тарбия иштеринин натыйжалуулугун көрсөтүүчү, негизги (приоритеттүү) багыттар боюнча өткөн жылдардагы тарбия иштеринин жыйынтыктарын талдоо берилген |
| **3.12** | Окуучулардын, ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) жана кызыкдар тараптардын кайрылууларына, арыздарына жана даттанууларына чара көрүүнүн иштеп чыгарылган жана колдонууга киргизилген жол-жоболорунун болушу | Жол-жоболор же маалыматтар жок | – | Жол-жоболор иштелип чыккан жана алар учурда иштеп келет |
| **4. ОКУУЧУЛАРДЫ КАБЫЛ АЛУУ, БИЛИМ БЕРҮҮНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫН ТААНУУ ЖАНА ОКУУЧУЛАРДЫ БҮТҮРҮҮ** | | | | |
| **Билим берүү уюмунда окуучуларды кабыл алууну, билим берүүнүн натыйжаларын таанууну жана бүтүрүп чыгарууну жөнгө салуучу ачык-айкын, бекитилген, ырааттуу колдонулган эрежелер болууга тийиш.** | | | | |
| **4.1** | Окуучуларды билим берүү уюмуна кабыл алуунун бекитилген эрежесинин болушу | Маалыматтар жок | _ | Кабыл алуунун эрежелери билим берүү уюмунун Уставында, билим берүү уюмунун ички актыларында чагылдырылган, кабыл алуунун жалпы эрежелерине ылайык келет |

| № | Критерийлер | Шайкештик индикаторлору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Жооп бербейт | Толук жооп бербейт | Жооп берет |
| **4.2** | Билим берүү уюму мурдагы окуган мезгилдеги алган билимди туура таануусун камсыздоо үчүн бекитилген эрежелер менен жол-жоболордун болушу | Маалыматтар жок/ жол-жоболор жок | _ | Эрежелер жана жол-жоболор билим берүү уюмунун тиешелүү ички актыларында чагылдырылган, мурунку алган билимин таанууну камсыз кылат |
| **4.3** | Билим берүү уюму окутуу курсун бүтүргөн жана окутуунун күтүлгөн натыйжасына жетишкен бүтүрүүчүлөрдү билими жөнүндө күбөлүк менен камсыздоосу | Маалыматтар жок | _ | Билим берүү уюму окутуунун тепкичин аяктаган бүтүрүүчүлөрүн тиешелүү документтер менен камсыз кылган, тиешелүү отчёттуулук жана статистика бар |
| **5. КАДРЛЫК САЯСАТ, ПЕДАГОГИКАЛЫК ЖАНА ОКУТУУЧУ-КӨМӨКЧҮ КУРАМ** | | | | |
| **Педагогдук иште керектүү билими жана тийиштүү педагогдук квалификациясы бар адамдар иштей алышат.** | | | | |
| **5.1** | Педагогикалык жана окуутуучу-көмөкчү курамды жумушка кабыл алуунун объективдүү критерийлерин камсыздоочу механизмдердин жана жол-жоболордун болушу | Маалыматтар жок | - | Жумушка кабыл алуу жол-жоболору эмгек мыйзамына каршы келбейт, эмгекти коргоо, иш күнүн ченемдештирүү, кызматкерлерди социалдык коргоо боюнча ченемдер сакталган, кызматкерлер тарабынан дооматтар жок |
| **5.2.** | Педагогикалык жана окуутуучу-көмөкчү курамдын толук комплектилениши, квалификациясы, билими жана тажрыйбасы билим берүүнүн максаттарына жетүүгө ылайык болушу | Педагогикалык жана окутуучу-көмөкчү курам ири даражада комплектиленген эмес / маалыматтар жок | Педагогикалык жана окутуучу-көмөкчү курам квалификациялык талаптарга ылайык комплектиленген, а бирок адистер жетишпейт | Педагогикалык жана окутуучу-көмөкчү курам квалификациялык талаптарга ылайык толугу менен комплектиленген |

| № | Критерийлер | Шайкештик индикаторлору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **Жооп бербейт** | **Толук жооп бербейт** | **Жооп берет** |
| **5.3.** | Педагогикалык жана окуутуучу-көмөкчү курамдын квалификациясын жогорулатуунун туруктуу иштеген системасынын болушу | Өткөн академиялык жылда билим берүү уюмунан тышкарыда өзүнүн квалификациясын мугалимдердин 10%дан азыраагы, же беш жылда 50% дан азыраагы жогорулаткан. Мектептин деңгээлинде (стратегиялык пландын бөлүгү катары) кесиптик өнүгүүнүн пландары жок | Педагогдорду кесиптик өстүрүүнүн салттуу системасы иштейт:<br>– жыл сайын педагогдордун 20% кем эмеси (беш жылда – 100%) өзүнүн квалификациясын курстарда, семинарларда/ тренингдерде, анын ичинде дистанттык, билим берүү уюмунан тышкары да жогорулатышат;<br>– методикалык бирикмелер натыйжалуу иш алып барышат;<br>– устатчылык системасы бекитилген жана иш жүзүндө аткарылып келет;<br>– устаттар, методикалык бирикмелердин жетекчилери жана активдүү педагогдор шыктандыруу фондунан же эмгектик катышуу коэффициентинин эсебинен сыйланышат | Педагогдорду үзгүлтүксүз кесиптик өстүрүү системасы бекитилген жана иш жүзүнө ашырылып келет:<br>– окутуудагы керек төөлөрдү жыл сайын баалоо жүргүзүлөт;<br>– талдоонун негизинде мектеп үчүн кесиптик өсүү боюнча пландар түзүлөт (билим берүү уюмунун стратегиялык жана жылдык планынын бөлүгү катары);<br>– педагогдор кесиптик өсүүнүн өздүк жеке пландарын иштеп чыгышат;<br>– жыл сайын педагогдордун 20% кем эмеси (беш жылда – 100%) өзүнүн квалификациясын курстарда, семинарларда/ тренингдерде, анын ичинде дистанттык, билим берүү уюмунан тышкары да жогорулатышат;<br>– методикалык бирикмелер натыйжалуу иш алып барышат;<br>– устатчылык системасы бекитилген жана иш |

| № | Критерийлер | Шайкештик индикаторлору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Жооп бербейт | Толук жооп бербейт | Жооп берет |
| | | | | жүзүндө аткарылып келет; – устаттар, методикалык бирикмелердин жетекчилери жана активдүү педагогдор шыктандыруу фондунан же эмгектик катышуу коэффициентинин эсебинен сыйланышат |
| **6. МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗА ЖАНА МААЛЫМАТ РЕСУРСТАРЫ** | | | | |
| **Билим берүү уюму жетиштүү, жеткиликтүү жана билим берүү максаттарына ылайыктуу материалдык-техникалык база жана маалыматтык ресурстар болушун кепилдөөсү зарыл.** | | | | |
| **6.1** | Педагогикалык жана окуутуучу-көмөкчү курамга, окуучуларга, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга окутуунун күтүлгөн (пландалган) натыйжасына жетишүүсү үчүн жеткиликтүү болгон материалдык ресурстардын (китепкана фонддору, компьютердик класстар, тармактык ресурстар, окуу куралдары, техника жана башка ресурстар) болушу | Материалдык ресурстар жетишсиз/ маалыматтар жок | Материалдык ресурстар жетишсиз, бирок акыркы жылдары жагымдуу оң динамика бар | Педагогикалык жана окутуучу-көмөкчү курамга жана окуучуларга, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жеткиликтүү жана, билим берүү уюмунун көз карашы боюнча, сапаттуу билим берүү процессин камсыз кылуу үчүн жетиштүү сандагы материалдык ресурстар (китепканалык фонд, компьютердик класстар, түйүндүк ресурстар, окуу жабдуулары жана техника, башка ресурстар) |

| № | Критерийлер | Шайкештик индикаторлору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Жооп бербейт | Толук жооп бербейт | Жооп берет |
| **6.2** | Билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн санитардык-гигиеналык ченемдер менен эрежелердин, өрт коопсуздугунун, эмгекти коргоонун жана коопсуздук ыкмаларынын талаптарына ылайык келген окуу имараттарынын жана бөлмө-жайларынын болушу | Шайкештик жок / маалыматтар жок | Окуу-материалдык базанын талаптарга жарым-жартылай шайкеш келиши (жабдылгандык жана жайлуулук) | Окуу-материалдык базанын талаптарга шайкеш келиши (жабдылгандык жана жайлуулук) |
| **6.3** | Окугандардын окуусу, жашоосу жана эс алуусу үчүн керектүү шарттары бар жатаканалардын (интернаттарда) болушу | Шарттар жок | Жатаканалардагы орундардын саны, жайгашкан орду, аянты, жашоо шарттары, санитардык, техникалык абалы жалпы талаптарга дал келет | Жатаканалардагы орундардын саны, жайгашкан орду, аянты, жашоо шарттары, санитардык, техникалык абалы жалпы талаптарга жана жашоочулардын керектөөлөрүнө дал келет. Жатаканада жашоо шарттарын жакшыртуу боюнча өнүгүү бар |
| **6.4** | Окуу залдарында жана китепканаларда иштөө үчүн тиешелүү шарттардын болушу | Китепкананын окуу жана көркөм адабияттар фонду жаңыланбайт, окуу залдарында иштөө үчүн шарттар жок, балдар үчүн мезгилдик басылмаларга жазылуу жок | Китепкананын окуу жана көркөм адабияттар фонду дайыма жаңыланып жана көбөйтүлүп турат, демөөрчүлөрдүн каражаттарынын эсебинен да. Окуу залдарында отуруу орундары бар, балдар үчүн мезгилдик басылмаларга жазылуу каралган | Китепкананын окуу жана көркөм адабият фонду дайыма жаңыланып жана көбөйтүлүп турат, демөөрчүлөрдүн каражаттарынын эсебинен да. Балдар жана мугалимдер үчүн мезгилдик басылмаларга жазылуу каралган, окуу залында отуруу орундары, электрондук китепкана, |

| № | Критерийлер | Шайкештик индикаторлору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **Жооп бербейт** | **Толук жооп бербейт** | **Жооп берет** |
| | | | | компьютер жана китепканада интернет бар. Окуучулар дайыма китепкана фонддорун пайдаланышат (беш жыл аралыгында жазылгандардын саны өскөн) |
| **6.5** | Тамактануу үчүн тиешелүү шарттардын (ашкана же буфет), ошондой эле билим берүү уюмунун медпункттарында медициналык тейлөө үчүн тиешелүү шарттардын болушу | Ашкана жана медпункт жок/ маалыматтар жок | Билим берүү уюмунда ашкана, тамактануу үчүн шарттар бар | Билим берүү уюмунда ашкана, тамактануу үчүн шарттар бар, сырьёнун, даяр продукциянын, таңгактоочу материалдардын сапатын жана коопсуздугун тастыктоочу документтер бар. Медициналык пунктта медициналык тейлөө көрсөтүлөт |
| **6.6** | Окуучуларды шыктандыруу жана окуунун натыйжасына жетишүүсүнө түрткү берүү үчүн тиешелүү адам ресурстарынын (мугалимдер, класс жетекчилер, жатаканадагы тарбиячылар, медициналык кызматкерлер, психологдор, логопеддер, социалдык педагогдор) болушу | Билим берүү уюму кадрлар менен толук камсыз болгон эмес, маалыматтар кадрлардын келип-кетишинин жогорулашын жана жаш адистердин келишинин жоктугун көрсөтүп турат | Билим берүү уюму талаптарга ылайык адам ресурстары менен камсыз болгон. Жаш кадрлардын келиши байкалбайт | Билим берүү уюму талаптарга ылайык адам ресурстары менен камсыз болгон. 30 жашка чейинки жаш кадрлар курамдын 25% түзөт. Акыркы беш жылдагы кадрлар боюнча маалыматтар жаш кадрлардын санынын өсүшүн көрсөтөт |
| **6.7** | Билим берүү уюмунун материалдык-техникалык базасын жана информациялык ресурстарын топтоо | Талдоо жүргүзүлбөйт/ маалыматтар жок | Билим берүү уюму учурдагы мезгилге карата билим берүү уюмунун материалдык- | Билим берүү уюму жыл сайын учурдагы мезгилге карата билим берүү |

| № | Критерийлер | Шайкештик индикаторлору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Жооп бербейт | Толук жооп бербейт | Жооп берет |
| | жана баалоо, талдоо жана жакшыртуу үчүн механизмдин болушу | | техникалык базасынын жана маалыматтык ресурстарынын окутуу программасына шайкештигине талдоо жүргүзөт. Маалыматтык ресурстар менен камсыз болууда оң динамика жана материалдык-техникалык базаны жакшыртуу бар | уюмунун материалдык-техникалык базасынын жана маалыматтык ресурстарынын окутуу программасына шайкештигине талдоо, чөйрөнүн коопсуздугун баалоону жүргүзөт. Маалыматтык ресурстар менен камсыз болууда оң динамика жана материалдык-техникалык базаны жакшыртуу бар |
| **7. МААЛЫМАТТЫ БАШКАРУУ ЖАНА АНЫ КООМЧУЛУККА ЖЕТКИРҮҮ** | | | | |
| **Билим берүү уюму билим берүү программалар жана өзүнүн иши тууралуу так, калыс, туура жана жеткиликтүү сандагы сапаттуу маалыматты дайыма жарыялап турууга тийиш.** | | | | |
